КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА, ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК ЖАНА ЖАЗЫК-АТКАРУУ МЫЙЗАМДАРЫНЫН НОВЕЛЛАЛАРЫ

ОКУУ КИТЕБИ

1-Бөлүк

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КЫЛМЫШ-ЖАЗА, ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК ЖАНА ЖАЗЫК-АТКАРУУ МЫЙЗАМДАРЫНЫН НОВЕЛЛАЛАРЫ

ОКУУ КИТЕБИ

1-БӨЛҮК

БИШКЕК
2018

УДК 343
ББК 67.99 (2Ku) 93
Н 72

Кыргыз Республикасынын Жазык, жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдарынын новеллалары: окуу китеби: 1-б. - Б.: 2018. - 212 б.

ISBN 978-9967-9070-3-4

Авторлор:
Жазык-укуктук блогу:
- Сыдыкова Л. Ч. – ю.и.д., профессор
- Сулайманова Н. Н. – ю.и.д., профессор
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

Жазык-процесстик блогу:
- Сманалиев К. М. – ю.и.д., профессор
- Кулбаев А. К. – ю.и.к.
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

Жазык-аткаруу блогу:
- Сапарбаев Б. К. – БУУ БКБнын эксперти
- Асаналиев А. – БУУ БКБнын эксперти
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант

Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам:
- Сейдалиева М. Э. – 1-класстагы юстиция кеңешчиси
- Бахаутдинов М. М. – адвокат
- Калыбаева А. А. – ю.и.к.
- Котик Н. М. – адвокат
- Османова А. М. – адвокат
- Качикеева Б. Ж. – эксперт, тренер – консультант
- Ашуралиева Т. М. – эксперт

Орус тилинен кыргыз тилине которгондор:
- 1-6 модуль - Калыева О.А,
- 7-12 модуль - Биялиев К.А.

Жазык, жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдарынын новеллалары боюнча окуу китеби Кыргыз Республикасында өткөрүлгөн соттук-укуктук реформанын жана «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча пландын алкагында даярдалган, сотторду, прокуроролорду, укук коргоо органдарынын жана башка мамлекеттик органдардын кызматкерлерин, адвокаттарды даярдоо үчүн, ошондой эле юриспруденция багыты боюнча окуу жайларына сунушталат.

Бул окуу китеби «Сорос-Кыргызстан» Фондунун колдоосунда «Кыргыз Республикасында соттук-укуктук реформаларды алга жылдырууга жана туруктуулугуна көмөктөшүү» долбоорунун алкагында жарык көрдү.

Н 1203021300-18
ISBN 978-9967-9070-3-4

УДК 343
ББК ББК 67.99 (2Ku) 93

Бул окуу китеби Кыргыз Республикасында (2011 – 2018-жж.) өткөрүлгөн соттук-укуктук реформанын алкагында жазык-укуктук мыйзамдардын пакетин иштеп чыгуу боюнча көп жылдык иштин жыйынтыгы болуп саналат. Колдонуудагы мыйзамдарды ревизиялоо жана жаңы мыйзамдарды иштеп чыгуу үчүн жогорку квалификациялуу улуттук жана эл аралык юристтерди, КР Президенинин Аппаратынын, КР Парламентинин, КР Премьер-министринин Аппаратынын, КР Юстиция министрлигинин, КР Башкы Прокуратурасынын, КР ИИМинин, коопсуздук органдарынын кызматкерлерин, бейөкмөт секторлорду жана башкаларды тартуу менен жумушчу топ түзүлүп, чымырканган иштин натыйжасында кайра иштедик жана мыйзамдарды түп-тамырынан жакшыртууга жетиштик. Натыйжада 17 кодекс жана мыйзам, анын ичинде жаңы КР Жазык кодекси, КР Жоруктар жөнүндө кодекси, КР Бузуулар жөнүндө кодекси, КР Жазык-процесстик кодекси, КР Жазык-аткаруу кодекси, Пробация жөнүндө Мыйзамы, «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Мыйзам иштелип, талкууланып, 2016 – 2017-жж. кабыл алынды. Жаңы мыйзамдар прогрессивдүүлүгү, реалдуу гумандаштырууга, декриминализациялоого жана депенализациялоого багыт алгандыгы менен айырмаланат, бул өзгөчө 2019-жылдын январынан күчүнө кире турган жазык-укуктук блокто абдан ачык көрсөтүлгөн. Жазык-процесстик жана жазык-аткаруу мыйзамдары адам укуктарын коргоону эске алуу менен түзүлгөн жана аларды камсыз кылуунун реалдуу механизмдерин караштырат.

Соттук-укуктук реформанын кийинки кадамы, бул мыйзамдардын канчалык ишке ашырылышына, бардык соттук, укуктук, укук коргоо системалары реформага даяр болушуна, окутулганына жана кабыл алынган мыйзамдардын кабыл алынышына жараша болот.

Реформанын ийгилиги жана натыйжалуулугу жаңы мыйзамдарда камтылган концептуалдык негиздерди сактоодо, аларды жайылтуунун синхронизациясында жана ырааттуулугунда гана мүмкүн. КР Өкмөтү тарабынан донор мамлекеттердин көмөгү менен 2017 – 2018-жж. КР Жогорку сотунун жетектөөчү курамы, КР ЖСнын Конституциялык палатасынын соттору, КР Башкы прокуратурасы, КР ИИМи, КР УКМКсы, КР ЭККМКсы, КР ЖАМКсы, КР Адвокатурасы үчүн жаңы кабыл алынган кодекстер боюнча маалыматтык семинарлардын сериялары уюштурулуп, 13 тренинг өткөрүлдү, анда сунушталган иштелип чыккан модулдар апробацияланды жана жакшыртылды, кийин өздөрүнүн түзүмдүк бөлүмдөрүнө окутуу өткөрүү үчүн 40 тренер даярдалды.

Бул окуу китеби ушул тренингдердин негизинде даярдалды жана өзүнө жазык, жазык-процесстик, жазык-аткаруу мыйзамдарынын бардык новеллалары боюнча 12 окуу модулдарын камтыйт.

Окуу китеби реформаторлордун жаңы муунунун ишине маанилүү жардам болуп, ар түрдүү максаттуу топторго маалыматты сылык жана структуралап берүүгө мүмкүндүк берет.
Соттук-укуктук реформаны ишке ашырууда, тренерлер үчүн тренингдерди өткөрүүдө, модулдарды иштеп чыгууда, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр: «Сорос-Кыргызстан» Фонду, ООНдун Өнүктүрүү программасы, БУУнун БКБсы, ЭККУ олуттуу салым кошушту. Бул окуу китеби өнөктөштөрдүн бири – «Сорос-Кыргызстан» Фондунун көмөгү менен даярдалды жана басып чыгарылды.

25 жыл-years-лет soros.kg
ОБЪЕДИНЕННЫЕ НАЦИИ ПРАВА ЧЕЛОВЕКА УПРАВЛЕНИЕ ВЕРХОВНОГО КОМИССАРА
UNDP Полноправные люди. Устойчивые страны.
UNODC Управление Организации Объединенных Наций по наркотикам и преступности Программный офис в Кыргызской Республике
ОБСЕ Организация по безопасности и сотрудничеству в Европе Программный офис в Бишкеке

МАЗМУНУ

1-МОДУЛЬ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН СОТТУК-УКУКТУК РЕФОРМАНЫН АЛКАГЫНДА ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫН РЕФОРМАЛООНУН КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ

1.1. Тренердик торчо.....5

2-МОДУЛЬ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮЛӨРДҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ

1.1. Тренердик торчо..... 59

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар..... 69

1.3. Тренерелер үчүн материалдар..... 93

3-МОДУЛЬ. ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ: ТҮШҮНҮК, КӨЗӨМӨЛДҮК ТАЛАПТАР, УКУКТУК ЗАЛАЛДАР, ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ТАРТИБИ, ЖАЗЫКТА ПРОБАЦИЯ ИНСТИТУТУН ИШКЕ АШЫРУУ

1.1. Тренердик торчо..... 99

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар..... 107

1.3. Тренерелер үчүн материалдар..... 159

4-МОДУЛЬ. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫ БОЮНЧА ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДОО ИНСТИТУТУ

1.1. Тренердик торчо..... 173

1.2. Катышуучулар үчүн таратылуучу материалдар..... 183

1.3. Тренерелер үчүн материалдар..... 201

1 - МОДУЛЬ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН СОТТУК-УКУКТУК РЕФОРМАНЫН АЛКАГЫНДА ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫН РЕФОРМАЛООНУН КОНЦЕПТУАЛДЫК НЕГИЗДЕРИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ӨТКӨРҮЛГӨН СОТТУК-УКУКТУК РЕФОРМАЛООНУН АЛКАГЫНДА ЖАҢЫ КОДЕКСТЕРДИН ЖАНА МЫЙЗАМДАРДЫН БЕТАЧАРЫ

Датасы: _____

Орду:_____

Программа

09:00 – 09:20	Каттоо / Эртең мененки кофе
09:20 – 09:30	Куттуктоо
09:30 – 11:00	Жазык мыйзамын реформалоонун концептуалдык негиздери. Кыргыз Республикасынын жаңы Жазык кодекси. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
11.00 – 11:30	КР Жоруктар жөнүндө кодекси: жоруктар жөнүндө түшүнүк, жоруктарды системага салуу, жоруктар үчүн жазалоо, жоруктар үчүн айыптоонун укуктук натыйжалары. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
11:30 – 12:00	КР Бузуулар жөнүндө кодекси: бузуулар жөнүндө түшүнүк, бузууларды системага салуу, бузуулар үчүн жаза. Жаңы жол-жоболор. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
12:00 – 12:30	Суроолор/жооптор
12:30 – 13:30	**Түштөнүү**
13:30 – 14:30	Соттук-укуктук реформалоо көз карашынан жаңы ЖПКнын өбөлгөлөрү жана өзгөрүүлөрү. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
14:30 – 15:30	Жаңы КР ЖПКнын негизги өзгөрүүлөрү (сотко чейинки өндүрүш). *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
15:30 – 16:00	Жазык-аткаруу кодекси (Концепциялар жана жаңылык киргизүүлөр). *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
16:00 – 16:30	Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам мыйзамы (Концепциялар жана жаңылык киргизүүлөр). *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
16:30 – 17:00	Жалпы талкуу /Аяктоо/ жыйынтык чыгаруу.

ӨЛКӨНҮН ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫН РЕФОРМАЛОО: КОНЦЕПЦИЯЛАР ЖАНА ЖАҢЫЛЫКТАР

Сыдыкова Л. Ч.

ПЛАН:

1. Кыргызстанда реформалоонун натыйжасы боюнча жазык чөйрөсүндө (кылмыш, жазык жоругу, бузуулар) укук бузууларды чектөө
2. Жаңы Жазык кодексиндеги өз алдынча мыйзамдык новеллалар

МЫЙЗАМДЫН ЖАҢЫЧЫЛДЫК ЖАНА РЕФОРМАЛОО ШАРТТАРЫ

- **Биринчиден,** жазык-укуктук жөнгө салуу чөйрөсүндө таптакыр жаңы мамилелер иштелип чыккан.
- **Экинчиден,** жазык укугунун бир катар негизги институттарын аныктоого жаңы теориялык-методологиялык жана концептуалдык мамилелер биринчи жолу иштелип чыкты.
- **Үчүнчүдөн,** өзүнүн мазмуну жана концептуалдык мамилелери боюнча жеткиликтүү прогрессивдүү жаңы мыйзам актыларын кабыл алуу үчүн ылайыктуу жагдай түзүлдү.
- **Төртүнчүдөн,** жаңы Жазык кодексинин беренелеринин санкцияларын реформалоо жүргүзүлдү.

ЖАҢЫ КОДЕКСТЕРДИН ЖАНА МЫЙЗАМДАРДЫН ШАТЫЧАСЫ

- ***Жазык кодекси***
- ***Жоруктар жөнүндө кодекс***
- ***Бузуулар жөнүндө кодекс***
- ***Кыргыз Республикасынын "Административдик жол-жоболор жөнүндө" мыйзамы жана Административдик-процесстик кодекс***

КӨЙГӨЙЛӨР

- **Биринчи көйгөй,** кандай кылмыштар жоруктар категориясына киргизилиши керек?
- **Экинчи көйгөй,** бир Жазык кодекси керек беле, же алар экөө болушу керекпи? Башкача айтканда, кеп өз алдынча мыйзам актысы катары Жоруктар жөнүндө кодекс тууралуу болууда.
- **Үчүнчү көйгөй,** кылмыш менен жорукту бири-биринен кантип айырмалоого болот?

18-БЕРЕНЕ. КЫЛМЫШ ТҮШҮНҮГҮ

1. Кылмыш катары жазык мыйзамдарында каралган коркунучтуу, айыптуу жана жазалуу жосундар (аракеттүү же аракетсиз) саналат.
2. Ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүндө каралган формалдуу жана жосундун белгисине жаткан, бирок **аз маанилүүлүк күчүнөн коомдук коркунучту көрсөтпөгөн** аракеттер жана аракетсиздиктер кылмыш болуп саналышпайт.

15-БЕРЕНЕ. ЖОСУН ТҮШҮНҮГҮ

1. Жорук катары субъект тарабынан жасалган инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун түзгөн, укукка каршы жосундар (аракеттүү же аракетсиз), айыптуу жоруктар, ал үчүн ушул Кодексте каралган жаза таанылат.
2. Ушул Кодекске ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин түшүнүгүндө оор же олуттуу болуп саналбаган, зыян келтирген атайы же этиятсыз жосундар, ошондой эле олуттуу зыян келтирүүгө коркунуч туудурган атайы жоруктар укукка каршы катары таанылат.

КР ЖКДА ЗЫЯН ТҮШҮНҮГҮ

1. **ОЛУТТУУ ЗЫЯН** – алар ушул Кодексте каралган, кылмыш курамынын белгиси катары көрсөтүлбөгөн учурларда, төмөнкү кесепеттер:

- эки же андан көп адамдардын ден соолугуна анча оор эмес зыян келтирүү;
- адамдын жана жарандын конституциялык укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулушу;
- айлана-чөйрөнү олуттуу кирдетүү, ууктуруу же булгоо;
- олуттуу материалдык (мүлктүк) залал келтирүү;
- мамлекеттик органдын, ишкананын, мекеменин же уюмдун, менчик формасына карабастан, нормалдуу ишинин узак бузулушу;
- мамлекеттик коопсуздуктуктун бүлдүрүлүшү;
- эгерде алар мыйзамдарда оор же өзгөчө оор зыян катары көрсөтүлбөсө, келтирилген зыяндын олуттуулугу жөнүндө ачык күбөлөндүрүүчү башка кесепеттер

УЛАНДЫСЫ

2. алар ушул Кодексте каралган кылмыштардын курамынын белгилери катары көрсөтүлбөгөн учурларда, **ТӨМӨНКҮ КЕСЕПЕТТЕР – ООР ЗЫЯН:**

- бир адамдын ден соолугуна оор зыян келтирүү эки же андан көп адамдардын ден соолугуна зыян келтиргенге барабар болсо, анын ичинде жуктуруу, нурлантуу же ууктуруунун (эпидемия) натыйжасында массалык оору;
- адамда иммундук жетишсиздик вирусун , же башка айыкпас жугуштуу ооруларды адамга жуктуруу;
- адамдын эркиндигинен узакка (отуз күндөн ашыгыраак) мыйзамсыз ажыратуу;
- технотектүү катастрофанын, экологиялык кырсыктын же өзгөчө экологиялык кырдаалдын болушу;
- ири жана өзгөчө ири залал келтирүү, анын ичинде эпизоотиянын, жаныбарлардын же өсүмдүктөрдүн массалык өлүмүнүн натыйжасында;
- аскердик милдеттерди аткаруунун үзгүлтүккө учурашы.

Оор зыянга өзгөчө оор зыян дагы кирет (ушул эскертүүнүн 3-пунктун кара).

УЛАНДЫСЫ

3. **ӨЗГӨЧӨ ООР ЗЫЯН** – адамдын өлүмү, анын ичинде жабырлануучунун өзүн өзү өлтүрүүсүнүн натыйжасында болгон өлүм, ал эки же андан көп адамдын өлүмүнө барабар.

ЖАЗАЛАРДЫН ГРАДАЦИЯЛАРЫ

- Коомдук иштер - 4 категориялар (65-б.)
- Белгилүү кызмат ордун ээлөө же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу - 4-категориялар (66-б.)
- Түзөтүү иштери - 4-категориялар (67-б.)
- Жаза пул - 6 категориялар (68-б.)
- Белгилүү мөөнөткө эркинен ажыратуу - 6 категориялар (70-б.)

ЖАЗАГА ДАЛ КЕЛҮҮ ТАБЛИЦАСЫ

Градацияны өзгөртүү жазага ылайык белгиленген системаны өзгөртүүгө алып келет.

Жазага дал келүү системасынын Таблицасын эсепке алуу менен гана санкцияларды түзүүгө болот.

Бул Таблица каралып жаткан мыйзам долбооруна тиркеме түрүндө курамдын бөлүгү боло алат.

62-БЕРЕНЕ. ЖАЗЫК КУУГУНТУГУНУН ЭСКИРГЕН МӨӨНӨТҮ ӨТКӨНДҮГҮНӨ БАЙЛАНЫШТУУ ЖАЗЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИНЕН БОШОТУУ

1. Эгерде ал кылмыш жасаган күндөн тартып жана өкүм чыгарылган күнгө чейин мыйзамдын күчүндө төмөнкү мөөнөттөр бүткөн болсо, адам сот тарабынан жазык жоопкерчилигинен бошотулат:

1) үч жыл – анча оор эмес кылмыш жасаган учурда;

2) жети жыл – оор кылмыш жасаган учурда;

3) он жыл – өзгөчө оор кылмыш жасаган учурда, ошондой эле, эгерде уюшкан топтун, кылмыштуу уюмдун курамында кылмыш жасаган болсо.

16-БАП. ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮНҮН БАШКА МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ (КООПСУЗДУК ЧАРАЛАРЫ)

- Мүлкүн конфискациялоо (96-98-беренелер);
- Жасалган кылмыш үчүн материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтуруу (99-б.);
- Чыгарып жиберүү (100-б.).

КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭРКИНДИГИНЕН АЖЫРАТУУЧУ ЖЕРЛЕРИНДЕГИ СОТТОЛГОНДОРДУН САНЫ:

1991-жыл	-	8,4 миң.
1996-жыл	-	16,2
1998-жыл	-	21,2
2003-жыл	-	16,8
2008-жыл	-	11,4
2010-жыл	-	9,9
2012-жыл	-	9,8
2013-жыл	-	10
2014-жыл	-	10

ПРОБАЦИЯНЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ПРАКТИКАСЫНА ЖАЙЫЛТУУ КОНЦЕПЦИЯСЫ

1. Эркиндигинен ажыратууга альтернативаны жайылтуу жаатында бул дурус эл аралык тажрыйба.
2. Бул соттолгондорго карата социалдык-укуктук контролдоону сунуштаган, түрмөгө камоо менен (Пекин эрежеси) байланышпаган чараларга карата БУУнун эрежелеринин минималдык стандарттарында өзүнүн чагылуусун тапкан эл аралык стандарттар.
3. Соттолгон адамды ресоциализациялоо максатын ишке ашыруу.
4. Жекече алдын алуу максатын ишке ашыруу.
5. Пробациялык көзөмөлдөө процессине коомчулукту кошуу.
6. Бюджеттик каражаттарды олуттуу үнөмдөө.

13-БАП. ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ

83-берене. Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотуу

84-берене. Көзөмөлдүк талаптар жана пробациялык милдеттер

85-берене. Пробациялык көзөмөлдүн укуктук натыйжалары

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

Мындай каалоо биринчи жолу 1929-жылы Бухарестте жазык укуктары боюнча Эл аралык конгрессте айтылган.

1946-жылы Нюрнберг процессинин жүрүшүндө Эл аралык трибунал мамлекети жана анын уюмдары эл аралык кылмыштардын субъекттери болушу мүмкүн экендигин тааныган.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

1978-жылы Европа Кеңешинин кылмыштуулук көйгөйлөрү боюнча Европа комитети европалык мамлекеттердин мыйзам чыгаруучуларына юридикалык жактарды **экологиялык** кылмыш үчүн жазык жоопкерчилигинин субъекттери катары таанууну сунуштаган.

Окшош сунуштар кылмыштуулуктун жана укук бузуучуларга мамиле кылуунун алдын алуу боюнча БУУнун мезгилдүү өткөрүлгөн Когрессинин, анын ичинде Каир, 1996-ж. чечимдеринде камтылат.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

Алар тарабынан жүргүзүлгөн **чарбалык ишмердүүлүктүн** жүрүшүндө жасалган укук бузуулар үчүн юридикалык жактардын – ишканалардын жоопкерчиликтери жөнүндө Европа кеңешинин мүчөлөрү – өлкөлөрдүн Министрлер Комитетинин №18 (88) сунуштоолору.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

- Улуттар аралык уюшкан кылмыштуулукка каршы БУУнун конвенциясы (2000-жылдын 15-ноябрындагы).
- Террорчулукту каржылоого каршы күрөшүү жөнүндө БУУнун конвенциясы (1999-жылдын 9-декабры)
- Коррупцияга каршы БУУнун конвенциясы
- Террорчулукка каршы кызматташуунун Шанхай уюмунун конвенциясы

МЫЙЗАМДАРЫНДА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖАЗЫК ЖООПКЕРЧИЛИГИНИН ИНСТИТУТУ КАРАШТЫРЫЛГАН МАМЛЕКЕТТЕР

Австралия, Улуу Британия, Бельгия, Венгрия, Дания, Индия, Израиль, Ирландия, Исландия, Испания, Италия, Канада, Кения, Кытай, Корея, Люксембург, Нидерландия, Норвегия, Пакистан, Румыния, Словения, АКШ, Финландия, Франция, Хорватия, Чехия, Чили, Швейцария ж.б.

Советтен кийинки мейкиндик: Грузия, Молдова, Латвия, Литва, Эстония, Украина.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

- Эгерде көрсөтүлгөн аракеттер бул юридикалык жактардын функцияларын аткаруу учурунда же анын пайдасына жасалган болсо гана, жеке жактардын күнөөлүү аракеттери үчүн юридикалык жактын жазык жоопкерчилиги болот.
- эки жагдайдын болушу шартталган:

- кылмыш жосуну юридикалык жактын жана

- анын жетекчисинин же өкүлүнүн пайдасына жасалышы керек.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

Юридикалык жакка төмөнкүлөр жасалган учурда жазык-укуктук таасир этүү чаралары колдонулат:

- коррупциялык кылмыштар;
- терроризмге байланышкан кылмыштар;
- кылмыш кирешелерин легалдаштырууга байланышкан кылмыштар;
- экологиялык кылмыштар;
- адамдарды сатууга жана мыйзамсыз пайдаланууга байланышкан кылмыштар;
- жалган ишкердик, финансылык пирамидаларды уюштуруу, рейдерлик.

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ

1. Юридикалык жактарга сот тарабынан жазык-укуктук таасир этүүлөрдүн мажбурлоо чараларынын төмөнкү түрлөрү колдонулушу мүмкүн:

1) айып пул;

2) укуктарды чектөө;

3) юридикалык жакты жоюу.

24-БЕРЕНЕ. ЖАЗЫК-УКУКТУК КВАЛИФИКАЦИЯНЫН АТАЙЫН ЭРЕЖЕЛЕРИ

2. Адам жосунду уюшкан топтун же кылмыштуу уюмдун курамында же болбосо кызыкчылыгында жасаган учурда, ушул Кодекстин 46-беренесинде каралган жоболорду эске алуу менен квалификация адам жасаган жосунду караган ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренеси (беренесинин бөлүгү) боюнча жана ушул Кодекстин 248 же 249-беренелеринин тиешелүү бөлүгү боюнча жүзөгө ашырылат. Мында жаза ушул Кодекстин 78-беренесинде каралган эрежелерди эске алуу менен дайындалат.

ЖК ДОЛБООРУНУН ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮГҮ

ЖК долбоорунун Өзгөчө бөлүгү өзүнөн кылмыш объектилеринин белгилери боюнча топтоштурулган кылмыштардын конкреттүү курамын караштырган ченемдердин жыйындысын көрсөтөт.

Өзгөчө бөлүктүн бардыгы болуп 33 бабы иштелип чыккан.

ЖК ДОЛБООРУНУН ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮГҮ

1. Кылмыштын болгон курамынын белгилери такталды.
2. Кылмыш курамынын квалификацияланган жана өзгөчө квалификацияланган белгилери такталды.
3. Өлкөнүн мурунку мыйзамдарында белгисиз кылмыштын жаңы курамдары киргизилди.
4. Кыргызстан ратификациялаган Конвенцияларга ылайык эл аралык стандарттарга ченемдерди дал келтирүү боюнча иштер жасалды.

УЛАНДЫСЫ

5. ЖКнын бардык ченемдери кол салуу объектилеринин артыкчылыктарына ылайык системага салынды.
6. Биринчи жолу Аскердик кылмыш деген бап караштырылды. Ал эл аралык актыларга ылайык курулган, анын ичинде Кыргызстан тарабынан ратификацияланган Женева Конвенциясына жана ага протоколдорго ылайык келтирилген.
7. Биринчи жолу Тиркемеде ЖКнын Глоссарийи иштелип чыкты, ал олуттуу баскычта укук колдонуу практикасын жеңилдетет.

САНКЦИЯЛАРДЫ БИР ӨҢЧӨЙ КУРУУ ҮЧҮН КЫЛМЫШКА ЖАЗАНЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ЖАНА ӨЛЧӨМДӨРҮНҮН ДАЛ КЕЛҮҮ ТАБЛИЦАСЫ (ЧОҢ АДАМДАР ҮЧҮН)

Негизги жазалар									Кошумча жазалар	
Жазалардын түрлөрү жана анын категориялары	**Коомдук иштер**	**Белгилүү кызмат ордун ээлөө/белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу**	**Түзөтүү жумуштары**	**Үч кат айып**	**Жаза пул**	**Тартипке чакыруу аскер бөлүгүнүн мазмуну**	**Белгилүү мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу**	**Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу**	**Белгилүү кызмат ордун ээлөө/ белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу**	**Жаза пул**
	I категориялар	x	x	+	I категориялар					
	II категориялар	I категориялар – 2 жылга чейин	I категориялар	+	II категориялар					
	III категориялар	II категориялар – 3 жылга чейин	II категориялар	+	III категориялар	x				
	IV категориялар	III категориялар – 4 жылга чейин	III категориялар	+	IV категориялар	3 айдан 6 айга чейин	x		x	x
	x	IV категориялар – жылга чейин	IV категориялар		V категориялар	6 айдан бир жылга чейин	I категориялар (2 жыл 6 ай)		2 жылга чейин	I категориялар
		x		+	VI категориялар		II категориялар (2 жыл 6 айдан тартып 5 жылга чейин)			II категориялар
							III категориялар (5 жылдан 7 жыл 6 айга чейин)		3 жылга чейин	III категориялар
							IV категориялар (7 жыл 6 айдан 10 жылга чейин)			IV категориялар
							V категориялар (10 жылдан 12 жыл 6 айга чейин)	x		V категориялар
							VI категориялар (12 жыл 6 айдан 15 жылга чейинт)	Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу		VI категориялар

САНКЦИЯЛАРДЫ БИР ӨҢЧӨЙ КУРУУ ҮЧҮН НЕГИЗГИ ЖАЗАЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮНҮН ЖАНА ӨЛЧӨМДӨРҮНҮН ДАЛ КЕЛҮҮ ТАБЛИЦАСЫ (ЧОҢ АДАМДАР ҮЧҮН)

Негизги жазалар						
Жазалардын түрлөрү жана анын категориялары	**Коомдук иштер**	**Эркиндигин чектөө**	**Белгилүү кызмат ордун ээлөө же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу**	**Түзөтүү жумуштары**	**Жаза пул**	**Аскер кызматындагыларга карата камоо**
	I категориялар: 30 сааттан 40 саатка чейин	I категориялар: 3 айдан 6 айга чейин	I категориялар: 6 айдан 1 жылга чейин	I категориялар: 2 айдан 4 айга чейин (айлык акыдан 10дон 20 пайызга чейин чегерүү менен)	I категориялар: 400дөн 600гө чейин эсептик көрсөткүчтөр менен	I категориялар: үч суткага
	II категориялар: 40тан 60 саатка чейин	II категориялар: 6 айдан бир жылга чейин	II категориялар: Бир жылдан 2 жылга чейин	II категориялар: 4 айдан 6 айга чейин (айлык акыдан 10дон 20 пайызга чейин чегерүү менен)	II категориялар: 600дөн 800гө чейин эсептик көрсөткүчтөр менен	II категориялар: беш суткага

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

КР ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

- КР Жогорку Кеңеши тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган.
- КР Президенти тарабынан 2017-жылдын 1-февралында кол коюлган.
- 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет.

2

ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КР КОДЕКСИ

КР Жоруктар жөнүндө кодекси КР Жазык кодексине окшоштурулуп курулган. КР Жоруктар жөнүндө кодексинин өз алдынча институттары КР Жазык кодексинин институттарына дал келет. Бирок өзүнүн айырмачылыктары бар.

Айырма жоруктардан келтирилген зыян олуттуу зыян келтирүү коркунучун түзгөндүгүндө, же Жазык кодексинин түшүнүгүнөн алганда **оор же олуттуу болуп саналбаганында турат.**

Бул **формалдуу белгилери** боюнча **жорук** кылмыштан айырмаланат. Ошондуктан ага (жорукка) жоопкерчилик КР ЖКсында каралган кылмыштардын белгилери жок болгондо гана болот.

3

КР ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНИН ТҮЗҮМҮ:

Жалпы бөлүк:

1-глава. Жоруктар жөнүндө мыйзам, анын максаттары жана принциптери

2-глава. Жоруктар жөнүндө мыйзамды колдонуунун чеги

3-глава. Жорук жөнүндө түшүнүк. Жорук үчүн жоопкерчиликтин негизи

4-глава. Жоруктар үчүн жоопкерчилик субъектиси

5-глава. Күнөөлөр

6-глава. Бүткөн жана уланган жоруктар

4

УЛАНДЫСЫ:

7-глава. Жорук жасоого кошо катышуу

8-глава. Жасаган жоругу үчүн адамдын жоопкерчилигин жокко чыгаруучу жагдайлар

9-глава. Мажбурлоочу мүнөзгө ээ болбогон жазыктык-укуктук таасир этүү чаралары

10-глава. Жорук үчүн жаза жана анын максаттары. Жорук үчүн жазалардын түрлөрү

11-глава. Жорук үчүн жаза дайындоо

12-глава. Жазадан жана аны өтөөдөн бошотуу

5

УЛАНДЫСЫ:

13-глава. Жаза болуп саналбаган жазыктык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу башка чаралары

14-глава. Жашы жетелектердин жорук жоопкерчилиги

Өзгөчө бөлүк:

15-глава. Ден соолукка каршы жоруктар

16-глава. Жашы жете электердин кызыкчылыктарына жана үй-бүлөлүк мамилелердин тартибине каршы жоруктар

6

УЛАНДЫСЫ:

17-глава. Адамдын жарандык, саясий жана социалдык-экономикалык укуктарына каршы жоруктар

18-глава. Менчикке каршы жоруктар

19-глава. Экономикалык ишти жүзөгө ашыруунун тартибине каршы жоруктар

20-глава. Акча-кредит жана валюта чөйрөсүндөгү жоруктар

21-глава. Коммерциялык же бөлөк уюмдардагы кызматтын кызыкчылыктарына каршы жоруктар

7

УЛАНДЫСЫ:

22-глава. Өндүрүштүн коопсуздугуна каршы жоруктар

23-глава. Коомдук тартипке каршы жоруктар

24-глава. Баңгизат каражаттарын, психотроптук заттарды, алардын аналогдорун же прекурсорлорун жүгүртүү чөйрөсүндөгү жоруктар

25-глава. Калктын ден соолугуна жана коомдук адеп-ахлакка каршы жоруктар

26-глава. Экологиялык коопсуздукка жана табигый чөйрөгө каршы жоруктар

8

УЛАНДЫСЫ:

27-глава. Айыл чарбасындагы жоруктар

28-глава. Транспорт каражаттарынын кыймылынын жана аларды пайдалануунун коопсуздугуна каршы жоруктар

29-глава. Маалыматтык коопсуздукка каршы жоруктар

30-глава. Шаар куруу жана архитектуралык ишке каршы жоруктар

31-глава. Сот бийлигине жана далилдерди табуунун жана сот чечимдерин аткаруунун процесстик тартибине каршы жоруктар

9

УЛАНДЫСЫ:

32-глава. Башкаруу тартибине каршы жоруктар

33-глава. Аскерге чакырылуучулардын, резервдегилердин жана аскерге милдеттүүлөрдүн жоруктары

34-глава. Аскер кызматчыларынын жоруктары

10

ЖОРУК ТҮШҮНҮГҮ (15-БЕРЕНЕ)

- **Жорук субъектиси жасаган, инсанга, коомго же мамлекетке зыян келтирген же зыян келтирүү коркунучун жараткан, ушул Кодексте жаза чарасы каралган күнөөлүү, укукка каршы жосун (аракет же аракетсиздик) жорук деп таанылат.**

11

ЖОРУКТУН СУБЪЕКТИСИ (18-БЕРЕНЕ)

- **Жорукту жасаганга чейин он алты жашка чыккан, акыл-эси соо жеке жак жоруктун субъектиси болуп саналат.**

12

ЖАЗАЛАРДЫН ГРАДАЦИЯСЫ

- Коомдук иштер – 2 категория (45-б.)
- Эркиндикти чектөө – 2 категория (46-б.)
- Белгилүү бир кызмат орундарын ээлөө же белгилүү бир ишти жүргүзүү укугунан ажыратуу – 2 категория (47-б.)
- Түзөтүү жумуштары – 2 категория (48-б.)
- Айып пул – 2 категория (49-б.)
- Жорук үчүн жаза дайындоо – 2 категория (50-б.)

13

ЖАЗА БОЛУП САНАЛБАГАН ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮЛӨРДҮН БАШКА МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ

- Материалдык зыяндын жана моралдык залалдын ордун толтуруу (59-б.)
- Жорук жасоонун мүлкүн, куралдарын жана каражаттарын конфискациялоо (60-б.)
- Өлкөдөн чыгарып жиберүү (61-б.)

14

МАЖБУРЛООЧУ МҮНӨЗГӨ ЭЭ БОЛБОГОН ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮ ЧАРАЛАРЫ (9-ГЛАВА)

- Жорук үчүн жазалоонун жоюлушуна байланыштуу жоопкерчиликтен бошотуу (38-б.)
- Тараптардын жарашуусуна байланыштуу жорук жоопкерчилигинен бошотуу (39-б.)
- Ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн жоболорунун негизинде жорук жоопкерчилигинен бошотуу (40-б.)
- Эскирүү мөөнөтү өткөнүнө байланыштуу жорук жоопкерчилигинен бошотуу (41-б.)

15

КР ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНИН ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮГҮ

КР Жоруктар жөнүндө кодексинин Өзгөчө бөлүгү өзүнөн жоруктар объектилеринин белгилери боюнча топтоштурулган жоруктардын конкреттүү курамын караштырган ченемдердин жыйындысын көрсөтөт.

КР Жоруктар жөнүндө кодексинин Өзгөчө бөлүгүнө 1997-ж. КР ЖКсында турган чоң эмес оордуктагы кылмыштар жана АЖжКда турган укук бузуулардын бөлүгү кирди.

16

ОҢ ЖАКТАРЫ:

- КР Жоруктар жөнүндө кодексинин кабыл алынышы коомдун **«криминалдашуусуна»** алып келбейт, анткени кылмыш жоруктары үчүн жоопкерчиликте эркиндигинен ажыратуу каралган эмес, ал эми жорук жасагандыгы үчүн адамды жазалоо **соттуулукка** алып келбейт жана келечекте ал адамдын өз укуктарын жүзөгө ашырууга таасир этпейт (мамлекеттик кызматты өтөөгө ж.б.)

17

УЛАНДЫСЫ:

- КР Жазык-процесстик кодексинде белгиленгендердин алкагында адам укуктарын коргоонун бардык принциптерин сактоо.
- Кылмышсыздык жоромол принциптерин бузуу болбойт. Анткени протокол түзүү (мисалы: майда ээнбаштык жөнүндө) учурунда адам факт жүзүндө укук бузуучу катары таанылат.

18

УЛАНДЫСЫ:

- Келтирилген зыяндын деңгээлине карата КР Кылмыш-жаза кодексинен кылмыш катары карoого жатпаган жосундарды бөлүп алууга реалдуу мүмкүндүк пайда болду.
- Жоруктар институтун киргизүү менен жоруктарды токтотууга жооптуу болгон укук коргоо органдарынын белгилүү деңгээлдеги жоопкерчилиги да пайда болот. Албетте, бул ички иштер органдары, аларда кылмыштарды да, жоруктарды да аныктоого жана иликтөөгө жооптуу башкы субъектилер топтолгон.

19

КР ЖОРУКТАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИНИН КҮЧҮНӨ КИРИШИНИН НАТЫЙЖАЛАРЫ:

- Эгерде бул укук бузуулар КР Жоруктар жөнүндө кодексинде каралган жосундарга дал келсе, КР Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодексинде каралган беренелер күчүн жоготту деп таанылат. Калган бөлүгүндө бул кодекс жаңы КР Бузуулар жөнүндө кодексин кабыл алганга чейин колдонулат.

20

УЛАНДЫСЫ:

- Аны жасаган учурда Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс менен каралган, жосун жасаган жакка жүктөлгөн административдик жаза-чара, эгерде бул жосун Жоруктар жөнүндө кодексте дагы каралса, Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекске ылайык аткарууга жатат.

21

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСИ

ЖАЗЫК-УКУКТУК ЦИКЛДАРДЫН МЫЙЗАМЫ

- Жазык кодекси
- Жоруктар жөнүндө кодекс
- Бузуулар жөнүндө кодекс

2

БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТИН ТҮЗҮМҮ

- Жалпы бөлүк
- Өзгөчө бөлүк
- Процесстик бөлүк
- 10 бөлүм, 48 глава жана 339 берене

3

ЖАЛПЫ БӨЛҮКТҮН БӨЛҮМДӨРҮ

- Бузуулар жөнүндө мыйзамдар
- Бузуу
- Бузуулардын укуктук кесепеттери

4

БУЗУУНУН СУБЪЕКТТЕРИ

- жеке жактар
- юридикалык жактар

5

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРДЫН КҮНӨӨСҮ

- Эгерде жеке жак аны менен эмгек мамилелеринде болсо же келишим боюнча юридикалык жактын кызыкчылыктары үчүн белгилүү бир аракеттерди аткаруучу жеке жак өз жосунунун (аракетинин же аракетсиздигинин) укукка каршы экендигин аңдап-сезсе же аңдап-сезе алса жана аңдап-сезүүгө тийиш болсо, юридикалык жак тарабынан жасалган бузуу күнөөлүү деп таанылат – Кодекстин 18-беренеси.

6

ЖАЗА ЧАРАЛАРДЫН ТҮРЛӨРҮ

- Бузууларды жасагандыгы үчүн жаза чараларынын төмөнкүдөй түрлөрү колдонулат:
- 1) эскертүү;
- 2) айып пул.

Айып пулдун 8 категориясы белгиленген

- Жеке жактар үчүн мин. – 1000 сом, макс. – 17500 сом;
- Юридикалык жактар үчүн мин. – 5000 сом, макс. – 55000 сом.

7

БУЗУУНУН КОШУМЧА УКУКТУК КЕСЕПЕТТЕРИ

28-берене. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери түшүнүгү, анын түрлөрү жана колдонуу шарттары

1. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери болуп, төмөнкүлөр саналат:
- жаңы бузууларды жасоону болтурбоого,
- же айып пулду төлөөнү камсыз кылууга багытталган мажбурлоо чаралары.
2. Бузуунун кошумча укуктук кесепеттери болуп төмөнкүлөр саналат:
- туум;
- мүлктү алып коюу;
- транспорт каражаттарын мажбурлап эвакуациялоо жана дөңгөлөктөрдүн блокираторлорун колдонуу.

8

ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮКТҮН ГЛАВАЛАРЫ

- «Жарандардын шайлоо укуктарын ишке ашыруу, саламаттык сактоо, эмгек, адеп-ахлак, маданий мурас жана абатташтырууну түзүү чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»;
- «Коомдук тартипти, коомдук коопсуздукту, өндүрүштүн жана курулуштун коопсуздугун, транспорттун коопсуздугун камсыз кылуу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»;
- «Экологиялык, санитардык-эпидемиологиялык, радиациялык коопсуздукту камсыз кылуу жана айлана-чөйрөнү коргоо чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»;

9

ӨЗГӨЧӨ БӨЛҮКТҮН ГЛАВАЛАРЫ

- «Менчикти коргоо, чарбалык жана каржылык иштерди жүзөгө ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»
- «Маалымат чөйрөсүндөгү, гидрометеорологиялык иш чөйрөсүндөгү, аскер коопсуздугун, мамлекеттик чек ара коопсуздугун камсыз кылуу, ачык элдик кызматтардын ишин камсыз кылуу, акыйкат сотту ишке ашыруу чөйрөсүндөгү башкаруу тартибине каршы бузуулар»
- «Сот адилеттигин жүзөгө ашыруу тартибине каршы бузуулар

10

БУЗУУЛАР ЖӨНҮНДӨ КОДЕКСТИН ПРОЦЕССТИК БӨЛҮГҮ

- Жазык кодексинин ченемдери – ЖПК
- Жоруктар жөнүндө кодекстин ченемдери – ЖПК
- Бузуулар жөнүндө кодекстин ченемдери – Кодекстин процесстик бөлүгү

11

ПРОЦЕССТИК БӨЛҮК

2 бөлүмдөн туруп, 7 главаны камтыйт

42-глава. Бузуулар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштү жүргүзүү тартиби

43-глава. Бузууларды процесстик жол-жоболоштуруу

44-глава. Бузуулар жөнүндө өндүрүштүн катышуучулары жана алардын укуктары

45-глава. Бузуу жөнүндө иштерди кароо

46-глава. Иш боюнча токтомго даттануу тартиби

47-глава. Жаза чарасын колдонуу жөнүндө токтомду аткаруу

48-глава. Жаза чаралары жана кошумча укуктук кесепеттер жөнүндө токтомду аткаруу тартиби

12

ЖОЛ-ЖОБОЛОРДУН АЛГОРИТМИ



13

БИРИНЧИ ЭТАП

ЖОЛ-ЖОБО БОЮНЧА:

Протокол бузуу жасалган жерде түзүлөт жана субъект бузуу фактысынын өзүн каршы чыгып талашпайт

Эгерде адам макул болбой, бузуу фактысына каршы чыгып талашса, анда протокол түзүлүп, ыйгарым укуктуу органга жөнөтүлөт

14

ЭКИНЧИ ЭТАП

Ыйгарым укуктуу орган: эреже катары комиссия (МАИде, министрликтерде жана ведомстволордо)

Протоколду карап, чечим чыгарат (мөөнөтү 10 күн)

15

ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНДЫН ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУСУ

Жаза чара колдонуу жөнүндө токтом

Өндүрүштү токтотуу, же туумду кошуп эсептөө жөнүндө токтом

16

ҮЧҮНЧҮ ЭТАП. МАКУЛ БОЛБОГОН УЧУРДА СОТКО ДАТТАНУУ

Соттор

- Токтомду өзгүртүүсүз, даттанууну канааттандыруусуз калтырат
- Токтомду жокко чыгарат жана бузуу жөнүндө иш боюнча өндүрүштү токтотот
- Даттануу мөөнөтү 10 күн, кароо мөөнөтү 14 күн
- Соттун токтому акыркы болуп саналат

17

ТӨРТҮНЧҮ ЭТАП. ТОКТОМДУ АТКАРУУ

Аткарууну токтотуу учурлары
а) мыйзамдын беренеси күчүн жоготкондо
б) адам өлгөндө
в) токтомду аткаруу мөөнөтүнүн эскириши (3 жыл)

Аткаруунун тартиби белгиленет
Айып пул - 1 ай
(төлөнбөгөн айып пул + айып пулдун өлчөмүнө чейин туум)

18

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЗЫК-ПРОЦЕССТИК КОДЕКСИ

2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга кирет

КР ЖПКсы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 8-августундагы УП №147 «Кыргыз Республикасынын сот адилеттигин өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык эксперттик-жумушчу топ тарабынан иштелип чыккан.

2

КР ЖПКНЫ РЕФОРМАЛООНУН НЕГИЗГИ МИЛДЕТТЕРИ

Кыргыз Республикасынын ЖПКсын иштеп чыгууда эске алынгандар:
2010–жылдагы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын ченемдери;
2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүү стратегиясы;
Кыргыз Республикасынын сот системасын мындан ары реформалоо боюнча сунуштоолор;
Эл аралык укуктардын жалпыга таанылган принциптери жана ченемдери;
Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан ратификацияланган эл аралык макулдашуулар;
Соттук-тергөө практикасы;
Чет өлкөлөрдө жазык-процесстик укуктарды өнүктүрүүнүн негизги заманбап тенденциялары (КР, Украина, Латвия ж.б.).

3

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ БОЛУП ТӨМӨНКҮЛӨР САНАЛАТ:

1) кылмыштардан жана жоруктардан инсанды, коомду жана мамлекетти коргоо;
2) инсанды мыйзамсыз жана негизсиз айыптоодон, күнөөлөөдөн, анын укуктарын жана эркиндиктерин чектөөдөн коргоо;
3) кылмыштарды жана жоруктарды тез жана толук иликтөө;
4) кылмыш жана жорук жасаган адамдын бетин ачуу жана жазык жоопкерчилигине тартуу;
5) акыйкат соттук териштирүү жана жазык мыйзамын туура колдонуу;
6) күнөөсү жок адамды мыйзамсыз айыптаган же күнөөлөгөн учурларда токтоосуз жана толук реабилитациялоо;
7) материалдык жана моралдык зыяндын ордун толтурууну камсыз кылуу.

4

Жазык сот өндүрүшүнүн принциптери	Укуктун жана мыйзамдуулуктун үстөмдүгү
	Сот адилеттигин сот аркылуу гана жүзөгө ашыруу
	Соттордун көз карандысыздыктары
	Сот адилеттигине жетүү мүмкүндүгүн камсыз кылуу
	Инсандын ар-намысын жана кадыр-баркын сыйлоо
	Инсандын кол тийбестиги
	Жазык сот өндүрүшүндө адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин коргоо

5

Жазык сот өндүрүшүнүн принциптери	Үй-жайдын жана башка объектилердин кол тийбестиги
	Менчиктин кол тийбестиги
	Жеке турмушту, кат жазышуулардын, телефондук жана башка сүйлөшүүлөрдүн, почта, телеграф-тык, электрондук жана башка билдирүүлөрдүн жашырындыгын коргоо
	Күнөөсүздүк жоромолу
	Тараптардын атаандаштыктарынын жана тең укуктуулуктарынын негизинде жазык сот өндүрүшүн жүзөгө ашыруу

6

жазык сот өндүрүшү-нүн прин-циптери	Айыпталуучуну шектүүнү коргоо укуктары менен камсыз кылуу
	Жазык сот өндүрүшүнүн тили
	Процесстик аракеттерге (аракетсиздикке) жана чечимдерге даттануу
	Калыстык жана далилдерди эркин баалоо

7

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН СУБЪЕКТТЕРИ

Айыптоо тарабынан процесске катышуучулар
Прокурор
Тергөөчү
Тергөө бөлүмүнүн жетекчиси
Алгач текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы
Алгач текшерүү органынын начальниги
Жабырлануучу
Жеке айыптоочу
Жабырлануучунун жана жеке айыптоочунун өкүлү

8

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН СУБЪЕКТТЕРИ

Коргоо тарабынан процесске катышуучулар
Шектүү
Айыпталуучу
Акталган
Соттолгон
Коргоочу
Жашы жете электердин, жабырлануучунун, шектүүнүн, айыпталуучунун мыйзамдуу өкүлдөрү жана балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери
Балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын кызматкери
Жазык-укуктук таасир этүү чараларын колдоно турган юридикалык жактын өкүлү

9

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮНҮН СУБЪЕКТТЕРИ

Жазык сот өндүрүшүнө катышуучу башка жактар
Күбө
Эксперт
Адис
Котормочу
Медиатор
Сот отурумунун катчысы
Сот аткаруучу

10

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮН КАМСЫЗ КЫЛУУ ЧАРАЛАРЫ

- **Кармоо**
- **Тыюу салуу чаралары**
- **Жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуунун башка чаралары**

11

Кармоо		
Алгач тергөө органынын кызмат адамы, тергөөчү кылмыш, ошондой эле КР ЖПКсынын 61-главасында каралган төмөнкү негиздердин бири бар болгон учурларда жорук жасоого шектөө боюнча адамды кармоого укуктуу, андан улам эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза белгилениши мүмкүн:		
1) эгерде адам кылмыш жана (же) жорук жасалып жатканда же ал жасалып бүткөндөн кийин кабылып калса;	2) эгерде өз көзү менен көргөн кишилер, анын ичинде жабырла-нуучу ошол адамды кылмыш жана (же) жорук жасаган адам катары көрсөтсө;	3) эгерде шектүүдө же анын кийимин-де, жанында же анын жашаган же-ринде кылмыштын жана (же) жоруктун ачык изи табылса.

12

ТЫЮУ САЛУУ ЧАРАЛАРЫ

Тыюу салуу чаралары болуп, төмөнкүлөр саналат

Кылмыш иши жана (же) жорук иши боюнча сотко чейинки өндүрүштүн жана соттук териштирүүнүн жүрүшүндө анын ылайыксыз жүрүм-турумун алдын алуу үчүн шектүүгө жана айыптаалуучуга колдонулган чаралар

13

ТЫЮУ САЛУУ ЧАРАЛАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮ:

1) эч кайда чыкпоо жөнүндө кол кат;	2) аскер бөлүгүнүн командачылыгынын көзөмөлүнө өткөрүп берүү;	3) жашы жете электерди ата-энесинин же аларды алмаштыруучу адамдын жана уюмдун кароосуна өткөрүп берүү;
4) күрөө;	5) үй камагы;	6) камоо.

Жоруктар тууралуу иштер боюнча үй камагы жана камоо колдонулбайт.

14

ЖАЗЫК СОТ ӨНДҮРҮШҮН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН БАШКА ЧАРАЛАРЫ

Келүү жөнүндө милдеттенме

Айдап келүү

Кызматынан убактылуу четтетүү

Мүлктү камакка коюу

Жакындоого тыюу салуу

15

ЖАКЫНДООГО ТЫЮУ САЛУУ

Жакындоого тыюу салуу аларды коргоо максаттарында жабырлануучу жана башка жактар менен шектүүнүн, айыпталуучунун жолугушуусун чектөөдө турат.



издөө,
артынан түшүү,
корголгон жактарга келүү,
алар менен оозеки, телефондук сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү
жана башка ыкмалар менен сүйлөшүү,
10 метрден жакын аралыкка жакындоо,
белгилүү жерлерге келүү

16

ЖАКЫНДООГО ТЫЮУ САЛУУ

Жакындоого тыюу салуу коргоого жаткан адамдын арызы боюнча соттун, тергөөчүнүн, алгач текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын токтомунун негизинде колдонулат.

Токтомдо жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуунун бул чараларынын колдонулуш негиздери жана жакындоого тыюу салуунун түрлөрү, ошондой эле анын сакталышына контроль жүргүзүү жүктөлгөн алгач текшерүү органы көрсөтүлүшү керек.

Жакындоого тыюу салуу жөнүндө токтомдун көчүрмөсү шектүүгө, айыпталуучуга, корголуучу адамга жана контролду жүзөгө ашыруучу алгач текшерүү органына берилет.

Жакындоого тыюу салуу бузулган учурда шектүүгө, айыпталуучуга карата КР ЖПКсынын 106-беренесинде каралган тыюу салуу чараларынын түрлөрүнүн бири колдонулушу мүмкүн.

17

ЖАЗЫК ИШТЕРИНИН ЖАНА ЖОРУК ЖӨНҮНДӨ ИШТЕРДИН МАТЕРИАЛДАРЫН БИРИКТИРҮҮ, БӨЛҮҮ ЖАНА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

Жазык иштеринин жана жорук жөнүндө иштердин материалдарын бириктирүү	Жазык иштеринин жана жорук жөнүндө иштердин материалдарын бөлүү	Жазык иштеринин жана жорук жөнүндө иштердин материалдарын калыбына келтирүү

18

ЖАЗЫК ИШТЕРИНИН ЖАНА ЖОРУК ЖӨНҮНДӨ ИШТЕРИНИН МАТЕРИАЛДАРЫН КАЛЫБЫНА КЕЛТИРҮҮ

1. Кылмыш иштерин жана жорук жөнүндө иштерди калыбына келтирүү прокурордун токтому боюнча, ал эми сот өндүрүшүнүн жүрүшүндө алар жоюлган учурда – аткаруу үчүн прокурорго жөнөтүлүүчү судьянын токтому, соттун аныктамасы боюнча жүргүзүлөт.

2. Кылмыш иштеринин жана жоруктар жөнүндө иштердин материалдарын калыбына келтирүү кылмыш иштеринин жана жоруктар жөнүндө иштердин сакталган, КР ЖПКсында белгиленген тартипте жана процесстик аракеттерди жүргүзүү жолу менен, далилдер катары таанылышы мүмкүн болгон материалдары боюнча жүргүзүлөт.

3. Жазык иштерин калыбына келтирүүдө тергөөнүн жана камоонун мөөнөттөрү КР ЖПКсынын 117, 155-беренелеринде белгиленген тартипте, ал эми жоруктар жөнүндө иштер – ушул Кодекстин 504-беренесинин 4-бөлүгүнө ылайык эсептелет.

4. Эгерде калыбына келтирилген жазык иштери боюнча камакта кармоонун чегине жеткен мөөнөтү бүтсө, анда айыпталуучу тез арада бошотулууга тийиш.

19

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

1. Жазык ишин козгоо стадиясынан баш тартуу

Сотко чейинки өндүрүш Бирдиктүү реестрге кылмыш жана жорук жөнүндө арызды (билдирүүнү) каттаган учурдан башталат

20

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

2. Соттук контроль

КР ЖПКсына сотко чейинки өндүрүштүн мыйзамдуулугу үчүн тиешелүү контролду камсыз кылган **тергөө судьясы** жаңы процесстик фигурасы киргизилген

21

Тергөө судьясы – айыпталуучунун, шектүүнүн укуктарын жана эркиндиктерин чектеген чараларды колдонуучу, процесстик аракеттердин жана алгач текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн, тергөө бөлүмүнүн жетекчисинин, прокурордун чечимдеринин мыйзамдуулугуна соттук контролду жүзөгө ашыруучу судья.

Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө төмөнкү чечимдерди кабыл алат:

1) кылмыш жана (же) жорук жасоого шектелген адамды кармоонун мыйзамдуулугу жана негиздүүлүгү жөнүндө;

2) тыюу салуу чараларын колдонот;

3) тыюу салуу чараларын узартуу жөнүндө;

4) камакта турбаган айыпталуучуну, шектүүнү тийиштүү экспертиза өндүрүшү үчүн медициналык же психиатриялык стационарга жайгаштыруу;

22

Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө төмөнкү чечимдерди кабыл алат:

5) эсебинде жана аманатында турган же банктарда жана башка насыя уюмдарында, баалуу кагаздарда жана алардын сертификаттарында турган жеке жана юридикалык жактардын акча каражаттарын кошуп, мүлкүн камоого коюу же камоону алып салуу жөнүндө;

6) айыпталуучуну убактылуу кызматынан четтетүү;

7) өлгөн адамдын аялынын (күйөөсүнүн), жакын бир туугандарынын макулдугу жок болгондо эксгумация өндүрүшү жөнүндө;

8) менчиги жайгашкан же башка укукта анда жашаган адамдардын макулдуктары жок болгон учурда үй-жайды, ошондой эле башка объектилерди карап чыгуу өндүрүшүн жүргүзүү;

23

Тергөө судьясы сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө төмөнкү чечимдерди кабыл алат:

9) алып коюу же тинтүү өндүрүшү жөнүндө;

10) ушул кодекстин 100-беренесинен (тез арада кармалганды жеке тинтүү) сырткары, жеке тинтүү өндүрүшү жөнүндө;

11) атайын тергөө аракеттерин өткөрүү жөнүндө;

12) алгач текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын, тергөөчүнүн жана прокурордун аракеттерине (аракетсиздигине) жана чечимдерине жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын даттанууларын карайт;

13) адамдардын көрсөтмөлөрүн депонирлейт;

14) процесстик макулдашууну бекитет.

24

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ



КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

4. Жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларынын коопсуздуктарын камсыз кылуу

Жазык сот өндүрүшүнө катышуучу жабырлануучунун, күбөлөрдүн, шектүүнүн, айыптуунун жана башка жактардын, алардын бир туугандарынын, аялынын (күйөөсүнүн) коопсуздук чараларын камсыз кылуу максатында иш өндүрүшүндө турган орган:

1. зомбулук коркунучун же жазык мыйзамында тыюу салынган башка терс жоруктарды жасаган жакка анын жазык жоопкерчилигине тартылышы мүмкүн экендиги жөнүндө расмий эскертүү жасайт;
2. корголуучу адам жөнүндө маалыматтардын жеткиликтүүлүгүн чектейт;
3. анын жеке коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө тапшырма коёт;
4. шектүүгө, айыпкерге карата жазык сот өндүрүшүнүн катышуучуларына зомбулук же башка кылмыштуу терс жосундарды жасоо мүмкүнчүлүгүн болтурбоочу бөгөт коюу чараларын көрөт;
5. жакындоого тыюу салуу түрүндөгү жазык сот өндүрүшүн камсыз кылуу чарасын көрөт.

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

5. Атайын тергөө аракеттери

Кылмыштардын бетин ачуу жана тергөө үчүн төмөнкүдөй атайын тергөө амалдары жүргүзүлөт:

1. почталык-телеграфтык жөнөтүүлөрдү камакка коюу жана аларды текшерүү жана (же) алып коюу;
2. сүйлөшүүлөрдү тыңшоо;
3. абонент менен абоненттик түзүлүштүн ортосундагы байланышуу жөнүндө маалыматты алуу;
4. компьютерден, серверден жана башка түзүлүштөрдөн маалыматты алуу;
5. адамдарды же жерлерди аудио, видео контролдоо;
6. адамды же жерди байкоо;
7. турак жайга же адамдын башка ээлигине кирүү жана текшерүү;
8. экспертиза жүргүзүү максатында салыштырма изилдөөлөр үчүн үлгүлөрдү алуу;
9. кылмыштык чөйрөгө киргизүү жана (же) кылмыштуу ишти туурамыш болуу;
10. контролдонуучу жеткирүү;
11. контролдук сатып алуу.

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

6. Процесстик макулдашуулар

28

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

7. Алдын ала угуу

Алдын ала угуу – бул соттук териштирүүгө даярдоонун процесстик формасы жана тараптардын өтүнүчтөрү боюнча же судьялардын демилгелери боюнча төмөнкүлөр болгондо жүргүзүлөт:

- жол берилбес далилдерди алып салуу өтүнүчү;
- ишти токтотуп туруу же токтотуу үчүн негиздер;
- өзгөчө оор кылмыштар жөнүндө иштер боюнча;
- соттун сот арачыларынын катышуусу менен жазык ишин кароосу жөнүндө маселени чечүү үчүн

29

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

8. КР Жогорку сотунун компетенциясы

Жазык иштерин кассациялык тартипте кароо Жогорку соттун курамы беш судьядан турган жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча Соттук коллегиясы тарабынан жүзөгө ашырылат.

КР Жогорку сотунун Сот коллегиясы биринчи жана апелляциялык инстанциядагы соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмдөрүнө, аныктамаларына жана токтомдоруна даттануулар жана сунуштар боюнча жазык иштерин кассациялык тартипте карайт.

30

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

9. Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүш

Жоруктар жөнүндө кодексте каралган жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби атайын бөлүмдүн жоболорунда белгиленген алып салуулары менен ушул Кодекстин жалпы эрежелери менен аныкталат.

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүштө алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, атайын тергөө аракеттерин кошпогондо, ушул Кодексте каралган бардык тергөө аракеттерин жүргүзүүгө укуктуу.

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштө жорук жасагандыгы боюнча шектелип жаткан адамга карата камакка алуу, үй камагы түрүндөгү бөгөт коюу чараларын колдонууга жол берилбейт.

Жорук жасады деп шектелген адамдан алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамынын жана соттун чакыруусу боюнча келүү жана аларга жашаган жеринин өзгөрүүсү жөнүндө билдирүү тууралуу тилкат алынат. Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамына же сот отурумуна келбеген учурда адам алынып келиши мүмкүн.

Өзгөчө учурларда жорук жасады деп шектелген адамга карата кармоо колдонулушу мүмкүн.

Жоруктар жөнүндө иштер боюнча сотко чейинки өндүрүш жорукту жасады деген шектенүү тууралуу адамга билдирилген учурдан тартып 20 күндөн кечиктирилбестен аяктоого тийиш.

31

КР ЖПКСЫНЫН КОНЦЕПТУАЛДЫК НОВЕЛЛАЛАРЫ

10. Адамдардын айрым категорияларына карата жазыктык сот өндүрүшүнүн өзгөчөлүктөрү

Жазык иштери жана жоруктар жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн өзгөчө тартиби колдонулуучу адамдардын категориялары:

- КР Жогорку Кеңешинин депутатына;
- Жогорку соттун судьяларына, Жогорку соттун Конституциялык палатасынын судьяларына, жергиликтүү соттордун судьяларына, мыйзам менен түзүлгөн адистешкен соттордун судьяларына;
- өзүнүн ыйгарым укуктарын аткарууну токтоткон Кыргыз Республикасынын Президентине;
- Президенттикке, Жогорку Кеңештин депутаттыгына катталган талапкерлерге.

32

АНДАН СЫРТКАРЫ, КР ЖПКСЫНДА ТӨМӨНКҮЛӨР КАРАЛАТ:

Юридикалык жактарга карата иштер боюнча өндүрүштүн өзгөчөлүгү

Илимдин жана техниканын жетишкендиктерин эске алуу менен экспертизаны дайындоо жана жүргүзүү жөнүндө ченемдер жакшыртылды

КР ЖАКнын бөлүмдөрү, главалары жана беренелери мазмундук-техникалык жактан өзгөртүлдү.

33

ЖАҢЫ КР ЖПКСЫНЫН СОТКО ЧЕЙИНКИ БӨЛҮГҮНДӨГҮ НЕГИЗГИ НОВЕЛЛАЛАР

- Сотко чейинки өндүрүштүн башталышы
- Көрсөтмөлөрдү депонирлөө
- Процесстик макулдашуулар
- Атайын тергөө амалдары

1. СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮН БАШТАЛЫШЫ

- Сотко чейинки өндүрүш кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине маалыматтар киргизилген учурдан тартып башталат.
- Алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы, тергөөчү, прокурор жасалган кылмыш же болбосо жорук жөнүндө арыз, кабарлама келип түшкөндө, токтоосуз, 24 сааттан кечикпестен тиешелүү маалыматтарды Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестрине киргизүүгө милдеттүү.

2

КЫЛМЫШТАРДЫН ЖАНА ЖОРУКТАРДЫН БИРДИКТҮҮ РЕЕСТРИ ДЕГЕН ЭМНЕ?

- Кылмыштардын жана жоруктардын бирдиктүү реестри (КЖБР) – бул маалыматтардын электрондук базасы, анда статистикалык отчеттуулукту түзүү үчүн колдонулган, кылмыштар, жоруктар жана аларды жасаган жактар жөнүндө маалыматтарды топтоо, сактоо, эсепке алуу, издөө, ошондой эле КЖБРга киргизилген билдирмелер жөнүндө маалымат берүү жүргүзүлөт.
- КЖБР жөнүндө жобо, аны түзүүнүн тартиби жана жүргүзүү КР Өкмөтү тарабынан бекитилет.

3

ЖАЗЫК ИШИН КОЗГООНУН СТАДИЯСЫН ЖОЮУНУН СЕБЕПТЕРИ

- Кылмыш жөнүндө арызды (билдирүүнү) тергөөгө чейин текшерүү ЖПКда регламенттелген эмес.
- Тергөөгө чейинки текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча кылмыштар жөнүндө 70%дан ашык арызда (билдирүүдө) жазык ишин козгоодон, анын ичинде реабилитацияланбаган негизде баш тартылат.

4

к/н	Жыл	Баш тартылган материалдардын саны
1.	2012-ж.	**66 876** (73% катталган кылмыштардан)
2.	2013-ж.	**73 890** (74% катталган кылмыштардан)
3.	2014-ж.	**77 521** (75% катталган кылмыштардан)
4.	2015-ж.	**84 189** (78% катталган кылмыштардан)
5.	2016-ж.	**89 692** (81% катталган кылмыштардан)

5

2. ЖАБЫРЛАНУУЧУНУН, КҮБӨНҮН КӨРСӨТМӨЛӨРҮН ДЕПОНИРЛӨӨ

Жабырлануучунун, күбөнүн көрсөтмөлөрүн депонирлөө төмөнкү белгилерге ээ:

- депонирлөөнүн демилгечилери болуп, коргоочу-адвокат, шектүү, тергөөчү, алгачкы текшерүү органынын ыйгарым укуктуу кызмат адамы саналат;
- депонирлөөнүн аткаруучусу - тергөө судьясы;
- далилдин «токтотулган» булагы түздөн-түз текшерилет жана сот тарабынан жазык ишин кароодо бааланат;
- депоненттерди кийинки суракка алуу алып салынат;
- депонентти суракка алуу сот тергөөсүнүн эрежелери боюнча жүргүзүлөт;
Юридикалык жакты жоюу соттун чечиминин негизинде анын ишмердигин мажбурлап токтотууда турат.

Оор же өзгөчө оор кылмыш белгилери менен жосун жасаган учурда, жасалган жосундун оордугу юридикалык жакты сактоого жана мындан ары иштөөгө мүмкүн эмес кылгандыгын сот тарабынан тааныганда гана, ошондой эле Жазык кодексинин 125-беренесинин 2-бөлүгүндө каралган учурларда юридикалык жакты жоюу белгиленет.

10

ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫН МҮЛКҮН КОНФИСКАЦИЯЛОО

Юридикалык жактын мүлкүн конфискациялоо Жазык кодексинин 96 жана 97-беренелеринде каралган негизде жана тартипте жүзөгө ашырылат. Ошону менен бирге тиешелүү кылмышты жасаган жеке жактан ошол эле мүлктү кайрадан конфискациялоого жол берилбейт.

Юридикалык жактын мүлкүн толук конфискациялоого аны жойгон учурда гана жол берилет.

11

ЖАЗЫК-УКУКТУК МҮНӨЗДӨГҮ МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУНУН МӨӨНӨТҮНҮН ЭСКИРИШИ

Эгерде жосун жасалган күндөн тартып **беш жыл** өтсө, же соттун айыптоо өкүмүн аткаруу күнүнөн тартып **он жыл** өтсө, ушул главада каралган жазык-укуктук таасир этүүлөрдүн мажбурлоо чаралары юридикалык жакка колдонулбайт.

12

ТМ 1-5 (УК)

КАЗУС
«ЦЕЛЛЮЛОЗА ФАБРИКАСЫ БОЮНЧА ИШ»

Тара ш. целлюлоза фабрикасы тиричиликке колдонуу үчүн ар кандай түрдөгү кагаздарды чыгарат. Өндүрүштүк процесске туруктуу контролду өндүрүштүн башчысы Петров Н. жүзөгө ашырат. Целлюлозаны тазалоо процесси бир нече этаптан өтөт. Чийки затты иштеп чыгуу калдыктарды мезгилдүү ыргытууну талап кылат. Фабриканын калдыктары жанында аккан дарыяга ыргытылат, аны менен сууну ар кандай уулуу заттар менен булгоо менен, бардык жакын аймактагы экологияга кайтарылгыс зыян келтирилет.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
Сот кандай мажбурлоо чараларын колдонушу керек?

ТМ 1-6. (УК)

КАЗУС
«ПСИХИАТРИЯЛЫК ООРУКАНА БОЮНЧА ИШ»

Зубов менен Волкова Виноградовдун квартирасында спирт ичимдиктерин ичишти. Ичип олтуруп, Зубов Виноградов менен урушуп кетти жана аны кемсинтти. Волкова «Катыгын бер!» деп кыйкырды. Виноградов бычакты алып Зубовдун жүрөк тушуна сайып жиберди. Виноградовдун тергөөсүндө адвокаттын өтүнүчү боюнча соттук-психиатриялык экспертиза белгиленди. Эксперттердин корутундусу боюнча Виноградов акыл-эси соо эмес, же ал психиканын башка оорулуу абалы бар экендигине байланыштуу өзүнүн аракеттеринин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коркунучтуулугун сезе албайт теп табылды.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
Сот таасир этүүнүн кайсы чараларын колдонушу керек?

ТМ 2-1. (КР ЖПК)

КАЗУС
«ЦЕЛЛЮЛОЗА ФАБРИКАСЫ БОЮНЧА ИШ»

Тара ш. целлюлоза фабрикасы тиричиликке колдонуу үчүн ар кандай түрдөгү кагаздарды чыгарат. Өндүрүштүк процесске туруктуу контролду өндүрүштүн башчысы Петров Н. жүзөгө ашырат. Целлюлозаны тазалоо процесси бир нече этаптан өтөт. Чийки затты иштеп чыгуу калдыктарды мезгилдүү ыргытууну талап кылат. Фабриканын калдыктары жанында аккан дарыяга ыргытылат, аны менен сууну ар кандай уулуу заттар менен булгоо менен, бардык жакын аймактагы экологияга кайтарылгыс зыян келтирилет.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
Ишти кароонун процесстик тартиби кандай?
Н. Петров өлгөн учурда юридикалык жактын жоопкерчилигинин процесстик тартиби кандай болот?

ТМ 2-2. (КР ЖПК)

КАЗУС
«ПСИХИАТРИЯЛЫК ООРУКАНА БОЮНЧА ИШ»

Зубов менен Волкова Виноградовдун квартирасында спирт ичимдиктерин ичишти. Ичип олтуруп, Зубов Виноградов менен урушуп кетти жана аны кемсинтти. Волкова «Катыгын бер!» деп кыйкырды. Виноградов бычакты алып Зубовдун жүрөк тушуна сайып жиберди. Виноградовдун тергөөсүндө адвокаттын өтүнүчү боюнча соттук-психиатриялык экспертиза белгиленди. Эксперттердин корутундусу боюнча Виноградов акыл-эси соо эмес, же ал психиканын башка оорулуу абалы бар экендигине байланыштуу өзүнүн аракеттеринин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коркунучтуулугун сезе албайт теп табылды.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
Ишти кароонун процесстик тартиби кандай?

ЮРИДИКАЛЫК ЖАККА ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШ 2017-Ж.

Бул институт жаңы КР ЖПКсынын 58-главасы менен жөнгө салынат.

481-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КЫЛУУ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ ЖӨНҮНДӨ ИШТЕР БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮН ТАРТИБИ

1. Ушул главанын жоболору юридикалык жактарга карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча колдонулат.
2. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби ушул Кодексте белгиленген жалпы эрежелер, ошондой эле ушул главанын беренелеринде каралган өзгөчөлүктөр менен аныкталат.
3. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу анын өкүлүнүн катышуусу менен гана жүргүзүлөт.

2

Ушул берененин 2-бөлүгү 20-главада, ошондой эле КР ЖПКсынын 40-главасында аныкталган маңызы боюнча иштерди териштирүү жана сотко чейинки өндүрүштү белгилейт.

Сотко чейинки өндүрүштө, ошондой эле юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө ишти териштирүүдө анын өкүлүнүн катышуусунда гана жүзөгө ашырылат.

Өкүлдөрү төмөнкүлөр болушу мүмкүн:

1. юридикалык жактын ишин жөнгө салуу белгиленген документтердеги ыйгарым укуктарга ылайык жеке адам;
2. ушул максат үчүн берилген ишеним каттын негизиндеги жеке адам;
3. мыйзам тартибинде белгиленген адвокат. (КР ЖПКсынын 56-бер. 2-б.).

3

482-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАККА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КЫЛУУ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШ

1. Эгерде сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө шектелүүчү жекече же тийиштүү юридикалык жактын коллегиялык түзүмүнүн мүчөсү катары аракеттенип, юридикалык жакты билдирүү, анын тапшырмасы боюнча аракет жасоо же болбосо юридикалык жактын атынан чечим кабыл алуу же юридикалык жактын алкагында контролду жүзөгө ашыруу укугуна негизденип же болбосо юридикалык жактын кызматында туруп, ушул эле юридикалык жактын кызыкчылыгында кылмыштуу аракетти жасагандыгы айкындалса, тергөөчү юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө жүйөлөнгөн токтом чыгарат.
2. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча процесс ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шектелүүчүгө карата жүзөгө ашырылуучу сотко чейинки өндүрүштүн алкагында жүргүзүлөт.

4

3. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталгандыгы жөнүндө тергөөчү тийиштүү юридикалык жакка, токтомдун көчүрмөсүн жиберүү жолу менен билдирет, ошондой эле бул юридикалык жактын өкүлүнө анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт. Юридикалык жакка карата сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү ал чыгарылган күндөн тартып бир сутканын ичинде ушул жакка жиберилет.
4. Шектелүүчү адамга карата иш кыскартылган же шектелүүчүнү издөөгө байланыштуу иш токтотулуп коюлган учурда, юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча өндүрүш бүткөрүлүшү жана маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилиши керек.

5

Тийиштүү юридикалык жакка токтомдун көчүрмөсүн жөнөтүү менен, тергөөчү ошол юридикалык жактын өкүлүнө анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

КР ЖПКсынын 57-б. 1-б. ылайык юридикалык жактын өкүлү коргоочунун процесстик укуктарына жана милдеттерине ээ болот.

Шектүүгө карата кылмыш иши токтотулганына (өлгөнүнө) же аны издөөгө байланыштуу токтотулуп турганына карабастан, юридикалык жакка карата сотко чейинки өндүрүш улантылат жана ишти маңызы боюнча кароо үчүн сотко кийин жөнөтүү менен аякташы керек.

6

483-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАККА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КЫЛУУ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТӨ ДАЛИЛДЕНҮҮГӨ ЖАТУУЧУ ЖАГДАЙЛАР

Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштө төмөндөгүлөр аныкталат:

1. юридикалык жак аркылуу кылмыштуу аракет жасоонун жагдайлары;
2. юридикалык жактын түзүмүндөгү жеке жактын статусу;
3. шектелүүчү адамдын юридикалык жактын кызыкчылыгындагы укукка каршы аракетинин мүнөзү жана анын натыйжалары;
4. юридикалык жак аркылуу келтирилген залалдын өлчөмү жана мүнөзү;
5. шектелүүчү адам юридикалык жактын кызыкчылыгында жасаган укукка каршы аракеттин натыйжасында ушул юридикалык жак алган мыйзамсыз кирешенин өлчөмү.

7

484-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАККА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА СОТКО ЧЕЙИНКИ ӨНДҮРҮШТҮН БҮТҮШҮ

Сотко чейинки өндүрүш бүткөрүлгөндөн кийин жана шектелүүчү адамга карата айыптоо актысы түзүлгөндөн кийин, прокурор жалпы талаптарга кошумча түрдө, сотко чейинки өндүрүштө аныкталган ушул Кодекстин 483-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайларды юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу үчүн тастыктайт, анын көчүрмөсү жактын өкүлүнө тапшырылат.

Юридикалык жактын өкүлү ушул Кодекстин 45, 47-беренелеринде белгиленген тартипте жазыктык иштин бардык материалдары менен таанышууга укуктуу.

8

Сотко чейинки өндүрүш аяктагандан кийин тергөөчү шектелүүчү адамга карата айыптоочу акт киргизет. Айыптоочу актыны бекитүүнүн алдында прокурор юридикалык жакка жазык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүшкө далилдөөгө жаткан жагдайлар эске алынган, алынбаганын текшерет.

Прокурор ушул жагдайларды эске алуу менен айыптоочу актыга кол коет, анын көчүрмөсү юридикалык жактын өкүлүнө берилет.

Юридикалык жактын өкүлү КР ЖПКсынын 45, 47-беренелерине негизденген шектелүүчү жана айыпталуучу катары бардык материалдар менен таанышат.

9

485-БЕРЕНЕ. ЖАЗЫКТЫК ИШТИ СОТТО КАРОО

Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө жазыктык ишти кароодо сот төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө тийиш:

1. кылмыштуу жосун юридикалык жак аркылуу жасалганбы;
2. айыпталуучу бул аракетти юридикалык жактын кызыкчылыгында жасаганбы;
3. ушул Кодекстин 483-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайлар аныкталганбы;
4. жазыктык-укуктук таасир этүүнүн кандай чарасы колдонулушу керек.

10

486-БЕРЕНЕ. СОТТУН ЧЕЧИМИ

1. Айыпталуучу адамды юридикалык жактын кызыкчылыгында же юридикалык жак аркылуу кылмыштуу аракет жасаган деп тааануу менен сот өкүмдө юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө чечимди да кабыл алат.
2. Ушул Кодекстин 485-беренесинде көрсөтүлгөн фактылар далилденген жок деп тааануу менен сот юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуудан баш тартат.
3. Айыпталуучуга карата иш кыскартылган же айыпталуучуну издөөгө байланыштуу иш токтотулуп коюлган учурда, юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча өндүрүштү сот маңызы боюнча кароого тийиш.

11

57-ГЛАВА. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КЫЛУУ ЧАРАЛАРЫН КОЛДОНУУ БОЮНЧА ӨНДҮРҮШТҮН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

481-берене. Юридикалык жактарга карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби

1. Ушул главанын жоболору юридикалык жактарга карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча колдонулат.

2. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу жөнүндө иштер боюнча өндүрүштүн тартиби ушул Кодексте белгиленген жалпы эрежелер, ошондой эле ушул главанын беренелеринде каралган өзгөчөлүктөр менен аныкталат.

3. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу анын өкүлүнүн катышуусу менен гана жүргүзүлөт.

482-берене. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүш

1. Эгерде сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө шектелүүчү жекече же тийиштүү юридикалык жактын коллегиялык түзүмүнүн мүчөсү катары аракеттенип, юридикалык жакты билдирүү, анын тапшырмасы боюнча аракет жасоо же болбосо юридикалык жактын атынан чечим кабыл алуу же юридикалык жактын алкагында контролду жүзөгө ашыруу укугуна негизденип же болбосо юридикалык жактын кызматында туруп, ушул эле юридикалык жактын кызыкчылыгында кылмыштуу аракетти жасагандыгы айкындалса, тергөөчү юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө жүйөлөнгөн токтом чыгарат.

2. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча процесс ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шектелүүчүгө карата жүзөгө ашырылуучу сотко чейинки өндүрүштүн алкагында жүргүзүлөт.

3. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталгандыгы жөнүндө тергөөчү тийиштүү юридикалык жакка, токтомдун көчүрмөсүн жиберүү жолу менен билдирет, ошондой эле бул юридикалык жактын өкүлүнө анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.

4. Юридикалык жакка карата сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү ал чыгарылган күндөн тартып бир сутканын ичинде ушул жакка жиберилет.

5. Шектелүүчү адамга карата иш кыскартылган же шектелүүчүнү издөөгө байланыштуу иш токтотулуп коюлган учурда, юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча өндүрүш бүткөрүлүшү жана маңызы боюнча кароо үчүн сотко жиберилиши керек.

483-берене. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштө далилденүүгө жатуучу жагдайлар

1. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштө төмөндөгүлөр аныкталат:

   1) юридикалык жак аркылуу кылмыштуу аракет жасоонун жагдайлары;

   2) юридикалык жактын түзүмүндөгү жеке жактын статусу;

   3) шектелүүчү адамдын юридикалык жактын кызыкчылыгындагы укукка каршы аракетинин мүнөзү жана анын натыйжалары;

   4) юридикалык жак аркылуу келтирилген залалдын өлчөмү жана мүнөзү;

   5) шектелүүчү адам юридикалык жактын кызыкчылыгында жасаган укукка каршы аракеттин натыйжасында ушул юридикалык жак алган мыйзамсыз кирешенин өлчөмү.

484-берене. Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштүн бүтүшү

Сотко чейинки өндүрүш бүткөрүлгөндөн кийин жана шектелүүчү адамга карата айыптоо актысы түзүлгөндөн кийин, прокурор жалпы талаптарга кошумча түрдө, сотко чейинки өндүрүштө аныкталган ушул Кодекстин 483-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайларды юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу үчүн тастыктайт, анын көчүрмөсү жактын өкүлүнө тапшырылат.

Юридикалык жактын өкүлү ушул Кодекстин 45, 47-беренелеринде белгиленген тартипте жазыктык иштин бардык материалдары менен таанышууга укуктуу.

485-берене. Жазыктык ишти сотто кароо

Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө жазыктык ишти кароодо сот төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө тийиш:

1. кылмыштуу жосун юридикалык жак аркылуу жасалганбы;
2. айыпталуучу бул аракетти юридикалык жактын кызыкчылыгында жасаганбы;
3. ушул Кодекстин 483-беренесинде көрсөтүлгөн жагдайлар аныкталганбы;
4. жазыктык-укуктук таасир этүүнүн кандай чарасы колдонулушу керек.

486-берене. Соттун чечими

1. Айыпталуучу адамды юридикалык жактын кызыкчылыгында же юридикалык жак аркылуу кылмыштуу аракет жасаган деп тааануу менен сот өкүмдө юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу жөнүндө чечимди да кабыл алат.
2. Ушул Кодекстин 485-беренесинде көрсөтүлгөн фактылар далилденген жок деп тааануу менен сот юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуудан баш тартат.
3. Айыпталуучуга карата иш кыскартылган же айыпталуучуну издөөгө байланыштуу иш токтотулуп коюлган учурда, юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча өндүрүштү сот маңызы боюнча кароого тийиш.

23-ГЛАВА. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУ

154-берене. Юридикалык жактарга карата айып түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу

1. Айып салуу жөнүндө өкүм чыгарган сот соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн көчүрмөсүн үч жумушчу күндүн ичинде аткаруу үчүн юридикалык жакка, ал эми соттун өкүмүнүн аткарылышын контролдоо жана аны камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн – аткаруу өндүрүшү органына жиберет.
2. Юридикалык жак өкүм мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып бир айдын ичинде айып төлөөгө милдеттүү.
3. Юридикалык жак айыпты бир айдын ичинде төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшү органы сотко аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте айыптын суммасын эки эсеге көбөйтүү жөнүндө сунуштама киргизет.
4. Юридикалык жак эки эселенген айыпты үч айдын ичинде төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшү органы сотко аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте юридикалык жакты жоюу жөнүндө сунуштама киргизет.

155-берене. Юридикалык жактарга карата укук чектөө түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу

1. Юридикалык жактын укуктарын чектөө жөнүндө өкүм чыгарган сот соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн көчүрмөсүн үч жумушчу күндүн ичинде юридикалык жакка жана белгилүү бир түрдөгү ишти лицензиялоону же уруксаттарды берүүнү жүзөгө ашыруучу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана аткаруу үчүн – мамлекеттик сатып алуулар органдарына, финансылык жана салык органдарына жиберет.
2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдары өкүмдүн көчүрмөсүн алган күндөн тартып бир айдын ичинде мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык соттун өкүмүндө көрсөтүлгөн юридикалык жактын укуктарын чектөө боюнча чараларды көрөт жана өкүм чыгарган сотко анын аткарылышы жөнүндө кабарлайт.

156-берене. Юридикалык жакты жоюу түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу

1. Сот юридикалык жакты жоюу жөнүндө өкүм чыгарууда юридикалык жакты жоюу жол-жобосун жүргүзүү үчүн жоюучуну (жеке же юридикалык жакты) дайындайт.
2. Юридикалык жакты жоюу мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.
3. Жоюучу юридикалык жактын ишинин токтотулушун юстиция органдарында каттагандан кийин, үч жумушчу күндүн ичинде өкүм чыгарган сотко анын аткарылышы жөнүндө кабарлайт.

157-берене. Юридикалык жактарга карата мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу

Юридикалык жактарга карата мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу ушул Кодекстин 66-беренесинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

ТРЕНИНГ
«ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮЛӨРДҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ»

АТКАРУУ СЕРЕПТЕРИ

Юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасын айып пул түрүндө аткаруу

Юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасын укуктарын чектөө түрүндө аткаруу

Юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасын жоюу түрүндө аткаруу

Юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чарасын мүлкүн конфискациялоо түрүндө аткаруу

2

30-БЕРЕНЕ. ЖАЗАНЫ ЖАНА ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУЧУ ОРГАНДАР ЖАНА МЕКЕМЕЛЕР

10. Укуктарды чектөө, юридикалык жакты жоюу түрүндө юридикалык жактарга карата жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чаралары сот дайындаган ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган же адамдар тарабынан аткарылат.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

3

124-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАККА КАРАТА КОЛДОНУЛУУЧУ ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫНЫН ТҮРЛӨРҮ

1. Юридикалык жакка карата сот тарабынан жазык-укуктук таасир этүүнүн төмөнкүдөй мажбурлоо чаралары колдонулушу мүмкүн:

   1) айып;

   2) укуктарды чектөө;

   3) юридикалык жакты жоюу.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүнүн 1 жана 2-пункттарында, ошондой эле 1 жана 3-пункттарында каралган жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары бир убакта колдонулушу мүмкүн.

3. Юридикалык жактын мүлкүн конфискациялоо жазык-укуктук таасир этүүнүн кошумча чарасы катары колдонулушу мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси

4

154-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА АЙЫП ТҮРҮНДӨГҮ ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУ

1. Айып салуу жөнүндө өкүм чыгарган сот соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн көчүрмесүн үч жумушчу күндүн ичинде аткаруу үчүн юридикалык жакка, ал эми соттун өкүмүнүн аткарылышын контролдоо жана аны камсыз кылуу боюнча чараларды көрүү үчүн – аткаруу өндүрүшү органына жиберет.
2. Юридикалык жак өкүм мыйзамдуу күчүнө кирген учурдан тартып бир айдын ичинде айып төлөөгө милдеттүү.
3. Юридикалык жак айыпты бир айдын ичинде төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшү органы сотко аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте айыптын суммасын эки эсеге көбөйтүү жөнүндө сунуштама киргизет.
4. Юридикалык жак эки эселенген айыпты үч айдын ичинде төлөбөгөн учурда, аткаруу өндүрүшү органы сотко аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда каралган тартипте юридикалык жакты жоюу жөнүндө сунуштама киргизет.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

5

155-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА УКУК ЧЕКТӨӨ ТҮРҮНДӨГҮ ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУ

1. Юридикалык жактын укуктарын чектөө жөнүндө өкүм чыгарган сот соттун мыйзамдуу күчүнө кирген өкүмүнүн көчүрмөсүн үч жумушчу күндүн ичинде юридикалык жакка жана белгилүү бир түрдөгү ишти лицензиялоону же уруксаттарды берүүнү жүзөгө ашыруучу тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга жана аткаруу үчүн - мамлекеттик сатып алуулар органдарына, финансылык жана салык органдарына жиберет.

2. Ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн тиешелүү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын кызмат адамдары өкүмдүн көчүрмөсүн алган күндөн тартып бир айдын ичинде мыйзамдарга жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык соттун өкүмүндө көрсөтүлгөн юридикалык жактын укуктарын чектөө боюнча чараларды көрөт жана өкүм чыгарган сотко анын аткарылышы жөнүндө кабарлайт.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

6

156-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТЫ ЖОЮУ ТҮРҮНДӨГҮ ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУ

1. Сот юридикалык жакты жоюу жөнүндө өкүм чыгарууда юридикалык жакты жоюу жол-жобосун жүргүзүү үчүн жоюучуну (жеке же юридикалык жакты) дайындайт.

2. Юридикалык жакты жоюу мыйзамдарда жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

3. Жоюучу юридикалык жактын ишинин токтотулушун юстиция органдарында каттагандан кийин, үч жумушчу күндүн ичинде өкүм чыгарган сотко анын аткарылышы жөнүндө кабарлайт.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

7

157-БЕРЕНЕ. ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА МҮЛКТҮ КОНФИСКАЦИЯЛОО ТҮРҮНДӨГҮ ЖАЗЫКТЫК-УКУКТУК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫН АТКАРУУ

Юридикалык жактарга карата мүлктү конфискациялоо түрүндөгү жазыктык-укуктук таасир көрсөтүүнүн мажбурлоо чараларын аткаруу ушул Кодекстин 66-беренесинде каралган тартипте жүзөгө ашырылат.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

8

66-БЕРЕНЕ. МҮЛКТҮ КОНФИСКАЦИЯЛОО (АЛЫП КОЮУ) ЖӨНҮНДӨ СОТТУН ӨКҮМҮН АТКАРУУНУН ТАРТИБИ

1. Соттолгондун мүлкүн конфискациялоо (алып коюу) жөнүндө өкүм чыгарган сот өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенден кийин аткаруу өндүрүшү органдарына аткаруу баракчасын, мүлктүн тизмесинин көчүрмөсүн, аткаруу үчүн соттун өкүмүнүн көчүрмөсүн жиберет. Жазык ишинде мүлктүн жазма тизмеси болбогондо, мүлктүн тизмеги жок экени жөнүндө маалымкат жиберилет.
2. Аткаруу өндүрүшүнүн органдары мүлктү конфискациялоону (алып коюуну) Жазык кодексинин 96-беренесине ылайык жүргүзөт.
3. Конфискациялоого (алып коюуга) жаткан мүлккө кирген предметти конфискациялоо (алып коюу) жүргүзүү мүмкүн болбогондо, аткаруу өндүрүшүнүн органдары Жазык кодексинин 96-беренесине ылайык конфискациялануугa жаткан предметтин ордуна акча каражаттарын же башка мүлктү конфискациялоо жүргүзөт.
4. Ушул Кодекстин тиркемесинде белгиленген Тизмекке ылайык соттолгондун мүлкү конфискациялануугa (алып коюуга) жатпайт.
5. Соттолгондун соттун өкүмү боюнча конфискациялануугa (алып коюуга) жаткан мүлкүнүн ага таандыктыгы жөнүндө талаштар жарандык процесстик мыйзамдарга ылайык чечилет.
6. Мүлктү конфискациялоонун (алып коюунун) тартиби аткаруу өндүрүшү жөнүндө мыйзамдарда аныкталат.

Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси

9

КАЗУС
«ЦЕЛЛЮЛОЗА ФАБРИКАСЫ БОЮНЧА ИШ»

Тара ш. целлюлоза фабрикасы тиричиликке колдонуу үчүн ар кандай түрдөгү кагаздарды чыгарат. Өндүрүштүк процесске туруктуу контролду өндүрүштүн башчысы Петров Н. жүзөгө ашырат. Целлюлозаны тазалоо процесси бир нече этаптан өтөт. Чийки затты иштеп чыгуу калдыктарды мезгилдүү ыргытууну талап кылат. Фабриканын калдыктары жанында аккан дарыяга ыргытылат, аны менен сууну ар кандай уулуу заттар менен булгоо менен, бардык жакын аймактагы экологияга кайтарылгыс зыян келтирилет.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

Берилген кейс боюнча жана юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүү чараларын аткаруу жана өндүрүш боюнча кырдаалды моделдөөгө анализ жүргүз:
1-топ үчүн – «айып пул салуу»;
2-топ үчүн – «эркиндигин чектөө»;
3-топ үчүн – «жоюу».

БААЛОО БАРАГЫ

Дата: _____

Тема: _____
_____

1. Сабак өтүү пайдалуубу?

1_____(жок)
2_____(бир аз пайдалуу)
3_____(ооба)
4_____(абдан пайдалуу)

2. Өткөрүлгөн семинардын максатына Силер канчалык ийгиликтүү жетиштиңер?

1_____(жетишкен жокпуз)
2_____(бир аз жетиштик)
3_____(жетиштик)
4_____(ийгиликтүү жетиштик)

3. Семинарда колдонулган тренинг ыкмаларын Силер кандай баалайсыңар?

1_____(натыйжасыз катары)
2_____(дурус)
3_____(жакшы)
4_____(мыкты)

4. Кайсы сессия, тема, суроо Силер үчүн бир кыйла оор болду жана эмне себептен?

_____
_____

5. Кайсы сессия, тема, суроо Силер үчүн бир кыйла кызыктуу болду жана эмне себептен?

_____
_____
_____

6. Семинар өткөрүүдөгү уюштуруу учурлары жөнүндө Силердин пикириңер кандай?

_____
_____
_____

7. Келечекте семинардын уюштуруучуларына Силердин каалооңор.

_____
_____
_____

8. Силер кошумча кандай жардамга муктажсыңар?

_____
_____
_____

9. Башка пикирлер

_____
_____
_____

ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

ТРЕНИНГ

«ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА КАРАТА ЖАЗЫК-УКУКТУК ТААСИР ЭТҮҮНҮН МАЖБУРЛОО ЧАРАЛАРЫ»

ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары жөнүндө, ошондой эле өндүрүштүн өзгөчөлүктөрү жана жаңы кодекске ылайык юридикалык жактарга карата чараларды аткаруу жөнүндө билим берүү.

2

КАРОО ЖАНА ИЗИЛДӨӨ ҮЧҮН СУРООЛОР

1. Жаңы КР ЖК боюнча юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары.
2. Жаңы КР ЖПК боюнча юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүү чараларынын өндүрүшү.
3. КР ЖАК боюнча юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүү чараларын аткаруу

3

94

КАЗУС
«ЦЕЛЛЮЛОЗА ФАБРИКАСЫ БОЮНЧА ИШ»

Тара ш. целлюлоза фабрикасы тиричиликке колдонуу үчүн ар кандай түрдөгү кагаздарды чыгарат. Өндүрүштүк процесске туруктуу контролду өндүрүштүн башчысы Петров Н. жүзөгө ашырат. Целлюлозаны тазалоо процесси бир нече этаптан өтөт. Чийки затты иштеп чыгуу калдыктарды мезгилдүү ыргытууну талап кылат. Фабриканын калдыктары жанында аккан дарыяга ыргытылат, аны менен сууну ар кандай уулуу заттар менен булгоо менен, бардык жакын аймактагы экологияга кайтарылгыс зыян келтирилет.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
1. *Сот кандай мажбурлоо чараларын колдонушу керек?*

ТМ 1-8.

КАЗУС
«ПСИХИАТРИЯЛЫК ООРУКАНА БОЮНЧА ИШ»

Зубов менен Волкова Виноградовдун квартирасында спирт ичимдиктерин ичишти. Ичип олтуруп, Зубов Виноградов менен урушуп кетти жана аны кемсинтти. Волкова «Катыгын бер!» деп кыйкырды. Виноградов бычакты алып Зубовдун жүрөк тушуна сайып жиберди. Виноградовдун тергөөсүндө адвокаттын өтүнүчү боюнча соттук-психиатриялык экспертиза белгиленди. Эксперттердин корутундусу боюнча Виноградов акыл-эси соо эмес, же ал психиканын башка оорулуу абалы бар экендигине байланыштуу өзүнүн аракеттеринин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коркунучтуулугун сезе албайт теп табылды.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
1. *Сот таасир этүүнүн кайсы чараларын колдонушу керек?*

ЭКИ КАЗУС БОЮНЧА
ЧЕЧИМ

Юридикалык жактарга карата бир топ медициналык таасир этүү чараларын, экинчи топ жазык-укуктук таасир этүү чараларын колдонду. Алар өз багыты жана максаты боюнча бирдей. Жеке профилактикага жана жеке алдын алууга багытталган.

Жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоо чаралары жаза болуп саналбайт (бул квази-жоопкерчилик).

КАЗУС
«ЦЕЛЛЮЛОЗА ФАБРИКАСЫ БОЮНЧА ИШ»

Тара ш. целлюлоза фабрикасы тиричиликке колдонуу үчүн ар кандай түрдөгү кагаздарды чыгарат. Өндүрүштүк процесске туруктуу контролду өндүрүштүн башчысы Петров Н. жүзөгө ашырат. Целлюлозаны тазалоо процесси бир нече этаптан өтөт. Чийки затты иштеп чыгуу калдыктарды мезгилдүү ыргытууну талап кылат. Фабриканын калдыктары жанында аккан дарыяга ыргытылат, аны менен сууну ар кандай уулуу заттар менен булгоо менен, бардык жакын аймактагы экологияга кайтарылгыс зыян келтирилет.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:
1. *Ишти кароонун процесстик тартиби кандай?*
2. *Н. Петров өлгөн учурда юридикалык жактын жоопкерчилигинин процесстик тартиби кандай болот?*

ЧЕЧИМ:

1. Ишти кароонун процесстик тартиби кандай?

Жаңы КР ЖПКсынын 482-б. ылайык:
«Эгерде сотко чейинки өндүрүштүн жүрүшүндө шектелүүчү жекече же тийиштүү юридикалык жактын коллегиялык түзүмүнүн мүчөсү катары аракеттенип, юридикалык жакты билдирүү, анын тапшырмасы боюнча аракет жасоо же болбосо юридикалык жактын атынан чечим кабыл алуу же юридикалык жактын алкагында контролду жүзөгө ашыруу укугуна негизденип же болбосо юридикалык жактын кызматында туруп, ушул эле юридикалык жактын кызыкчылыгында кылмыштуу аракетти жасагандыгы айкындалса, тергөөчү юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө жүйөлөнгөн токтом чыгарат.

Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир этүү чараларын колдонуу боюнча процесс ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн шектелүүчүгө карата жүзөгө ашырылуучу сотко чейинки өндүрүштүн алкагында жүргүзүлөт.
Юридикалык жакка карата жазыктык-укуктук таасир кылуу чараларын колдонуу боюнча сотко чейинки өндүрүштүн башталгандыгы жөнүндө тергөөчү тийиштүү юридикалык жакка, токтомдун көчүрмөсүн жиберүү жолу менен билдирет, ошондой эле бул юридикалык жактын өкүлүнө анын укуктарын жана милдеттерин түшүндүрөт.
Юридикалык жакка карата сотко чейинки өндүрүштү баштоо жөнүндө токтомдун көчүрмөсү ал чыгарылган күндөн тартып бир сутканын ичинде ушул жакка жиберилет».

2. Н. Петров өлгөн учурда юридикалык жактын жоопкерчилигинин процесстик тартиби кандай болот?

Н. Петров өлгөн учурда ага карата жазык иши токтотулат. Бирок Жаңы КР ЖПКсынын 482-б. 4-б. ылайык юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүүнүн чараларын колдонуу боюнча өндүрүш аякташы керек жана маңызы боюнча кароо үчүн сотко жөнөтүлүшү керек.

КАЗУС
«ПСИХИАТРИЯЛЫК ООРУКАНА БОЮНЧА ИШ»

Зубов менен Волкова Виноградовдун квартирасында спирт ичимдиктерин ичишти. Ичип олтуруп, Зубов Виноградов менен урушуп кетти жана аны кемсинтти. Волкова «Катыгын бер!» деп кыйкырды. Виноградов бычакты алып Зубовдун жүрөк тушуна сайып жиберди. Виноградовдун тергөөсүндө адвокаттын өтүнүчү боюнча соттук-психиатриялык экспертиза белгиленди. Эксперттердин корутундусу боюнча Виноградов акыл-эси соо эмес, же ал психиканын башка оорулуу абалы бар экендигине байланыштуу өзүнүн аракеттеринин иш жүзүндөгү мүнөзүн жана коркунучтуулугун сезе албайт теп табылды.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Ишти кароонун процесстик тартиби кандай?*

ЧЕЧИМ:

Биз карап жаткан тренингдин темасы юридикалык жактарга карата жазык-укуктук таасир этүү чараларын колдонууга арналган. Кейстин мазмунуна негизденсек, юридикалык жактарга тиешелүү предметтер жок. Демек, бул казус бул новеллага эч кандай катышы жок жана топ тарабынан каралбашы керек.

3 - МОДУЛЬ

ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ: ТҮШҮНҮК, КӨЗӨМӨЛДҮК ТАЛАПТАР, УКУКТУК ЗАЛАЛДАР, ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ТАРТИБИ, ЖАЗЫКТА ПРОБАЦИЯ ИНСТИТУТУН ИШКЕ АШЫРУУ

ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ: ТҮШҮНҮК, КӨЗӨМӨЛДҮК ТАЛАПТАР, УКУКТУК НАТЫЙЖАЛАР, ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ ИШКЕ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ, ЖАЗЫК ПРОЦЕССИНДЕ ПРОБАЦИЯ ИНСТИТУТУН ИШКЕ АШЫРУУ

ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ: Катышуучуларга пробация институту, пробациялык көзөмөл, аны колдонуунун негиздери жана пробациялык көзөмөлдүн укуктук натыйжалары жөнүндө, ошондой эле жаңы КР ЖПКсы боюнча пробация институтун ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү тууралуу билим берүү.

ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН МАСЕЛЕЛЕР:

1. Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, жаңы КР ЖКсы боюнча укуктук натыйжалар.
2. Жаңы КР ЖПК боюнча пробация институтун ишке ашыруу
3. Жаңы КР ЖПКдагы пробациянын укуктук негиздери.

ТРЕНЕРЛЕР/ЭКСПЕРТТЕР: Сыдыкова Л. Ч., ю.и.д., КОСУнун профессору; Сулайманова Н. Н. ю.и.д., КОСУнун профессору; Кулбаев А. К., ю.и.к., Ж. Баласагын атындагы КУУнундоценти; Сапарбаев Б. К., БУУнун БКБсынын эксперти, Асаналиев А., БУУнун БКБсынын эксперти, Качикеева Б. Ж., эксперт, Ашуралиева Т.М., эксперт.

КАТЫШУУЧУЛАР: Судьялар, УКМКнын, Прокуратуранын, ИИМдин, ЖАМКнын, ЭККМКнын кызматкерлери, ЖОЖдордун юридика факультеттеринин окутуучулары, адвокаттар, юридикалык коомдоштуктар.

ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ: 5 саат 30 мүнөт (4 окуу сааты, 1 саат түшкү тамактануу, 30 мүн. тыныгуу);

4 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1-сессия – 60 мүн., 2-сессия – 90 мүн., 3-сессия – 90 мүн. Корутунду сессия – 30 мүн.)

КЕРЕКТҮҮ МАТЕРИАЛДАР:

- Флипчарт жана түстүү маркерлер
- Дептерлер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:

ТМ 1-1. Катышуучулар үчүн программа

ТМ 1-2. №1 казус «Түлеевдин иши» (1-2 нуска)

ТМ 1-3. №2 казус «Азатовдун иши» (1-2 нуска)

ТМ 1-4. №3 казус «Камерундун иши» (1-2 нуска)

ТМ 1-5. PowerPointPresentation «Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, укуктук натыйжалар»

ТМ 2-1. Камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежеси (Мандела эрежеси) (1955-ж.) (2 нуска)

ТМ 2-2. Түрмөгө камоого байланышпаган чараларга карата БУУнун минималдык стандарттык эрежеси (Токио эрежеси) (1990-ж.) (2 нуска)

ТМ 2-3. PowerPointPresentation «Соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттар»

ТМ 2-4. Сотко чейинки пробациялык баяндаманын формасы (3 нуска)

ТМ 2-5. № 4, 5, 6, 7, 8, 9 казустар

ТМ 2-6. PowerPointPresentation «Пробация чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын жазык-аткаруу мыйзамы»

ТМ 3-1. PowerPointPresentation «Жаңы ЖПКда пробациянын укуктук негиздери»

ТМ 4-1. Баалоо анкетасы

КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР[1]:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси;
2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси;
3. Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси;
4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси;
5. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси;
6. Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» мыйзамы;
7. «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2017-жылы 24-январда кабыл алынган;
8. «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын-Мыйзамы, 2009-жылы 25-июнда кабыл алынган

(же тренингдин ар биртемасы үчүн керектүү мыйзамдардан үзүндүлөр)

ОКУТУУ УСУЛДАРЫ:

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо талкуулоо
- Таратылуучу материалдар менен иштөө
- PowerPointPresentation
- Симуляция
- Жалпы талкуулоо
- Мээге чабуул
- Мини-лекция

1. 1ден 6га чейинки катар номер менен көрсөтүлгөн кодекстер жана мыйзам КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган жана КР Президенти тарабынан 2017-жылдын 2-февралында кол коюлган (2017-жылдын 24-январындагы КР Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет).

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
09:00-09:30	**Киришүү сессиясы.** Саламдашуу жана таанышуу. Тренингдин максаты жана милдеттери. Иштөө эрежеси.		Бейдждер, түстүү маркерлер, калемсаптар, А4	
09:30-10:30	**1-сессия.** Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, укуктук натыйжалар. **1.1. Сессиянын жыйынтыгы боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билиши керек:** 1. Пробациялык көзөмөл түшүнүгү; 2. Пробациялык көзөмөлдү колдонуунун негиздери; 3. Пробациялык милдеттердин жана көзөмөлдүк талаптардын тизмеси; 4. КР ЖК боюнча пробациялык көзөмөлдүн укуктук натыйжалары; **1.2. 1-сессия боюнча тренердин жыйынтык чыгаруусу:** Пробация институтун жайылтуу «түрмө» калкын кыскартууга; кылмыштардын жана жоруктардын (толук жана толук эмес) алдын алуу чараларын ишке ашырууга мүмкүндүк түзөт.	**1-КАДАМ.** Казустар менен иштөө. Тренер катышуучуларга 3 чакан талкуулоо топторуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт. Тренер 3 чакан талкуулоо тобуна иштин фабуласы менен **(ТМ 1-2, ТМ 1-3, ТМ 1-4)** бирден казусту таратат жана катышуучуларга тапшырманы түшүндүрөт. Ар бир топ төмөнкү суроолорго жооп бериши керек: 1. Күнөөлүүнүн аракетин квалификациялагыла; 2. Жаза белгилегиле; 3. Сот пробациялык көзөмөлдү колдоно алабы. **Ар бир топ үчүн тапшырманы аткаруу:** Чакан талкуулоо топторундагы иштин жыйынтыгы боюнча ар бир топ флипчарттарда бетачар жасашы жана тапшырмада коюлган суроолорго жоопторду бериши керек. Бетачардан кийин калган эки топтун ар бири бетачар боюнча 1-2ден суроо даярдашы керек. Иштин жыйынтыгы боюнча ар бир чакан талкуулоо тобу өздөрүнүн материалдарын жалпылап тренингдин калган катышуучуларына анын бетачарын жасоосу керек.	**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа **ТМ 1-2.** №1 казус «Түлеевдин иши» (1-3 нуска) **ТМ 1-3.** №2 казус «Азатовдун иши» (1-3 нуска) **ТМ 1-4.** №3 казус «Камерундун иши» (1-3 нуска **ТМ 1-5.** Power Point Presentation«Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, укуктук натыйжалар»	Сыдыкова Л. Ч., Сулайманова Н. Н.

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		2-КАДАМ. 2-чакан талкуулоо тобунун бетачары. Иштин жыйынтыгы боюнча ар бир чакан топ тапшырманы талкуулап, бир пикирге келиши керек жана калган чакан талкуулоо топторуна өзүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын жасашы керек. Катышуучулар бетачарды флипчарттарда түстүү маркерлерди колдонуу менен жасашат. **3-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо эмнеси менен пайдалуу болду?» **4-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы:** Казустарды жана талкууларды чечимдеринин натыйжасында катышуучулар КР ЖКдан келип чыккан пробациялык көзөмөлдү колдонуунун негиздерин өздүштүрүштү. **5-КАДАМ.** Тренер PowerPointPresentation «Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, укуктук натыйжалардын» **(ТМ 1-5.)** коштоосунда мини-лекция менен материалды бекемдейт. Со-тренер жардамдашуу менен катар катышуучуларга ТМ **1-5ти** таратат. **6-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР». **7-КАДАМ.** Тренер 1-сессиянын ЖЫЙЫНТЫГЫН чыгарат, кенемтелерди толуктайт жана 2-сессияны өткөрүү үчүн сөздү со-тренерге берет.		

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
10:30-11:00	Тыныгуу			
	2-сессия. Пробация чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу мыйзамы **2.1.Сессиянын жыйынтыгы боюнча катышуучулар төмөнкүлөрдү билиши керек:** 1. Түрмөгө камалгандарга байланышпаган чараларга карата эл аралык стандарттар (универсалдуу жана атайын): 2. Токио эрежеси 3. Мандела эрежеси 4. Пробациялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруунун тартиби 5. Пробациялык баяндаманы даярдоо 6. Аткаруу пробациясы 7. Пробациянын түрлөрү **2.2. 2-сессия боюнча теренердин жыйынтык чыгаруусу:** Бул сессиянын жыйынтыгы боюнча пробациялык көзөмөл кандай учурларда белгиленери, аны кайсы орган жүзөгө ашырары аныкталды, пробациялык баяндаманы даярдоо менен, пробация органы тарабынан кандай маалыматтар изилденери менен таанышышты. Мындан сырткары, «Пробация» түшүнүгү менен таанышышты, пробациянын түрлөрү, анын Кыргызстандын жазык жана жазык-аткаруу саясатындагы маңызы жана мааниси жөнүндө билишти.	**1-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга 3 чакан талкуулоо топторуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт. Тренер ар бир чакан талкуулоо тобуна талдоо жана бетачар даярдоо үчүн бирден минималдык стандарттык эрежелерин берет. **1-топ:** Камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежелери (Мандела эрежеси) (1955-ж.) **(ТМ 2-1).** **2-топ:** Түрмөгө камалгандарга байланышпаган чараларга карата БУУнун минималдык стандарттык эрежелери (Токио эрежеси) (1990-ж.) **(ТМ 2-2).** **2-КАДАМ.** 2-чакан талкуулоо тобунун бетачары. Иштин жыйынтыгы боюнча ар бир чакан топ тапшырманы талкуулап, бир пикирге келиши керек жана калган чакан талкуулоо топторуна өзүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын жасашы керек. Катышуучулар бетачарды флипчарттарда түстүү маркерлерди колдонуу менен жасашат. **3-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо эмнеси менен пайдалуу болду?» **4-КАДАМ.** ТренерPowerPointPresentation «Соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттар» **(ТМ 2-3)** коштоосунда мини-лекция менен материалды бекемдейт. Со-тренер жардамдашуу менен катар катышуучуларга **ТМ 1-2ни** таратат.	**ТМ 2-1.** Камактагыларга мамиле кылуунун минималдык стандарттык эрежелери (Мандела эрежеси) (1955-ж.) (2 нуска) **ТМ 2-2.** Түрмөгө камалгандарга байланышпаган чараларга карата БУУнун минималдык стандарттык эрежелери (Токио эрежеси) (1990-ж.) (2 нуска) **ТМ 2-3.** Power Point Presentation «Соттолгон адамдарга мамиле кылуу боюнча эл аралык стандарттар» **ТМ 2-4.** Сотко чейинки пробациялык баяндаманын формасы (3 нуска)	

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
11:30-12:30		**6-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга 3 чакан талкуулоо топторуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт жана толтуруу үчүн докладдын форматын таратып берет. **7-КАДАМ.** Тапшырма: мурдагы казустардын жана пробациялык баяндамалардын болжолдуу формаларынын негизинде пробациялык баяндаманы даярдоо. **8-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга 3 чакан талкуулоо топторуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт жана ар бир топко эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазаларды аткаруунун бөлүгүндөгү казустарды чечүү боюнча тапшырма берет (№ 4, 5, 6, 7, 8, 9) **(ТМ 2-5).** **9-КАДАМ. 3-чакан талкуулоо тобунун бетачары.** Чакан топтордун ишинин жыйынтыгы боюнча ар бир топ өздөрүнүн материалдарын жалпылоосу керек жана тренингдин катышуучуларына анын бетачарын жасоолору жана тапшырмада коюлган суроолорго жооп бериши керек. Катышуучулар бетачарды флипчарттарда түстүү маркерлерди колдонуу менен даярдашат. **10-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо эмнеси менен пайдалуу болду?» **11-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы:** Бул иштин жыйынтыгында тренингдин катышуучулары эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазалар кайсы орган тарабынан аткарыларын, алардын өзгөчөлүктөрүн, тартибин жана укуктук натыйжаларын аныкташты.	**ТМ 2-5.** № 4, 5, 6, 7, 8, 9-казустар	Сманалиев К. М.

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		12-КАДАМ. Тренер PowerPointPresentation «Пробация чөйрөсүндөгү Жазык-аткаруу мыйзамынын» **(ТМ 2-6)** коштоосунда мини-лекция менен материалды бекемдейт. **13-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР». **14-КАДАМ.** Тренер **2-сессиянын ЖЫЙЫНТЫГЫН** чыгарат, **кенемтелерди толуктайт** жана 3-сессияны өткөрүү үчүн сөздү со-тренерге берет.	**ТМ 2-6.** PowerPointPresentation «Пробация чөйрөсүндөгү Жазык-аткаруу мыйзамы»	
12:30-14:00	**3-сессия.** Жаңы КР ЖПКсындагы пробациянын укуктук негиздери **3.1. Сессиянын жыйынтыгы боюнча билиши/түшүнүшү/өздөштүрүшү керек:** Пробациялык баяндаманы даярдоону тапшыруу менен сот отурумун белгилөө жөнүндө токтом чыгаруунун процесстик тартиби; Пробациялык көзөмөл менен айыптоочу өкүмдү түзүүнүн процесстик тартиби; Өкүмдү аткаруунун стадиясында пробациялык көзөмөлдү өзгөртүүнүн процесстик тартиби; **3.2. 3-сессия боюнча тренердик жыйынтык чыгаруусу:** Ошентип, жаңы ЖПКда сот отурумун белгилөөдө соттун пробациялык баяндаманы даярдоону тапшыруу милдети каралган. Сот пробациялык баяндаманы эске алууга укуктуу. Өкүмдү аткаруу стадиясында пробациялык көзөмөлдү өзгөртүүнүн процесстик тартиби регламенттелген.	**1-КАДАМ.** Тренер пробациялык баяндаманы колдонуунун тартибин регламенттеген жаңы ЖПКнын ченемдери жана PowerPointPresentation «Жаңы ЖПКдагы пробациянын укуктук негиздеринин» **(ТМ 3-1)** коштоосунда пробациялык көзөмөл жөнүндө мини-лекция өткөрөт. **2-КАДАМ.** Тренер тренингдин катышуучуларынын жеке практикалык тажрыйбаларынын негизинде ЖПКнын, ЖКнын, ЖАКнын жана пробация жөнүндө мыйзамдын негизинде пробация институтун натыйжалуу колдонуу боюнча идеяларга жалпы талкуулоо өткөрөт. **3-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР». Бардык тренерлер жана эксперттер Тренинг темасы жана бардык сессия боюнча тренингдин катышуучуларынын суроолоруна жооп беришет. **4-КАДАМ.** Тренер бардык тренинг боюнча ТЫЯНАКТАРДЫ чыгарат.	**ТМ 3-4.** Power Point Presentation «Жаңы ЖПКдагы пробациянын укуктук негиздери»	Кулбаев А. К.

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
	3.3. Бардык тренингдер боюнча ТЫЯНАКТАР: Мурунку совет өлкөлөрүнүн так көчүрмөсү менен көз карандысыздыкка ээ болгон учурдан бери бардык азыркы Кыргызстандын жазык саясаты агрессивдүүлүгү жана жазалоочу мүнөзү менен айырмаланган. 2007-жылы гана Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 29-июнундагы № 91 «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзамы менен жазанын альтернативалуу чараларын өнүктүрүү планында жаза аткаруунун системасы кайра каралып, өз алдынча жосундар декриминализацияланды. Кыргызстанда 2013-жылы өткөрүлгөн сот реформасынын алкагында бул иш андан ары өнүктүрүүгө жол алды. Дээрлик жаңы жазык мыйзамы иштелип чыкты. Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин өз алдынча укук бузуулары жазык жоруктарынын катарына которулуп, андан улам өз алдынча жоруктар жөнүндө Кыргыз Республикасынын кодекси иштелип чыкты. Ошентип, иштеп жаткан мыйзамдарда колдонулуп жаткан жазанын альтернативдүү чаралары социалдык мүнөздө жаңы импульс алууда.			
14:00-14:30	**Корутунду сессия.** **Тренингдин аякташы.** Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, укуктук натыйжалар, пробациялык көзөмөлдү ишке ашыруунун тартиби, жазык процессинде пробация институтун ишке ашыруу. **Тренингди баалоо.**	**ТМ 4-1.** Баалоо анкетасы		

КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

ТРЕНИНГ
ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ: ТҮШҮНҮКТӨР, КӨЗӨМӨЛДӨӨ ТАЛАПТАРЫ, УКУКТУК НАТЫЙЖАЛАР, ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУ ТАРТИБИ, ЖАЗЫК ПРОЦЕССИНДЕ ПРОБАЦИЯ ИНСТИТУТУН ИШКЕ АШЫРУУ

Өткөрүү датасы: _____

Өткөрүлө турган орду: _____

Катышуучулар: _____

Программа

09:00 – 09:30	**Каттоо. Тренингдин максаттары жана милдеттери**
09:30 – 12:00	**1-сессия.** Пробациялык көзөмөл: КР ЖК боюнча түшүнүктөр, көзөмөлдөө талаптары, укуктук натыйжалар. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
12:00 – 13:00	**Түштөнүү**
13:00 – 15:00	**2-сессия.** КР ЖАК боюнча пробациялык көзөмөлдү жүзөгө ашыруу тартиби. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
15:00 – 15:30	**Тыныгуу**
15:30 – 16:00	**3-сессия.** КР ЖПКсында пробация институтун ишке ашыруу. Кулбаев А. К., ю. и. к. *Сөз сүйлөөчүлөрдүн аты-жөнү*_____
16:00 – 16:30	Бардык мурда өтүлгөн тема боюнча эксперттерге катышуучулардын суроолору. Жыйынтык чыгаруу.

ТМ 1-2.

КАЗУС №1
«ТҮЛЕЕВДИН ИШИ»

Түлеев 1997-жылы туулган, 2017-жылы 10-августта баңгизатка мас болуу менен, баңгизаттын кезектеги үлүшүнө акча табууну чечкен.

Сыртка чыгып, ал колунда портфель көтөрүп жумуштан кайтып келе жаткан жаран Исмановду көргөн. Түлеев анын артынан түшүп, Исманов үйдүн подъездине киргенде аны басып калып, аны муунтат, муунтуп жатып, эгерде ал акча берсе кое бере тургандыгын айтат. Исманов улгайып калган адам болот, кол салган адам аны майып кылып койбосун деп коркуп, колундагы сумканы таштап жиберип, ошондо акча бар деп кырылдайт. Түлеев портфелди алып, башка адамдар келип калбасын деп сактанып, шашылыш көчөгө чуркап чыгат.

Портфелде 5000 сом акча жана 25000 сом наркындагы ноутбук бар болот.

Шектелген адамга сурак жүргүзүлдү. Түлеев мурда соттолгон эмес, жайсыз үй-бүлөдө жашаган. Атасы аракеч болгон жана алкоголизмден бир нече жолу дарыланган. Апасы керелден кечке базарда иштейт. Түлеев 8-классты аяктап, иштеп баштаган. Белгисиз адамдар менен байланышып, баңгизат пайдалана баштаган. Акча жетишпеген, ошол себептен кылмышка барган.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Айыптуунун аракетин баалагыла.*
2. *Жаза дайындагыла.*
3. *Сот пробациялык көзөмөл колдоно алабы?*

ТМ 1-3.

КАЗУС №2
«АЗАТОВДУН ИШИ»

Азатов 2002-жылы туулган, 2017-жылы 27-майда «Миң түркүн» аялдамасынын жанында өтүп баратып, Расуловдун колундагы жаңы моделдеги уюлдук телефонун көрүп калган, ал телефон менен сүйлөшүп бүткөн соң, аны курткасынан чөнтөгүнө салып, 213-маршруттук таксини токтотууга шашкан.

3. Сот жазаны дайындаган жана аны өтөөдөн бошоткон айыптоо өкүмүн чыгарат, эгерде өкүм чыгарылган учурга карата төмөнкүлөр орун алса:

3) Жазык кодексинин 83-беренесинде каралган пробацияны колдонуу үчүн негиздер аныкталса.

6

344-БЕРЕНЕ. АЙЫПТОО ӨКҮМҮНҮН КОРУТУНДУ БӨЛҮГҮ

1. Айыптоо өкүмүнүн корутунду бөлүгүндө төмөнкүлөр көрсөтүлүүгө тийиш:

1) айыпталуучунун фамилиясы, ысымы жана атасынын ысымы;

6) пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнүн узактыгы, ошондой эле соттолгон адамга жүктөлүүчү контролдук талаптар жана пробациялык милдеттер, анын ичинде пробация органына келип туруу милдети;

7) атайын, аскердик, ардактуу наамынан же класстын чининен ажыратуу, ошондой эле мамлекеттик сыйлыктарынан ажыратуу тууралуу чечим;

7

427-БЕРЕНЕ. ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ КОЛДОНУУ МЕНЕН ЖАЗАДАН БОШОТУУНУ ЖОККО ЧЫГАРУУ

1. Эгерде пробациялык мөөнөттүн ичинде соттолгон адам өзүнө жүктөлгөн пробациялык милдеттерди аткарса жана жаңы кылмыш жана (же) жорук жасабаса, аны сот ага дайындалган жазадан бошотот.

2. Пробациялык мөөнөттүн ичинде сот пробация органынын сунушу боюнча соттолгон адам үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттенмелерди толук же жарым-жартылай жокко чыгарат же болбосо толуктай алат.

3. Эгерде соттолгон адам жыл ичинде эки же андан көп жолу жүйөлүү себептерсиз өзүнө жүктөлгөн пробациялык милдеттенмелерди аткарууну бузса, анда сот пробация органынын же аскердик бөлүктөрдүн командачылыгынын сунушу боюнча пробациялык көзөмөлдү жокко чыгаруу тууралуу сот отурумун дайындайт жана аны дайындалган жазаны өтөө үчүн жөнөтөт. Мындай учурда сот соттолуучунун келүүсүн камсыз кылуу боюнча жеткиликтүү чараларды кабыл алууга тийиш.

8

429-БЕРЕНЕ. ӨКҮМДҮ АТКАРУУГА БАЙЛАНЫШКАН МАСЕЛЕЛЕРДИ ЧЕЧҮҮНҮН ТАРТИБИ

- **Соттолгон адамдын, анын өкүлүнүн, прокурордун, пробация органынын өкүлүнүн катышуусу менен каралат**
- **Сот отурумунун залында жарыялануга тийиш болгон токтом чыгарылат.**

9

БААЛОО БАРАГЫ

Датасы: _____

Темасы: _____
_____

1. Өткөрүлгөн сабактар пайдалуу болдубу?

1_____(жок)
2_____(бир аз пайдалуу)
3_____(ооба)
4_____(абдан пайдалуу)

2. Сиз өткөрүлгөн семинардын максаттарына канчалык ийгиликтүү жетиштиңиз?

1_____(жетишкен жокмун)
2_____(бир аз жетиштим)
3_____(жетиштим)
4_____(ийгиликтүү жетиштим)

3. Семинарда пайдаланылган тренингдин методдорун Сиз кандай баалайсыз?

1_____(натыйжасыз катары)
2_____(жаман эмес)
3_____(жакшы)
4_____(мыкты)

4. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, суроо кыйын болду жана эмне себептен?

_____
_____

5. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, суроо кызыктуу болду жана эмне себептен?

_____
_____
_____

6. Семинарды өткөрүүнүн уюштуруу учурлары жөнүндө Сиздин пикириңиз?

_____
_____
_____

7. Семинардын уюштуруучуларына келечектеги ишине сиздин каалооңуз.

_____
_____
_____

8. Сиз кандай кошумча жардамга муктажсыз?

_____
_____
_____

9. Башка түшүндүрмөлөр

_____
_____
_____

ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

«КР ЖПКДАГЫ ПРОБАЦИЯНЫН УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ» МИНИ-ЛЕКЦИЯСЫНА ТЕЗИСТЕР

1-маселе. КР ЖПКдагы пробациялык баяндаманын түшүнүгү

КР ЖПКсында пробациялык баяндама түшүнүгүнүн аныктамасы берилген (5-б. 29-п.). Пробациялык баяндама – айыпталуучунун инсандыгын, социалдык-турмуш-тиричилик шарттарын жана кылмыш жасоого өбөлгө болгон башка жагдайларды изилдөөнүн негизинде анын социалдык-психологиялык портрети жөнүндө пробация органдарынын корутундусу жана пробациялык көзөмөлгө алууну колдонуунун мүмкүндүгү (мүмкүн эместиги) жөнүндө тыянактар.

Жазык иши боюнча далилдердин предмети катары шектелген, айыпталган адамдардын инсандыгын мүнөздөгөн жагдайлардын жана пробациялык баяндамалардын алкагында айыпталуучунун инсандыгын социалдык-психологиялык жактан изилдөө кайсы катышта турат? Теориялык жана практикалык кыйынчылыктар айыпталуучунун инсандыгын мүнөздөөчү жагдайларды белгилөөнүн зарылчылыгына көрсөтүлгөн КР ЖПКсынын 83-беренесинин 5-пунктун интерпретациялоону сунуштайт. Баарыдан мурда, өзүнүн сөзмө-сөз түшүнүгү боюнча бул түшүнүк жок дегенде жагдайдын эки тобун камтыйт:

а) бул адамды башкалардын бардыгынан айырмалоочу жекелештирүүчү (анын инсандыгын белгилөөчү) – аты-жөнү, атасынын аты, туулган жылы ж.б.;

б) аны коомдун мүчөсү катары мүнөздөөчү.

Мыйзамда ал толук такталбайт, бирок илимде, айыпталуучунун инсандыгын мүнөздөгөн жана белгилөөгө жаткан жагдайдын системасы толук иштелип чыккан. Аларга төмөнкүлөр кирет:

- демографиялык колдонуу (фамилиясы, аты, атасынын аты, туулган жылы, жашаган жери, жарандыгы, эне тили ж.б.у.с.);

- инсандын социалдык статусу (билими, адистиги, ишинин түрү, аскерге милдеттүүлүгү, сыйлыктары ж.б.у.с.);

- жашоо шарты (материалдык абалы тиричилик шарттары); ден соолугунун абалы; жашоо образы, кызыкчылык чөйрөсү;

- психологиялык мүнөздөмө (мүнөзү, темпераменти, моралдык сапаттары ж.б.). Далилдөө предметинин ушул элементине кылмыш субъектисинин белгилеринин дагы төмөнкүдөй белгилери киргизилет: курагы жана далилдене турган акыл-эсинин жайындалыгы, эгерде күмөн туудурса, ошону менен бирге ушундай субъектилери менен курам үчүн (кызмат адамы, аскер кызматчысы ж.б.) атайын субъектинин белгилери.

Айыпталуучунун инсандыгын мүнөздөгөн жагдайлардын ичинен айрымдары бир эле мезгилде өз алдынча пункт менен каралган жазаны жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар катары чыгат, мисалы кош бойлуулук же өнөкөт кылмыштар.

Пробациялык баяндаманы даярдоо маалыматты топтоо жана баалоо негизинде айыпталуучунун инсандыгын социалдык-психологиялык изилдөө формасында жүзөгө ашырылат. Топтоого төмөнкү маалыматтар жатат: 1) пробациянын кардарынын социалдык статусу; 2) үй-бүлөсү жана башка социалдык байланыштар; 3) үй-жай жана социалдык-тиричилик шарттары; 4) билими; 5) жашаган жери, иши, окуусу, ишинин түрү; 6) ден соолугунун абалы; 7) өнөкөт адаттарга шыгы; 8) аракечтикке, баңгизат каражаттарына жана психотроптук заттарга, психикалык бузулууларга көз карандылыгынын бар болушу; 9) оор жашоо кырдаалына алып келген башка жагдайлар (Пробация жөнүндө КР Мыйзамынын 9-б.).

2-маселе. Пробациялык баяндаманы даярдоо

Айыпталуучуга карата пробациялык баяндама соттун талабы боюнча жүзөгө ашырылат. Судья пробация органына соттук отурумга даярдоо стадиясында пробациялык баяндаманы даярдоону пробация органына тапшырат. Ошентип КР ЖПКсынын 271-беренесине ылайык сот отурумун дайындоо мүмкүндүгү жөнүндө маселени чечүүдө судья айыпталуучулардын ар бирине карата төмөнкүлөрдү аныктоого тийиш:

1) иш ушул соттун караштуулугундабы;

2) айыптоо актысынын көчүрмөсү өз убагында тапшырылганбы;

3) айыпталуучуга бөгөт коюу чарасын колдонуу өзгөртүүгө же жокко чыгарууга жатабы;

4) кылмыш же жорук менен келтирилген зыяндын ордун толтурууну жана мүлктү мүмкүн болуучу конфискациялоону камсыз кылуучу чаралар көрүлгөнбү;

5) алдын ала угууну өткөрүүгө негиз барбы.

Андан кийин сот сот отурумун белгилөө жөнүндө токтом чыгарат, анда төмөнкү маселелер чечилет:

1) соттук териштирүүнүн орду, датасы жана убактысы жөнүндө;

2) адвокат иш боюнча милдеттүү түрдө катыша турган учурларда коргоочуну дайындоо жөнүндө;

3) тараптар берген тизмелер боюнча адамдарды сот отурумуна чакыруу жөнүндө;

4) жабык сот отурумунда ишти кароо жөнүндө.

Жазык кодексинин 83-беренесинде каралган учурларда, судья пробация органына пробациялык баяндама даярдоону тапшырат.

КР ЖКсынын 83-беренесинде «сот беш жылдан ашпаган мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындоодо кылмыштын оордугун, күнөөлүүнүн инсандыгын, анын пробациялык көзөмөлдү колдонууга берген макулдугун, ошондой эле иштин башка жагдайларын эске алуу менен, соттолгон адамды жаза өтөтпөстөн түзөтүү мүмкүн экендиги жөнүндө тыянакка келет, жазык-укуктук таасир этүүнүн мажбурлоочу-дем берүүчү чарасы болуп эсептелген пробациялык көзөмөлдү (пробацияны) колдонуу аркылуу аны жаза өтөөдөн бошотуу жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн» экендиги көрсөтүлгөн.

Пробациялык баяндаманы жана аны түзүү мүмкүн эместиги жөнүндө корутундуну түзүүнүн мөөнөтү соттун талабы келип түшкөн күндөн тартып 30 календардык күндү түзөт (Пробация жөнүндө Мыйзамдын 9-б.).

Бул мөөнөт жазык иштери боюнча соттук өндүрүштүн мөөнөтү менен өз ара байланышта: «Анча оор эмес кылмыштар жөнүндө жазык иши судья тарабынан маңызы боюнча бир айдан кечиктирилбестен чечилүүгө тийиш» (КР ЖПКсынын 274-б.).

3-маселе. Өкүм чыгарууда пробациялык баяндаманы колдонуунун тартиби

Өкүм чыгарууда сот кеңешүүчү бөлмөдө КР ЖПКсынын 336-б. көрсөтүлгөн бир катар маселелерди ырааттуу талкуулайт жана чечет. Аны шарттуу түрдө үч топко бөлүүгө болот:

1. Кылмыш жөнүндө (айыпталуучу айыпталып жаткан жосун орун алганбы; аны соттолуучу жасаганбы; бул жосун кылмыш катары саналабы жана дал кайсынысы, ал аны жасоого айыптуубу)

2. Тарбиялык же медициналык мүнөздөгү мажбурлоо чаралары же жаза жөнүндө (соттолуучу жазалоого жатабы жана кайсы жазага, жазаны жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар барбы; пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууга же жаза дайындоосуз өкүм чыгаруу үчүн негиздер ж.б.)

3. Зыяндын ордун толтуруу, буюмдук далилдердин тагдыры, процесстик чыгымдарды төлөтүү, тыюу салуу чаралары жөнүндө.

Өкүм чыгарууда сот пробация органынын пробациялык баяндамасынын сунуштоолорун эске алат.

Эгерде соттук териштирүүнүн жүрүшүндө кылмыш же жорук жасоодо айыпталуучунун айыптуулугу изилденген далилдердин жыйындысында такталса, анда сот айыптоочу өкүмдү чыгарат. Эгерде өкүм чыгаруу учуруна пробацияны колдонуу үчүн Жазык кодексинин 83-беренесинде каралган негиздер жана шарттары белгиленсе, сот жазадан бошотуу менен айыптоочу өкүмдү чыгарат. Бул учурга судьяда айыпталуучуга карата пробациялык көзөмөлдү колдонуунун мүмкүндүгү же мүмкүн эместиги жөнүндө тыянагы менен пробациялык органдын пробациялык баяндамасы болуш керек.

Айыптоочу өкүмдүн корутунду бөлүгү КР ЖПКсынын 344-беренесинде көрсөтүлгөн башка маселелер менен бирге пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууда пробациялык көзөмөлдүн мөөнөтүнүн узактыгы, ошондой эле айыпкерге жүктөлгөн пробациялык милдеттер жана контролдук талаптар, анын ичинде пробация органына келүү милдети көрсөтүлүшү керек.

4-маселе. Өкүмдү аткаруу стадиясында пробациялык көзөмөлдү жокко чыгаруунун тартиби

КР ЖПКсынын 427-беренесине ылайык, эгерде пробациялык мөөнөттүн ичинде соттолгон адам өзүнө жүктөлгөн пробациялык милдеттерди аткарса жана жаңы кылмыш жана (же) жорук жасабаса, аны сот ага дайындалган жазадан бошотот.

Пробациялык мөөнөттүн ичинде сот пробация органынын сунушу боюнча соттолгон адам үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттенмелерди толук же жарым-жартылай жокко чыгарат же болбосо толуктай алат.

Эгерде соттолгон адам жыл ичинде эки же андан көп жолу жүйөлүү себептерсиз өзүнө жүктөлгөн пробациялык милдеттенмелерди аткарууну бузса, анда сот пробация органынын же аскердик бөлүктөрдүн командачылыгынын сунушу боюнча пробациялык көзөмөлдү жокко чыгаруу тууралуу сот отурумун дайындайт жана аны дайындалган жазаны өтөө үчүн жөнөтөт. Мындай учурда сот соттолуучунун келүүсүн камсыз кылуу боюнча жеткиликтүү чараларды кабыл алууга тийиш.

Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазадан бошотууну жокко чыгаруу жөнүндө маселе, ошондой эле соттолгон адам үчүн мурда белгиленген пробациялык милдеттенмелерди толуктоо жөнүндө маселе сот тарабынан каралганда, сот соттолуучунун, анын өкүлүнүн, пробация органынын өкүлүнүн же аскер бөлүгүнүн командачылыгынын, прокурордун катышуусу менен сунушту карайт.

Өкүмдү аткарууга байланышкан маселени кароонун убактысы жөнүндө прокурорго жана соттолуучуга, ошондой эле пробация органынын өкүлүнө билдирилет.

Өкүмдү аткаруу менен байланышкан маселени кароонун натыйжалары боюнча сот токтом чыгарат, ал сот отурумунун залында жарыялануга тийиш. Токтомдун көчүрмөсү 3 күндүк мөөнөттө соттолгон адамга, өкүмдү аткаруу менен байланышкан маселе анын сунушу боюнча каралган органга жиберилет.

Соттун токтому апелляциялык тартипте даттанылышы мүмкүн (ЖПКнын 429-б.).

4, 5, 6, 7, 8, 9-КАЗУСТАР (АТКАРУУ ПРОБАЦИЯСЫ)

4. Түзөтүү иштери

Жаран Нарматов Р., 1978-жылы туулган, айыл чарба машиналарын куруу заводунда токарь болуп иштеген, Ысык-Ата райондук соту тарабынан КР ЖКсынын 246-беренеси боюнча 3 жылга түзөтүү жумуштарына соттолгон.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Пробация органына жана өкүмдү аткаруу тартибине соттолгон Р. Нарматовду учетко коюунун тартибин баяндагыла.*
2. *Соттолгон Р. Нарматовго карата, аны жаза аткаруудан баш тарттырган учурда кандай укуктук натыйжалар каралган?*

ЧЕЧИМ:

Соттолгон Нарматовдун түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазасы соттолуучунун негизги иши боюнча иштеп тапкан акча каражаттарынан мамлекеттин кирешесине ай сайын которуу менен аткарылат.

Соттолгон Нарматов пробация органдарынын уруксаты боюнча жүргүзүлүүчү, өз каалоосу боюнча жумуштан бошоо учурларынан сырткары, эмгек мыйзамдарында каралган тартипте жумуштан бошой алат, башка кызматка же жумушка которула алат. Пробация органдарынын уруксат берүүдөн баш тартуусу жүйөлөнгөн токтом менен таризделет.

Түзөтүү жумуштары түрүндө жаза мыйзамдык күчүнө кирген соттун чечими пробация органына келип түшкөн күндөн тартып он күндөн кеч эмес мөөнөттө аткарылат.

Түзөтүү жумуштарына соттолгон адамдар мыйзамдык күчүнө кирген соттун өкүмү (токтому, аныктамасы) келип түшкүн күндөн тартып он күндөн кеч эмес мөөнөттө жазаны аткарууга тартуу үчүн каттоо жана учетко коюу үчүн пробация органдарына келүүгө милдеттүү.

Пробация органдары:

1) соттолгон адамдарды каттоого алат;

2) жазаны өтөөнүн тартибин жана шарттарын түшүндүрөт;

3) соттолгон адамдын иштеген жери боюнча иштеп тапкандарынан жүргүзүүчү кармоолордун жана аларды мамлекеттин кирешесине которуулардын өз убагында жүргүзүлүп жаткандыгын жана үзгүлтүксүздүгүн текшерет;

4) соттолгон адамдардын жазаны өтөө шарттарын сактоосун контролдойт.

Түзөтүү жумуштары түрүндө жазаны өтөөнүн тартибин жана шарттарын соттолгон адамдын бузгандыгы (каттоо жана учетко туруу үчүн пробация органдарына жөндүү себептерсиз өз убагында келбөө; эмгек тартибин бузуу; жашаган жерин алмаштырандыгы тууралуу маалыматты өз убагында бербөө; жумуш ордун алмаштыргандыгы (бошогондугу) жана анын себептери жөнүндө маалыматты пробация органына бербөө) үчүн пробация органы түзөтүү иштерин Жазык кодексинде жана Жоруктар жөнүндө кодексте каралган башка бир кыйла катуу жаза менен алмаштыруу мүмкүндүгү жөнүндө соттолгон адамга жазуу жүзүндө эскертет.

Түзөтүү жумушу түрүндө жазаны өтөөдөн кыянаттык менен качкан соттолгон адамга карата пробация органы сотко түзөтүү жумуштары түрүндөгү жазаны ошол адам соттолгон беренелердин санкцияларында (беренелердин бөлүктөрүндө) каралган жаза-

нын башка түрүнө алмаштыруу жөнүндө сунуштама киргизет.

5. Коомдук жумуштар

Жаран Д. Сидоров, 1981-жылы туулган, Ленин райондук соту тарабынан КР ЖКсынын 254-беренеси боюнча соттолгон жана 300 саат аралыгына коомдук жумушка тартуу түрүндө жаза белгиленген.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Пробация органына жана өкүмдү аткаруу тартибине соттолгон Д. Сидоровду учетко коюунун тартибин баяндагыла.*
2. *Соттолгон Д. Сидоровго карата, аны жаза аткаруудан баш тарттырган учурда кандай укуктук натыйжалар каралган?*

ЧЕЧИМ:

Соттолгон Сидоровго карата коомдук жумуш түрүндө жаза пробация органдары тарабынан жашаган жери боюнча пробация органдары менен макулдашуу боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы белгилеген объектилерде аткарылат.

Коомдук жумуш түрүндөгү жаза мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмүнүн (токтомунун, аныктамасынын) көчүрмөсү менен соттун буйругу пробация органына келип түшкөн күндөн тартып он күндүк мөөнөттөн кеч эмес аткарылууга тийиш.

Соттолгон Сидоров мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмү (токтому, аныктамасы) келип түшкөн күндөн тартып он күндүк мөөнөттөн кеч эмес жазаны өтөө үчүн пробация органына келүүгө милдеттүү.

Пробация органдары:

1) соттолгон адамдарды каттоого алат;

2) жазаны өтөөнүн тартибин жана шарттарын түшүндүрөт;

3) коомдук жумуштарды аткаруу объектилерин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы менен макулдашат;

4) соттолгон адамдардын жазаны өтөө шарттарын сактоосун контролдойт;

5) ал тарабынан иштеп бүтүрүлгөн убакыттын суммалык эсебин жүргүзөт.

Коомдук жумуштар түрүндө жазаны өтөөнүн тартибин жана шарттарын соттолгон адамдын бузгандыгы (коомдук жумушту аткаруу үчүн өз убагында келбөө, эмгек тартибин бузуу, жашаган жерин алмаштыргандыгы тууралуу маалыматты өз убагында бербөө, пробация органына каттоо үчүн жөндүү себептерсиз бир жолу келбөө) үчүн пробация органы себебин тактагандан кийин коомдук жумуштар түрүндөгү жазаны Жазык кодексинде жана Жоруктар жөнүндө кодексте каралган башка жаза менен алмаштыруу жөнүндө соттолгон адамга жазуу жүзүндө эскертет.

Коомдук жумуштар түрүндө жазаны аткаруудан кыянаттык менен качкан соттолгон адамга карата пробация органы сотко коомдук жумуштар түрүндөгү жазаны Жазык кодексинин 65-беренесинде же Жоруктар жөнүндө кодекстин 45-беренесинде каралган жазанын башка түрүнө алмаштыруу жөнүндө сунуштама киргизет.

6. Белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү ишмердүүлүктү ээлөө укугунан ажыратуу

Курал-жарак дүкөнүнүн ээси Федоров Р. 1975-жылы туулган, Бишкек шаарынын Свердлов районунун соту тарабынан КР ЖКсынын 1-бөлүгүнүн 251-беренеси боюнча 4 жылдык мөөнөткө курал-жарак сатуу менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндө жазага тартылган.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Соттолгон Р. Фёдоровго карата өкүмдү аткаруунун тартибин баяндагыла.*
2. *Соттолгон Р. Фёдоровго карата, аны жаза аткаруудан баш тарттырган учурда кандай укуктук натыйжалар каралган?*

ЧЕЧИМ:

Белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндө жазаны аткаруу соттолгон адамдын жашаган жери боюнча пробация органдары тарабынан мыйзамдарда белгиленген тартипте жүзөгө ашырылат.

Белгилүү кызматты ээлөө же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндө жазаны аткаруу.

Пробация органдары:

1) соттолгон адамды каттоого алат;

2) соттун өкүмүндө каралган белгилүү кызматты ээлөөгө же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүүгө тыюу салууну соттолгон адамдын сактоосуна контролдук жүргүзөт;

3) соттолгон адамдын иштеген жери боюнча уюмдун администрациясы, ошондой эле соттолгон адамга тыюу салынган ишмердүүлүктүн түрүнө ылайык алектенүүгө уруксатты укуктуу жокко чыгаруу органдары тарабынан өкүмдүн жазма буйруктарынын аткарылышын текшерет. Белгилүү ишмердүүлүк менен алектенүү укугунан ажыратуу жөнүндө соттун өкүмү ишмердүүлүктүн тиешелүү түрү менен алектенүүгө уруксатты укуктуу жокко чыгаруу органдары үчүн милдеттүү;

Мыйзамдуу күчүнө кирген соттун өкүмүнүн (токтомунун, аныктамасынын) көчүрмөсүн жана пробация органынын билдирүүсүн алгандан кийин беш жумушчу күнүнүн ичинде көрсөтүлгөн органдар соттолгонго тыюу салынган ишмердүүлүктүн ошол түрү менен алектенүүгө уруксатты жокко чыгарууга, ишмердүүлүктүн көрсөтүлгөн түрү менен алектенүү укугуна тиешелүү ал адамга берилген документти алып салууга жана бул жөнүндө пробация органына билдирүү жөнөтүүгө милдеттүү.

Өкүмдү аткарбаган жана белгилүү кызматты ээлеген же белгилүү ишмердүүлүк менен алектенген соттолгон адамга карата пробация органы Жазык кодексинин 66-беренесине ылайык аны жоопкерчиликке тартуу жөнүндө сотко сунуштама киргизет.

7. Эркиндигин чектөө

Жаран Төлөнов Д., 2001-жылы туулган, алты айга эркиндигин чектөө менен КР ЖжКнын 119-беренеси боюнча Жайыл райондук соту тарабынан соттолгон. Сот тарабынан кошумча милдеттер: кафелерге, түнкү клубдарга жана башка көңүл ачуучу мекемелерге барбоо, ошондой эле саат 19.00дөн 06.00гө чейин үйдө туруу дагы жүктөлгөн. Бирок натыйжада Д. Төлөгөнов коомдук жайда мас абалында жүргөндүгү үчүн ички иштер органдарынын кызматкерлери тарабынан кармалган. Мындан сырткары, Д. Төлөнов өзүнүн жүрүм-туруму жөнүндө пробация органынын алдында отчет берүү милдетинен баш тарткан.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Д. Төлөновго карата ыйгарым укуктуу органдардын мүмкүн болгон аракеттерин аныктагыла.*
2. *Д. Төлөновго карата, аны жаза аткаруудан баш тарттырган учурда кандай укуктук натыйжалар каралган?*

ЧЕЧИМ:

Эркиндигин чектөөгө соттолгон адамдар пробация органынын көзөмөлүндө жашаган жери боюнча жазасын өтөйт.

1) соттолгон адамды каттоого алат;

2) соттолгон адамга жазаны өтөөнүн тартибин жана шарттарын түшүндүрөт;

3) соттолгон адамдын сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерин аткарууну контролдойт;

4) соттолгондордун жалпы кабыл алынган моралдык-этикалык жана укуктук ченемдерди сактоосу боюнча иштерди жүргүзөт.

Жөндүү себептерсиз эркиндигинен чектөө түрүндө жазаны өтөөнүн тартиби жана шарттары бузулган учурда пробация органы бузуулар дагы кайталана турган болсо мүмкүн болгон залалдар жөнүндө соттолгон адамга жазуу жүзүндө эскертет.

Эркиндигинен чектөө түрүндө жазаны өтөөнүн тартиби жана шарттары жөндүү себептерсиз кайталап бузулган учурда пробация органы эркиндигин чектөө түрүндө жазаны Жоруктар жөнүндө кодекстин 46-беренесине ылайык айып пул түрүндө жаза менен алмаштыруу жөнүндө сотко сунуш жөнөтөт.

Эркиндигинен чектөө түрүндө жазаны өтөө түрүндө жазаны өтөөнүн тартибинин жана шарттарынын бузулушу болуп төмөнкүлөр саналат:

1) соттолгон адамдын мыйзамдар белгиленген милдеттерди аткарбоосу;

2) соттолгон адамдын ага сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткарбоосу.

8. Пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазык жазасын аткаруудан бошотуу

Жаран Түлеев, 1997-жылы туулган, Биринчи Май райондук соту тарабынан КР ЖКсынын 1-б. 202-беренеси менен үч жылга эркиндигинен ажыратууга соттолгон. Бирок сот жасалган кылмыштын оордугун жана айыпкердин инсандыгын эске алуу менен сот үч жылдык мөөнөткө пробациялык көзөмөлдү колдонуу менен жазасын аткаруудан бошотууну чечкен.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Түлеевге карата ыйгарым укуктуу органдардын мүмкүн болгон аракеттерин аныктагыла.*
2. *Ал тарабынан көзөмөлдүк талаптарды бузган учурда Түлеевге карата, кандай укуктук натыйжалар каралган.*

ЧЕЧИМ:

Пробациялык көзөмөл пробациялык орган тарабынан жүзөгө ашырылат. Сот төмөнкү көзөмөлдүк талаптарды аткарууну жүктөйт:

1) соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып он күндүн ичинде жашаган жери боюнча пробация органына баруу;

2) пробация органынын уруксатысыз өлкөнүн чегинен сыртка чыкпоо;

3) пробация органына жашаган, иштеген же окуган жери, ошондой эле алардын өзгөрүүлөрү тууралуу билдирүү;

4) пробация органынын кызматкерлеринин мыйзамдуу талаптарынын негизинде пробация органына жумуш убактысында мезгил-мезгили менен барып туруу;

5) жашаган жеринен кыска мөөнөткө чыгуу зарыл болгондо, пробация органынан уруксат алуу.

Эгерде соттолгон адам бир жылда эки жана андан көп жолу жөндүү себептерсиз көзөмөлдүк талаптарды жана ага жүктөлгөн пробациялык милдеттерди бузса, анда пробация органы пробациялык көзөмөлдү жана жаза аткарууну жокко чыгаруу жөнүндө сотко сунуштама киргизет.

9. Жашы жете электерге карата тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарасы жана эскертүү менен жүрүм-турумду чектөө.

Жаран Азатов, 2002-жылы туулган, Бишкек ш. Октябрь райондук соту тарабынан 1-б. 200-беренеси боюнча бир жылга түзөтүү жумуштарына соттолгон.

Бирок сот жасалган кылмыштын оордугун жана айыпкердин инсандыгын эске алуу менен Азатовду жаза аткаруудан бошотууну чечкен жана ага тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чараларын жана бир жыл алты айлык мөөнөткө эскертүү менен эркиндигинен чектөө белгилеген.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Азатовго карата ыйгарым укуктуу органдардын мүмкүн болгон аракеттерин аныктагыла*
2. *Ал тарабынан көзөмөлдүк талаптар бузулган учурда Азатовго карата кандай укуктук натыйжалар караштырылган?*

ЧЕЧИМ:

Алдын алуу менен жүрүм-турумун чектөө түрүндө тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарасына соттолгон адам соттун өкүмү мыйзамдуу күчүнө кирген күндөн тартып он календардык күндөн кеч эмес пробация органына барууга милдеттүү.

Пробация органдары:

1) соттолгон адамды каттоого алат;

2) тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарасын өтөөнүн тартибин жана шарттарын түшүндүрөт;

3) соттолгон адамдын сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди аткаруусун контролдойт;

5) жалпы кабыл алынган моралдык-этикалык жана укуктук ченемдерди сактоо боюнча ишти жүргүзөт.

Алдын алуу менен жүрүм-турумун чектөө түрүндө тарбиялык мүнөздөгү мажбурлоо чарасына соттолгон адамдын милдеттери:

1) сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди жана тыюуларды аткаруу;

2) пробация органынын кызматкерлеринин мыйзамдуу талаптарын аткаруу;

3) Пробация органына билдирбестен жашаган жерин, ишин, окуусун алмаштырбоо;

4) пробация органынын уруксатысыз административдик-аймактык бирдиктен сыртка чыкпоо;

5) өзүнүн жүрүм-туруму жана сот тарабынан жүктөлгөн милдеттерди жана тыюулардын сакталышы тууралуу пробация органына отчет берип туруу;

6) каттоо жана профилактикалык маектешүүгө катышуу үчүн, ошондой эле пробация органынын чакыруусу менен айына эки жолу барып туруу.

Соттолгон адам алдын алуу менен жүрүм-турумун чектөө түрүндө тарбиялоо мүнөзүндөгү мажбурлоо чарасын өтөөнүн тартибин жана шарттарын бузган же башка укук бузууларды жасаган учурда пробация органы жашы жете элек адамга тарбиялоо мүнөзүндөгү бир кыйла катуу чараларды же жазык жазасын колдонуу жөнүндө сотко сунуштоо жөнөтөт.

№1 КАЗУС
«ТҮЛЕЕВДИН ИШИ»

Түлеев, 1997-жылы туулган, 2017-жылы 10-августта, баңгизатка мас болуу менен, баңгизаттын кезектеги үлүшүнө акча табууну чечкен.

Сыртка чыгып, ал колуна портфель көтөрүп жумуштан кайтып келе жаткан, жаран Исмановду көргөн. Түлеев анын артынан түшүп, Исманов үйдүн подъездине киргенде аны басып калып, аны муунтат, муунтуп жатып, эгерде ал акча берсе ал аны кое бере тургандыгын айтат. Исманов улгайып калган адам болот, кол салган адам аны майып кылып койбосун деп коркуп, колундагы сумканы таштап жиберип, ошондо акча бар деп кырылдайт. Түлеев портфелди алып, башка адамдар келип калбасын деп сактанып, шашылыш көчөгө чуркап чыгат.

Портфелде 5000 сом акча жана 25000 сом наркындагы ноутбук бар болот.

Шектелген адамга сурак жүргүзүлгөн. Түлеев мурда соттолгон эмес, жайсыз үй-бүлөдө жашаган. Атасы аракеч болгон жана алкоголизмден бир нече жолу дарыланган. Апасы керелден кечке базарда иштейт. Түлеев 8-классты аяктап, иштеп баштаган. Белгисиз адамдар менен байланышып, баңгизат пайдалана баштаган. Акча жетишпеген, ошол себептен кылмышка барган.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Айыптуунун аракетин баалагыла.*
2. *Жаза дайындагыла.*
3. *Сот пробациялык көзөмөл колдоно алабы?*

ЧЕЧИМ:

1. КР ЖКсынын 202-б. 1-б. «Каракчылык» боюнча жоопкерчиликке тартат.
2. КР ЖКсынын 202-б. 1-бөлүгүнө ылайык – 500дөн 700гө чейинки эсептик көрсөткүчтөгү айып пулу менен эки жыл алты айдан беш жылга чейин эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза белгилениши мүмкүн.
3. Сот 83-бereненин 1-бөлүгүнө ылайык пробациялык көзөмөлдү колдонот.

№2 КАЗУС
«АЗАТОВДУН ИШИ»

Азатов 2002-жылы туулган, 2017-жылы 27-майда «Миң түркүн» аялдамасынын жанында өтүп баратып, Расуловдун колундагы жаңы моделдеги уюлдук телефонун көрүп калган, ал телефон менен сүйлөшүп бүткөн соң, аны курткасынан чөнтөгүнө салып, 213-маршруттук таксини токтотууга шашкан.

Азатов телефонду тартып алыш үчүн Расуловдун артынан маршруттук таксиге түшкөн. Маршруттук таксиде киши көп болгондуктан, Азатов 40000 сом наркындагы Samsung c8 маркасындагы уюлдук телефонду Расуловдун чөнтөгүнөн билгизбей алып, таксини токтотуп, андан түшүп калган. Ыкчам иш-чаранын жүрүшүндө Азатов кармалган.

Сотко чейинки өндүрүштө Азатов 234-мектептин окуучусу болуп саналгандыгы белгиленген. Сабакты дайыма калтырат, мектепте тамеки чеккендиги тууралуу мугалимдер тарабынан эскертүүлөрдү алат, эмоционалдык туруксуздугу менен мүнөздөлөт жана Ленин районундагы ЖИИде үйдөн тез-тез чыгып кеткени жана мектепке келбегенине байланыштуу каттоодо турат.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Айыптуунун аракетин баалагыла.*
2. *Жаза дайындагыла.*
3. *Сот пробациялык көзөмөл колдоно алабы?*

ЧЕЧИМ:

1. КР ЖКсынын 200-б. 1-б. «Уурдоо» боюнча жоопкерчиликке тартат.
2. КР ЖКсынын 200-б. 1-бөлүгүнө ылайык – IV категориядагы түзөтүү жумуштары же V категориядагы айып пул, же болбосо I категориядагы айып пул менен I категориядагы эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза белгилениши мүмкүн.
3. Сот 83-бereненин 1-бөлүгүнө ылайык пробациялык көзөмөл колдонот.

№3 КАЗУС
«КАМЕРУНДУН ИШИ»

2017-жылы 10-августта Биринчи Май ички иштер бөлүмүнө жаран Уланов Бишкек шаарынын Исанов жана Киевский көчөлөрүнүн кесилишинде белгисиз адам кагазды доллардык купюрага айландырып берүү боюнча өзүнүн кызмат көрсөтүүсүн сунуштаган, ал макул болуп 5 000 $ суммасындагы акча каражатын бергени жөнүндө арыз менен кайрылган. Белгисиз адам көрсөтүлгөн сумманы алып, убаданы аткарбастан, качып кеткен.

РИИБдин кызматкерлери издөө иш-чараларын жүргүзүү менен Бишкек шаарынын бир ЖОЖунда окуган 1993-жылы туулган Камерун Х., жана 1995-жылы туулган Б. кармалышты.

Жарандын ишенимине кирип алып, алар акча каражатын алдап алышкан, ордуна акча купюраларынын санын эки эсеге көбөйтүп берүүнү убада кылышкан. Көрсөтүлгөн адамдардын жашаган жерлерин тинтүүнүн жүрүшүндө ар түрдүү куралдар (медициналык маскалар, кол каптар, химиялык реагенттер ж.б.) табылган, алар жабырлануучуну алдоо максатында пайдаланылган.

Окуу жайынын жетекчилиги тарабынан көрсөтүлгөн жактар оң мүнөздөлөт, сабакка өз убагында катышат жана курсташтарынын жакшы пикирлерине ээ.

Талкуулоо жана чечүү үчүн суроолор:

1. *Айыптуунун аракетин баалагыла.*
2. *Жаза дайындагыла.*
3. *Сот пробациялык көзөмөл колдоно алабы?*

ЧЕЧИМ:

1. КР ЖКсынын 204-беренесинин 2-бөлүгүнүн 1, 2-пункттары алдамчылык боюнча жоопкерчиликке тартат.
2. КР ЖКсынын 2-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык – VI категориядагы айып пул же II категориядагы айып пул менен II категориядагы эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза белгилениши мүмкүн.
3. Сот 83-берененин 1-бөлүгүнө ылайык пробациялык көзөмөл колдонот.

ТРЕНИНГ
ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛ: ТҮШҮНҮК, КӨЗӨМӨЛДҮК ТАЛАПТАР, УКУКТУК НАТЫЙЖАЛАР, ПРОБАЦИЯЛЫК КӨЗӨМӨЛДҮ ЖҮЗӨГӨ АШЫРУУНУН ТАРТИБИ, ЖАЗЫК ПРОЦЕССИНДЕ ПРОБАЦИЯ ИНСТИТУТУН ИШКЕ АШЫРУУ

ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Тренингдин катышуучуларына пробация институту, пробациялык көзөмөл, аны колдонуунун негиздери жана пробациялык көзөмөлдүн укуктук натыйжалары жөнүндө, ошондой эле жаңы КР ЖПКсы боюнча пробация институтун ишке ашыруунун өзгөчөлүктөрү тууралуу билим берүү.

Кароо жана үйрөнүү үчүн суроолор:

- Пробациялык көзөмөл: түшүнүк, көзөмөлдүк талаптар, жаңы КР ЖКсы боюнча укуктук натыйжалар.
- Жаңы КР ЖПК жана КР ЖАК боюнча пробация институтун ишке ашыруу.

4 - МОДУЛЬ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ ЖАЗЫК МЫЙЗАМЫ БОЮНЧА ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДОО ИНСТИТУТУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ ЖАЗЫК МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДООНУН ИНСТИТУТУ

ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ: Катышуучуларга Кыргыз Республикасынын жаңы Жазык кодекси боюнча жазык кылмышы үчүн жаза дайындоонун жаңы тартиби тууралуу билим берүү.

ТРЕНИНГДЕ КАРОО ЖАНА ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН МАСЕЛЕЛЕР:
1. Жаңы КР Жазык кодекси боюнча жагдайларды жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жазаларды дайындоонун жалпы түшүнүгү.
2. Жазаларды дайындоонун атайын эрежелери.

ТРЕНЕРЛЕР/ЭКСПЕРТТЕР: Сыдыкова Л. Ч. ю.и.д., КОСУнун профессору; Сулайманова Н. Н. ю.и.д., КОСУнун профессору; Качикеева Б. Ж., эксперт, Ашуралиева Т.М., эксперт.

КАТЫШУУЧУЛАР: Судьялар, УКМКнын, Прокуратуранын, ИИМдин, ЖАМКнын, ЭККМКнын кызматкерлери, ЖОЖдордун юридика факультеттеринин окутуучулары, адвокаттар, юридикалык коомдоштуктар.

ЖАЛПЫ УБАКТЫСЫ: 5 саат 30 мүнөт (4 окуу сааты, 1 саат түшкү тамактануу, 30 мүн. тыныгуу)
4 окуу сааты (Киришүү сессиясы – 30 мүн., 1-сессия – 60 мүн., 2-сессия – 180 мүн., корутунду сессия – 30 мүн.)

КЕРЕКТҮҮ КЕҢСЕ ТОВАРЛАРЫ ЖАНА ТЕХНИКАЛЫК КАРАЖАТТАР:
- Флипчарт жана түстүү маркерлер
- Дептерлер жана калемсаптар
- LCD проектор жана экран

ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР:
ТМ 1-1. Катышуучулар үчүн программа
ТМ 1-2. «Жеңилдетүүчү жана оорлотуучу» көнүгүү (тренерлер үчүн гана)
ТМ 1-3. «Жаза дайындоонун жалпы башталышы» №1 схема
ТМ 1-4. (А-Б-В) казустары «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жаза дайындоо»
ТМ 1-5. «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазаны дайындоо» №2 схема.
ТМ 2-1. (Г-Д) казустары «Кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо» (1-2 нуска)
ТМ 2-2. «Кылмыштардын жыйындысы» №3 схема
ТМ 2-3. «Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо» №4 схема
ТМ 2-4. (Е-Ж-З) казустары «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» (1-2 нуска)
ТМ 2-5. «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» №5 схема
ТМ 2-6. (И-К-Л) казустары «Кылмыш жана жорук үчүн жазаларды сиңирүүдө жаза дайындоонун эрежеси» (1-2 нуска)
ТМ 2-7. «Кылмыш жана жорук үчүн жазаларды сиңирүүдө жаза дайындоонун эрежеси» №6 схема.
ТМ 3-1. Баалоо анкетасы

КОШУМЧА ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР[1]:

1. Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси
2. Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодекси
3. Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодекси
4. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси
5. Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодекси
6. Кыргыз Республикасынын «Пробация жөнүндө» мыйзамы
7. «Мамлекет кепилдеген юридикалык жардам жөнүндө» Кыргыз Республикасынын-Мыйзамы, 2009-жылы 25-июнда кабыл алынган
8. «Кыргыз Республикасынын Жазык кодексин, Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодексин, Кыргыз Республикасынын Жазык-аткаруу кодексин, «Мунапыс берүү негиздери жана аны колдонуу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын колдонууга киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, 2017-жылы 24-январда кабыл алынган, №10.

(же тренингдин ар бир темасы үчүн керектүү мыйзамдардан үзүндүлөр)

ОКУТУУ УСУЛДАРЫ:

- Казустар менен иштөө
- Чакан топтордо талкуулоо
- Таратылуучу материалдар
- Power point presentation
- Симуляция
- Жалпы талкуулоо
- Мээге чабуул
- Мини-лекция

1. 1ден 6га чейинки катар номер менен көрсөтүлгөн кодекстер жана мыйзам КР ЖК тарабынан 2016-жылдын 22-декабрында кабыл алынган жана КР Президенти тарабынан 2017-жылдын 2-февралында кол коюлган (2017-жылдын 24-январындагы КР Мыйзамы менен 2019-жылдын 1-январынан тартып колдонууга киргизилет).

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
09:00-09:30	**Киришүү сессиясы.** Саламдашуу жана таанышуу. Тренингдин максаты жана милдеттери. Иштөө эрежеси.		Бейдждер, түстүү маркерлер, калемсаптар, А4	
09:30-10:30	**1-сессия.** Жаңы КР Жазык кодекси боюнча жагдайларды жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жазаларды дайындоонун жалпы түшүнүгү	**1-КАДАМ.** «Жеңилдетүүчү жана оорлотуучу» көнүгүүсү «жеңилдетүүчү» жана «оорлотуучу» жагдайларды түшүнүүгө жана ажыратууга багытталган. Тренер катышуучуларга эки чакан талкуулоо тобуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт жана аларды эки башка биринин артынан бири турган катарга тизет. Дубалда ар бир топтун тушунда «жеңилдетүүчү» (2-топтун маңдайында) жана «оорлотуучу» (1-топтун маңдайында) деген жазуу илинип турат. Мелдеш тездикке жана тууралыкка жүргүзүлөт. Тренер күн мурунтан бирдей сандагы жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайлардан турган, бирок бири-бирине аралаштырылган бирдей карточкалардын (ЖКнын 73 жана 75 беренелери менен, чоң тамгалар менен басылган кесиндилер) 2 топтомун даярдап алат. «Жеңилдетүүчү жана оорлотуучу» көнүгүүсү – жарыш аткаруунун тездигине/убактысына жана тууралыгына жүрөт. **2-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?» Тренер катышуучуларга жакшы иштегендиктери үчүн ыраазычылык билдирет жана өз ордуларынан орун алышын суранат.	**ТМ 1-1.** Катышуучулар үчүн программа **ТМ 1-2.** «Жеңилдетүүчү жана оорлотуучу» көнүгүү (тренерлер үчүн гана) **ТМ 1-3.** «Жаза дайындоонун жалпы башталышы» №1 схема **ТМ 1-4.** (А-Б-В) казустары «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жаза дайындоо» (1-2 нуска) **ТМ 1-5.** «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазаны дайындоо» №2 схема.	Сыдыкова Л. Ч., Сулайманова Н .Н.

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		3-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы: Көнүгүү КР ЖКсынын 73 жана 75-беренелеринде берилген жазанын жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жагдайларынын ортосундагы ажыратууну жүргүзүүгө жардам берди. **4-КАДАМ.** Тренер экрандан КР ЖКсынын 73 жана 75-беренелерин көрсөтөт жана тема боюнча негизги терминдерди новеллаларды берет. **5-КАДАМ.** Тренер «Жаза дайындоонун жалпы баштапкы» №1 схеманы экрандан көрсөтөт жана толук түшүнүк берет **(ТМ 1-3)** **5-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР» **6-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жаза дайындоо» темасы боюнча казустар менен иштөө үчүн 3 чакан талкуулоо тобуна (ЧТТ) бөлүнүүнү сунуштайт. Ар бир топко 1-1, 1-2, 1-3 казустары таратылат. **ТМ 1-4.** **7-КАДАМ.** Иштин жыйынтыгы боюнча чакан талкуулоо топторунун бетачарлары. Ар бир чакан топ тапшырманы талкуулоолору, тил табышуулары жана башка чакан талкуулоо топторуна өздөрүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын көрсөтүшү керек. Ар бир чакан топ иштеп бүтүрүүлөрүн жана бетачарларын түстүү маркерлерди пайдалануу менен флипчарттарга жазып белгилешет. Тренер ар бир чакан топ менен бирге Казусту жана анын Чечимин талдайт. Тренер жакшы иштегендиктери үчүн катышуучуларга ыраазычылык билдирип, өз ордуларынан орун алууларын суранат.		

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		8-КАДАМ. 3 чакан топтун бетачарлары өткөрүлгөндөн кийин со-тренер «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазаны дайындоо» №2 схемасын ар бир катышуучуга таратат. **ТМ 1-5.** **9-КАДАМ.** Тренер «Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазаны дайындоо» №2 схемасын көрсөтүү аркылуу материалды бекемдейт. **ТМ 1-5.** **10-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?» **11-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы:** Казустардын жана талкуулардын үстүндө иштөөнүн натыйжасында катышуучулар жаңы КР ЖКсы боюнча кылмышка даярдык көрүү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жаза дайындоонун эрежесин түшүнө жана өздөштүрө алышты. **12-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР» **13-КАДАМ.** Тренер **1-сессиянын ЖЫЙЫНТЫГЫН** чыгарат, зарыл болгон учурда кенемтелерди толуктайт жана 2-сессияны жүргүзүү үчүн сөздү со-тренерге берет.		
10:30-11:00	Тыныгуу			

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
11:00-12:00	**2-сессия.** Жазаны дайындоонун атайын эрежелери	**1-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга «Кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо» №2-1, 2-2, 2-3 казустары менен иштөө үчүн 3 чакан талкуулоо тобуна бөлүнүүнү сунуштайт **(1-2 нуска).** **2-КАДАМ.** Иштин жыйынтыгы боюнча чакан талкуулоо топторунун (ЧТТ) иштеп бүтүрүүлөрүнүн бетачары. Ар бир чакан топ тапшырманы талкуулоолору, тил табышуулары жана башка чакан талкуулоо топторуна өздөрүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын көрсөтүшү керек. Ар бир чакан топ иштеп бүтүрүүлөрүн жана бетачарларын түстүү маркерлерди пайдалануу менен флипчарттарга жазып белгилешет. Тренер ар бир чакан топ менен бирге Казусту жана анын Чечимин талдайт. Тренер жакшы иштегендиктери үчүн катышуучуларга ыраазычылык билдирип, өз ордуларынан орун алууларын суранат. **3-КАДАМ.** 3 чакан топ бетачарларын өткөргөндөн кийин со-тренер ар бир катышуучуга «Кылмыштардын жыйындысы» №3 схемасын **(ТМ 2-2)** жана «Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо» №4 схеманы таратат. **4-КАДАМ.** Тренер «Кылмыштардын жыйындысы» №3 схемасын жана «Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо» №4 схеманы **(ТМ 2-3)** көрсөтүү аркылуу материалды бекемдейт. **5-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?»	**ТМ 2-1.** (Г-Д) казустары «Кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо» (1-2 нуска) **ТМ 2-2.** «Кылмыштардын жыйындысы» №3 схема **ТМ 2-3.** «Өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жаза дайындоо» №4 схема **ТМ 2-4.** (Е-Ж-З) казустары «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» (1-2 нуска) **ТМ 2-5.** «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» №5 схема	Сыдыкова Л. Ч., Сулайманова Н. Н.

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		6-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы: Казустардын жана талкуулардын үстүндө иштөөнүн натыйжасында катышуучулар кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо эрежесин түшүнө жана өздөштүрө алышты. **7-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР». **8-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга №3-1, 3-2, 3-3 казустар менен иштөө үчүн 3 чакан талкуулоо тобуна бөлүнүүнү сунуштайт **(ТМ 2-4).** **9-КАДАМ.** Иштин жыйынтыгы боюнча чакан талкуулоо топторунун (ЧТТ) иштеп бүтүрүүлөрүнүн бетачары. Ар бир чакан топ тапшырманы талкуулоолору, тил табышуулары жана башка чакан талкуулоо топторуна өздөрүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын көрсөтүшү керек. Ар бир чакан топ иштеп бүтүрүүлөрүн жана бетачарларын түстүү маркерлерди пайдалануу менен флипчарттарга жазып белгилешет. Тренер ар бир чакан топ менен бирге Казусту жана анын Чечимин талдайт. Тренер жакшы иштегендиктери үчүн катышуучуларга ыраазычылык билдирип, өз ордуларынан орун алууларын суранат. **10-КАДАМ.** 3 чакан топ бетачарларын өткөргөндөн кийин со-тренер ар бир катышуучуга «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» № 5 схемасын таратат **(ТМ 2-5).** **11-КАДАМ.** Тренер «Күнөөнү моюнга алуу жана кызматташууну түзүүдө жаза дайындоо» №5 схемасын (**ТМ 2-5)** көрсөтүү аркылуу материалды бекемдейт. **12-КАДАМ.** Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?»		

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		13-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы: Казустардын жана талкуулардын үстүндө иштөөнүн натыйжасында катышуучулар күнөөнү моюнга алуу жана кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзүүдө жаза дайындоо эрежесин түшүнө жана өздөштүрө алышты. **14-КАДАМ.** «СУРОО-ЖООПТОР».		
12:00-13:00	Түшкү тамактануу			
	2-сессия. Жаза дайындоонун атайын эрежелери (уландысы) **2.3. бардык тренингдер боюна ТЫЯНАК-ТАР:** Жаза дайындоо кылмыш же жорук жасаган адамга акыйкат жана мыйзамдуу жаза дайындоо принцибин ишке ашырууга мүмкүндүк берет.	**15-КАДАМ.** Тренер катышуучуларга №4-1, 4-2, 4-3 казустар менен иштөө үчүн 3 чакан талкуулоо тобуна бөлүнүүнү сунуштайт **(ТМ 2-6).** **16-КАДАМ.** Иштин жыйынтыгы боюнча чакан талкуулоо топторунун (ЧТТ) иштеп бүтүрүүлөрүнүн бетачары. Ар бир чакан топ тапшырманы талкуулоолору, тил табышуулары жана башка чакан талкуулоо топторуна өздөрүнүн иштеп бүтүргөндөрүнүн бетачарын көрсөтүшү керек. Ар бир чакан топ иштеп бүтүрүүлөрүн жана бетачарларын түстүү маркерлерди пайдалануу менен флипчарттарга жазып белгилешет. Тренер ар бир чакан топ менен бирге Казусту жана анын Чечимин талдайт. Тренер жакшы иштегендиктери үчүн катышуучуларга ыраазычылык билдирип, өз ордуларынан орун алууларын суранат. **17-КАДАМ.** 3 чакан топ бетачарларын өткөргөндөн кийин со-тренер ар бир катышуучуга «Кылмыш жана жорук үчүн жазаларды сиңирүүдө жаза дайындоонун эрежеси» №6 схемасын таратат **(ТМ 2-7).** **18-КАДАМ.** Тренер «Кылмыш жана жорук үчүн жазаларды сиңирүүдө жаза дайындоонун эрежеси» №6 схемасын көрсөтүү аркылуу материалды бекемдейт **(ТМ 2-7).**		

Убактысы	Үйрөнүү үчүн сессиялардын жана маселелердин аталыштары	Кадамдар жана окутуунун колдонулган интерактивдүү усулдары	Таратылуучу материал	Тренерлер/ эксперттер
		19-КАДАМ. Тренер суроо берет: «Бул көнүгүү пайдалуу болдубу? Эгер пайдалуу болсо, анда эмнеси менен пайдалуу болду?» **20-КАДАМ. Көнүгүүдөн кийинки тренердин таржымалы:** Казустардын жана талкуулардын үстүндө иштөөнүн натыйжасында катышуучулар кылмышты жана жазаны талкуулоодо жазаларды сиңирүү эрежесин түшүнө жана өздөштүрө алышты. **21-КАДАМ.** Тренер **бардык тренинг боюнча ТЫЯНАК чыгарат.** **22-КАДАМ.** «СУРООЛОР-ЖООПТОР». Бардык тренерлер жана эксперттер тренингдин темалары жана бардык сессиялар боюнча тренингдин катышуучуларынын суроолоруна жооп беришет.		
15:00-15:30	**Корутунду сессия.** **Тренингдин аякташы** «Кыргыз Республикасынын жаңы жазык мыйзамдары боюнча жазаларды дайындоонун институту». **Тренингди баалоо.**		**ТМ 3-1.** Баалоо анкетасы	

КАТЫШУУЧУЛАР ҮЧҮН ТАРАТЫЛУУЧУ МАТЕРИАЛДАР

ТРЕНИНГ «КР ЖАЗЫК КОДЕКСИ БОЮНЧА ЖАЗАНЫ ДАЙЫНДОО ИНСТИТУТУ»

Өткөрүлө турган датасы: 2018-жылдын 1, 2-марты

Өткөрүлө турган орду: Бишкек ш., Park Hotel

Катышуучулар: КР ЭККМКнын, КР ИИМдин, КР ЖАМКнын, КР БПнын, КР ЖСнын, КР УКМКнын, ЖОЖдордун, адвокатуралардын өкүлдөрү.

Программа

09:00 – 09:15	**Каттоо**
09:15 – 09:30	**Өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдү куттуктоо.** Тренингдин максаттары жана милдеттери *«Сорос - Кыргызстан» Фонду,* *Ашуралиева Тахмина, Укуктук программанын координатору*
09:30 – 10:30	**1-сессия.** Жаңы КР Жазык кодекси боюнча жагдайларды жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жазаларды дайындоонун жалпы түшүнүгү. *Сыдыкова Лейла Чынтургановна, ю.и.д., КОСУнун профессору,* *Эксперттик жумушчу топтун жетекчиси* *Сулайманова Назгуль Назарбековна, ю.и.д., КОСУнун профессору* *Эксперттик жумушчу топтун мүчөсү*
10:30 – 11:00	**Тыныгуу**
11:00 – 13:00	**2-сессия.** Жаза дайындоонун атайын эрежелери. *Сыдыкова Лейла Чынтургановна, ю.и.д., КОСУнун профессору,* *Эксперттик жумушчу топтун жетекчиси* *Сулайманова Назгуль Назарбековна, ю.и.д., КОСУнун профессору* *Эксперттик жумушчу топтун мүчөсү*
13:00 – 14:00	**Түштөнүү**
14:00 – 15:30	**2-сессия.** Жаза дайындоонун атайын эрежелери (уландысы) *Сыдыкова Лейла Чынтургановна, ю.и.д., КОСУнун профессору,* *Эксперттик жумушчу топтун жетекчиси* *Сулайманова Назгуль Назарбековна, ю.и.д., КОСУнун профессору* *Эксперттик жумушчу топтун мүчөсү*
15:30 – 16:00	**Жыйынтык чыгаруу**


Кылмыш жасоого айыптуу деп таанылган адамга акыйкат жаза дайындалат
КР ЖКнын Өзгөчө бөлүгүндө белгиленген тиешелүү беренелердин чегинде
КР ЖКнын Жалпы бөлүгүнүн жоболорун сактоо менен
1) Күнөөнүн даражасы 2) Жосундан келтирилген зыяндын даражасы менен шайкеш (КР ЖК 72-б. 2-б.)
Жазанын алдын алуу максатын эске алуу менен (КР ЖК 72-б. 2-б.)
анын ичинде кырдаал
Соттолгондорду түзөтүү
Соттолгондун жашоо шарты
Жеңилдетүүчү жазалар
Оорлотуучу жазалар
Эгерде адам жазык жоопкерчилигине тартылган ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн беренесинде (беренесинин бөлүгүндө) кылмыштын курамы катары жеңилдетүүчү же оордотуучу жагдайлар каралса, анда бул жагдайлар жазаны дайындоодо көңүлгө алынбайт.

ТМ 1-4. (А)
(кылмышка даярдык көрүү үчүн жаза)

№1 КАЗУС
«КУБАНЫЧБЕКОВДУН ИШИ»

2019-жылдын 1-январында Кубанычбеков өзүнүн мурунку аялы Розанын бирге жашоочусун өлтүрүүгө аракет жасаган. Аялы балдары менен көрүшүүгө тыюу салган жана бардыгын өзү бирге жашаган Ахмедовго айтам деп убада кылып, үйгө келбөөсүн айткан.
Ал аялынын жана балдарынын үйдөн кетүүсүн күтүп туруп, билдирбей жабырлануучу Ахмедов турган үйдүн короосуна кирип, анын баш жагына, мойнуна жана өтө маанилүү органдарына, аны жек көрөрүн айтып кыйкырып, сого баштаган. Ахмедов акыл-эсин жоготуп койгон. Кубанычбеков кошуналардын «өлтүрдү!» деген кыйкырыктарын угуп, курмандыкты таштай салып, аны өлдү деп ойлоп, качып кеткен.
Ахмедов ооруканага жеткирилип, ага жардам көрсөтүлгөн.
Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Сот Кубанычбековго кайсы чектердеги жазаны дайындай алат?

ТМ 1-4. (Б)

№2 КАЗУС
«АБДЫЛДАЕВДИН ИШИ»

Абдылдаев жашы жете элек үч баласынын алиментинен кутулуу үчүн, өзүнүн мурдагы аялы Аселди өлтүрүүнү чечкен. Бир ай бою мурдагы аялынын балдар менен бирге жүргөн мезгилдерин караштырып, аны таң эрте, көчөдө адам болбогон учурда өлтүрүүнү чечти, анткени Асел жумушка эрте кетет. Бурчта күтүп турган Абдылдаев ага кол салып, атайын даярдаган бычак менен моюнга сайып, качып кеткен. Бирок бычак жанып өтүп, Асел терисинен гана жаракат алып калган.
Сот Абдылдаевдин ишин карап, өмүр бою эрикндигинен ажыратуу жазасын дайындаган.
Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Сот туура жасадыбы?

ТМ 1-4. (В)

№3 КАЗУС
«ПИСКАРДЫН ИШИ»

Пискарь, Юрченко жана Иванов валюта алмаштыруучу банктын кассасына каракчылык менен кол салууну чечишкен.
Мол балыкка үмүттөнүп, алар милдеттерди бөлүштүрүштү, Пискарь инкассациянын келер-кетер жолун текшерип, иштеп чыгып, камера менен байкоону белгилемек болду. Юрченко камуфляж формасын жана жүздү жашыруучу беткап сатып алат, ал эми Иванов болсо чолок мылтык жана бычак табат. Бирок Пискарь 10 күн өтпөй, өзүнүн сүйлөшкөн кызы менен жолугушууда алар кылмыш жасаганы жатканын мактанып коет. Ал өзүнүн тааныш кызына, тааныш кызы милицияда иштеген агасына айтат. Ошентип, Пискардын тобу кармалат.
Сот ишти карап, үчөөнө тең КР ЖКсынын 202-беренеси боюнча ар бирине 2200 э. к. айып пул менен 9 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындайт.
Сот коопсуздук чарасы катары мүлктөрүн конфискациялоону колдонгон.
Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Сот туура жасадыбы?


Кылмышка даярдык көргөндүгү жана кылмышка аракеттенүү үчүн жазаны дайындоо (КР ЖКсынын 76-б.)
Сот эске алат:
1. Кылмыштуу ниетти ишке ашыруу даражасын
2. Кылмышты аягына чыгарбаган себептерди
3. Күнөөлүү жасаган жосундун мүнөзүн
Кылмышка даярдык көргөндүгү үчүн жазанын мөөнөтү жана өлчөмү
Кылмышка аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү жана өлчөмү
Болууга мүмкүн эмес
Катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн жарымынан ашык болбоого тийиш.
Бул жазанын минималдуу мөөнөтү же өлчөмү жазанын ушул түрүнүн минимумунан аз болбоого тийиш.
Жазанын катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн төрттөн үчүнөн ашык болбоого тийиш.
Бул жазанын минималдуу мөөнөтү же өлчөмү жазанын уш түрүнүн минимумунан ашык болбоого тийиш.
Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу кылмышка даярдык көргөндүгү же кол салгандыгы үчүн дайындалбайт.

ТМ 2-1. (Г)
(кылмыштардын жыйындысы)

№1 КАЗУС
«ИСАЕВДИН ИШИ»

Исаев картөшкө жыйноодо тракторчу болуп иштөө менен, саат 12.00дө түшкү тамактанууга кетет, түштөн кийин бригадирден уруксатсыз багбандардын үй жанындагы участкаларынан картөшкө жыйнап, мас абалында трактор сындырып салат.
Кооперативдин төрагасы Кубаев жана бригадир Колотвинов ага колхоздун талаасында ишти таштап, трактор сындырганы үчүн эскертүү беришет.
Исаев аларга жооп кылып, аларды уят сөздөр менен шылдыңдайт, андан кийин трактор көчөгө таштап, үйүнө кетет. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, ал мыйзамсыз сактаган тапанчасы менен куралданып, колхоздун башкармалыгына келип, Кубаевди атат, бирок жаза атып алат.
Исаев КР ЖКсынын 254-б. 1-бөлүгү боюнча 1 жыл эркиндигинен ажыратууга, КР ЖКсынын 130-бер. 2-б. 8-пункту жана 39-бер. 3-б. боюнча 15 жылга эркиндигинен ажыратууга жана кылмыштардын жыйындысы боюнча 16 жылга эркиндигинен ажыратууга соттолгон.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:
Сот Исаевге жаза дайындоо жөнүндө мыйзам талаптарын аткардыбы?

ТМ 2-1. (Д)
(кылмыштардын жыйындысы)

№2 КАЗУС
«ИСАКОВДУН ИШИ»

Исаков өзүнүн таанышы Агеенкого уурдоо максаты менен барып, Агеенко бөлмөдөн чыгып кеткенинен пайдаланып, жашырын трюмодон 180 000 сом суммасындагы бриллиант сөйкө жана бриллианты менен шакекти уурдап, Агеенкого зыян келтирген. Уурдап алгандары менен Исаков кылмыш жасалган жерден изин жашырып кеткен.
Эки ай өткөндөн кийин таанышы Абдрахмановдордун үйүндө болуп, үй ээлери бөлмөдөн чыгып кеткенинен пайдаланып, жашырын жалпы 750 000 сом суммасындагы алтын чынжырчаны, кичинекей крестти жана үч иконаны уурдап, аны менен жабырлануучуга зыян келтирген. Уурдап алгандары менен Исаков кылмыш жасалган жерден качып кеткен, бирок бат эле милиция кызматкерлери тарабынан кармалып, КР ЖКсынын 200-бер. 3-б. жана 200-бер. 2-б. 1-п. боюнча жазык жоопкерчилигине тартылып, соттолгон.
Сот иштин жагдайларын эске алуу менен Исаковго КР ЖКсынын 200-бер. 2-б. 1-п. боюнча уурдаган мүлкүн конфискациялап, 10000 сом айып пул менен 3 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.
КР ЖКсынын 200-бер. 3-б. боюнча сот уурдаган мүлкүн конфискациялап, 140 000 сом айып пул менен 7 жыл 6 айга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.
Кылмыштардын жыйындысы боюнча сот 180 000 сом айып пул менен 10 жыл 6 ай эркиндигинен ажыратуу түрүндө акыркы жазаны белгилеген.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:
Исаковго негизги жаза туура дайындалдыбы? (Биринчи топ чечет)
Исаковго кошумча жаза туура дайындалдыбы? (Экинчи топ чечет)


Кылмыштардын жыйындысы боюнча жаза дайындоо
(КР ЖК 78-б.)
Сот ар бир кылмышка өз алдынча жаза дайындоо менен акырында алардын жыйындысы боюнча жаза аныктайт
Катуураак эмес жазаны катууракагына сиңирүү жолу менен
Дайындалган жазаларды жарым-жартылай бириктирүү жолу менен
Дайындалган жазаларды бириктирүү жолу менен
Эгерде бардык жасалган кылмыштар этиятсыздыктан болуп саналса
Эгерде жыйындысы боюнча жасалган кылмыштардын жок дегенде бирөө оор же өзгөчө оор болуп саналса
Эгерде жасалган кылмыштардын бирөөнө гана өмүр бою эркиндигинен ажыратуу дайындалса, анда акыркы жаза кандай гана катууракак эмес болбосун жазаны өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасына сиңирүү жолу менен аныкталат
Эгерде жасалган анча оор эмес жана оор кылмыштар этиятсыздыктан болуп саналса
Эгерде бардык анча оор эмес, оор жана өзгөчө оор кылмыштар атайылап жасалган болсо, бирок дайындалган акыркы жазанын мөөнөтү беш, он беш жана жыйырма жыл эркиндигинен ажыратуудан ашып кетпеши керек
Жазаларды жарымжартылай же толук бириктирүү менен дайындалган кошумча жазанын акыркы мөөнөтү жана өлчөмү ушул Кодекстин Жалпы бөлүгүндө кошумча жазанын бул түрү үчүн каралган максималдуу мөөнөттөн же өлчөмдөн ашпоого тийиш


Өкүмдөрдүнжыйындысы боюнча жаза дайындоо (КР ЖК 79-б.)
Сот жаңы дайындалган жазага мурдагы өкүм боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгүн кошот (КР ЖКсынын 79-б. 1-б.)
Жарым-жартылай
Толук
Акыркы жазанын мөөнөтү жана өлчөмү
Эгерде ал эркиндигинен ажыратуудан бир кыйла жеңил болсо
Жазанын ушул түрү үчүн каралган максималдуу мөөнөттөн жана өлчөмдөн ашпоого тийиш (КР ЖК 79-б.2-б.)
Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндө эки же андан ашык жазалар дайындалган учурда ал бир жолу өтөлөт.
Өмүр бою эркиндигинен ажыратуу түрүндөгү жана башка кандай гана болбосун катуурааак эмес жазаларды кошкондо
катуурааак эмес жазаларды өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасына сиңирүү
Жаңы жаза катары, мурдагы өкүм боюнча дайындалган жазанын өтөлбөгөн бөлүгү катары көбүрөөк болууга тийиш. (КР ЖКсынын 79-б. 3-б.)
Кошумча жазалар төмөнкүдөй каралган тартипте бириктирилет:
Айып пул (КР ЖКсынын 66-б.)
Белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу(КР ЖКсынын 68-б.)

ТМ 2-4. (Е)
(күнөөнү жана кызматташууну тааануу)

№1 КАЗУС
«МАРЫГИНДИН ИШИ»

Марыгин КР ЖКсынын 130-бер. 1-б. каралган кылмышты жасаган – квартирадан таштандыны чыгаруудан улам чыккан талаштын натыйжасында аялын өлтүргөн.
Жасалган кылмыш жөнүндө Марыгин аны кармагандан кийинки күнү билдирди. Өзүнүн күнөөсүн түшүнүү менен, ал тергөөгө кылмыш жасаган куралын өткөрүп берип, болгон окуя жөнүндө айтып берген, жасаган жосунуна өкүнгөн.
Кылмыш ишин иликтөөнүн жүрүшүндө Адвокат Марыгинге күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзгөн. Анын баары укук процессинин алкагында жасалган. Сот кылмыш ишин карап Марыгинге 12 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:
Соттун чечимин баалагыла.

ТМ 2-4. (Ж)

№2 КАЗУС
«ЖУМАДЫЛОВАНЫН ИШИ»

Жаран Жумадылова 2017-жылы май айынан август айына чейин Сокулук району боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын бухгалтердик эсеп жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүк бөлүмүнүн начальниги болуп саналуу менен, өзүнүн кызматтык абалынан пайдаланып, 75 миң сом суммасын көрсөтүлгөн уюмда факт жүзүндө иштебеген, өзүнүн бир тууганы, жаран Чоңмурунованын карточкалык эсебине иш сапар чыгымдары түрүндө бюджеттик акча каражаттарын которуу жолу менен карамагындагы башканын мүлкүн короткон.
Жаран Жумадылова сотко чейинки өндүрүштүн жазык иштери боюнча шектүү деп таанылган. Шектүү КР ЖПКсынын көрсөтүлгөн ченемдерин пайдалануу менен, өзүнүн күнөөсүн жана ага коюлган шектенүүлөрдү толугу менен моюнга алып, күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.
Сот жазык ишин карап, Жумадыловага 260 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:
Соттун чечимин баалагыла.

№1 КАЗУС
«АДИНОВДУН ИШИ»

Адинов КР ЖКсынын 171-бер. 3-п. 2-б. каралган кылмыш жасоого айыпталган (адамдарды сатуу). Кылмышты иликтөөгө жана ачууга тергөөгө көмөк көрсөтүү, кылмыштын башка кошо аткаруучуларынын жазык артынан түшүп, айыбын ачуу, кылмыштын натыйжасында табылган мүлктү табуу максатында төмөнкү аракеттерди жасоого милдеттенме алган: 1. Жасалган кылмыштын жашынып жаткан кошо аткаруучу адамдарын, алардын байланыш маалыматтарын (стационардык, уюлдук номерлери) жана даректери менен чөйрөсүн көрсөтүү; 2. Адамдарды уурдап кетүү пландаштырылган жерди көрсөтүү; 3. Жабырлануучунун кошуналарынын ичинен уурунун жандоочуларынын (кылмыш жасоого жардам берген адам) маалыматтарын көрсөтүү; 4. Уурдалган адамдарды салуу үчүн кылмышкерлер пайдаланган автомобилдин номерин жана маркасын көрсөтүү.

Көрсөтүлгөн милдеттенмелер кызматташуу жөнүндө сотко чейинки макулдашуунун негизине жатат. Корутундуда Адиновго 1-категориядагы түзөтүү иши түрүндө жаза дайындоо жөнүндө макулдашууга жетишилди.

Сот жазык ишин карап, Адиновго 60 миң сом төлөө менен 1-категориядагы айып пул түрүндө жаза дайындады.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:

Соттун чечимин баалагыла.


Күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда жазаны дайындоо (КР ЖК 80-б.)
Сот эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазаны белгилейт
КР ЖКсынын Өзгөчө бөлүгүнүн беренелеринин санкциясында каралган жазанын минималдык өлчөмүнүн чегинде
Санкцияларда эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазалар беренеси болбогон учурда
Бир категория төмөн эркиндигинен ажыратуу дайындалат
Пробациялык көзөмөл колдонулбайт
Кызматташуу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн учурда жазаны дайындоо (КР ЖК 80-б.)
Сот жазаны дайындайт
КР ЖК 64-б. алкагында кызматташуу жөнүндө макулдашууда каралган

ТМ 2-6. (И)
(камакта кармоо убактысын жана жазаларды бириктирүү эрежелери)

№1 КАЗУС
«ЯКУБОВДУН ИШИ»

Якубов 26-июнда жашы жете элек Шамурзаевди баңгизаттарын пайдаланууга көндүрүү, ал эми 29-июнда өзүнүн таанышы Ашитованыкында өзүнүн венерикалык оорусу бар экендигин билип туруп, интим катышына барганы боюнча күнөөлүү деп табылган. Ашитовага венерикалык оору жуктурулуп, стационардык узак убакытка дарылануу туура келген.
Сот Якубовду КР ЖКсынын 272-бер. 2-п. 2-б. каралган кылмыш жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 68-бер. Каралган жазык жоругун жасоого күнөөлүү деп таанып, жорук үчүн жазаны кылмыш үчүн жазага сиңирүү принцибин колдонуу менен 3 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Сот туура чечим чыгардыбы?

ТМ 2-6. (К)

№2 КАЗУС
«КУТУЕВДИН ИШИ»

Кутуев өзүнүн аялы Азиза менен ажырашып, өзүнүн жашы жете элек балдарына (3 жана 8 жаш) жардамдашууну токтоткон. Натыйжада Азиза сотко кайрылып, Кутуевден алимент өндүрүүгө аргасыз болгон. Соттун чечимине карабастан Кутуев баш тартуусун уланта берген, натыйжада анын аялынын жазган арызынын негизинде Кутуевдин алимент төлөөдөн баш тарткандыгы боюнча сотко чейинки өндүрүштү алгачкы текшерүү органы баштаган.
Алиментти төлөбөгөндүгү жөнүндө иш боюнча алгачкы тергөө жүргүзүлүп баштаганда, Кутуевдин өзгөчө ири өлчөмдө карамагындагы мүлктү өздөштүрүп алган фактысы боюнча сотко чейинки өндүрүш башталган. Ал БШКда иштеп жүрүп, шайлоо өткөрүүгө Ысык-Көл облустук шайлоо комиссиясына берүү үчүн 150 сом өлчөмүндө акчаны мыйзамсыз алып өзүмдүк кылып алган.
Сот Кутуевди Жоруктар жөнүндө кодекстин 77-беренеси боюнча жорук жасоого күнөөлүү деп тааныган жана ага 30 миң сом айып пул түрүндө жаза дайындаган.
Андан ары сот Кутуевди КР ЖКсынын 205-бер. 2-б. 2-п. боюнча кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанып, 60 миң сом айып пул менен 2 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.
ЖКнын 81-бер. негизинде 90 миң сом өлчөмүндө айып пул жана 2 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны өтөө дайындалган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Сот жазаны туура дайындадыбы?

№1 КАЗУС
«КУЛМУРЗАЕВДИН ИШИ»

Кулмурзаев Ысык-Көл облусунун Кара-Кол шаарынын музейинен уурдалган 2 сүрөттү белгисиз адамдан сатып алган.
Кулмурзаев өзүнүн коллекциясы үчүн бул сүрөттөрдү мурдатан эле сатып алууну каалап жүргөндүгү жана ал уурдалганын билгендиги жөнүндө көрсөтмө берди. Акырында ал аларды пайдалуу баага сатып жиберүүнү болжолдогон. Бирок кармалып калып, тинтүүдө сүрөттөр анын квартирасынан табылган.
Тинтүү мезгилинде жагы 105 миң 500 сом наркындагы баалуу металлдын кесими табылган. Кулмурзаев ал үңкүрлөргө кирүүнү сүйгөндүгүн жана бул баалуу металлдын кесимин ал Жер-Үй үңкүрүнөн тапканын жана аны азембелек катары өзүнө калтырууну чечкенин түшүндүрдү.
Сот жазык жоругу жөнүндө ишти карап, Кулмурзаевди Жоруктар жөнүндө кодекстин 95-бер. боюнча күнөөлүү деп тааныды жана ага 60 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындады жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 112-бер. боюнча 30 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындады жана 90 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө акыркы жазаны белгиледи.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:
Жаза туура дайындалдыбы?


Камакта кармоо убактысын жана жазаларды бириктирүү эрежелери (КР ЖК 81-б.)
Кылмыштардын жыйындысы
Өкүмдөрдүн жыйындысы
Толук бириктирүү
Жарым-жартылай бириктирүү
1 күн
3 күн түзөтүү иштери
8 саат коомдук сааттар
1 күн үй камагы
Жыйындыда жаза дайындоо
Түзөтүү иши
Негизги жаза
Кошумча жаза
Жаза мөөнөттөрү чогултулат
Чегерүү өлчөмдөрү бириктирүүгө жатпайт (КР ЖК 81-б. 2-б.)
Айып пул белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алект. укуг. ажыратуу түр. негизги жазалар бириктирүүгө жатпайт (КР ЖК 81-б. 3-б.)
Өз алдынча аткарылат (КР ЖК 81-б. 4-б.)


Эгерде адам камакта жатса жана сот дайындайт (КР ЖК 81-б. 6-б.)
1. Айып пул
2. белгилүү кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү
3. Коомдук иштер
4. Түзөтүү иштери
Сот камакта камалган мөөнөттү эске алат
Жазадан толугу менен бошотот
Жазаны жеңилдетет

Сот тарабынан кылмыш жана жорук үчүн жазалардын ар кандай түрлөрү дайындалган учурда алар өз алдынча аткарылат.


Адам кылмыш жасайт (КР ЖК 8-б. 81-б.)
Соттолгон эмес
Соттолгон, бирок толук өтөгөн эмес
Адам жорук жасайт
Сот
Кылмыш жана жорук үчүн жазаны бириктирет
Эгер алар бир түрдө болсо
Жазанын ушул категориясы үчүн максималдуу мөөнөттүн чегинде
Жазанын ушул түрү үчүн максималдуу мөөнөттүн чегинде

БААЛОО БАРАГЫ

Датасы: _____

Темасы: _____
_____

1. Өткөрүлгөн сабактар пайдалуу болдубу?

1_____(жок)
2_____(бир аз пайдалуу)
3_____(ооба)
4_____(абдан пайдалуу)

2. Сиз өткөрүлгөн семинардын максаттарына канчалык ийгиликтүү жетиштиңиз?

1_____(жетишкен жокмун)
2_____(бир аз жетиштим)
3_____(жетиштим)
4_____(ийгиликтүү жетиштим)

3. Семинарда пайдаланылган тренингдин методдорун Сиз кандай баалайсыз?

1_____(натыйжасыз катары)
2_____(жаман эмес)
3_____(жакшы)
4_____(мыкты)

4. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, суроо кыйын болду жана эмне себептен?

_____
_____

5. Сиз үчүн кайсы сессия, тема, суроо кызыктуу болду жана эмне себептен?

_____
_____
_____

6. Семинарды өткөрүүнүн уюштуруу учурлары жөнүндө Сиздин пикириңиз?

_____
_____
_____

7. Семинардын уюштуруучуларына келечектеги ишине сиздин каалооңуз.

_____
_____
_____

8. Сиз кандай кошумча жардамга муктажсыз?

_____
_____
_____

9. Башка түшүндүрмөлөр

_____
_____
_____

ТРЕНЕРЛЕР ҮЧҮН МАТЕРИАЛДАР

73-берене. Жазаны жеңилдетүүчү жагдайлар

1. Жазаны дайындоодо жазаны жеңилдетүүчү жагдайлар болуп төмөнкүлөр таанылат:
1) ак ниети менен өкүнүү кылмышты ачууга жигердүү көмөк көрсөтүү;
2) келтирилген зыяндын ордун ыктыярдуу түрдө толтуруу же келтирилген зыянды четтетүү;
3) жеке, үй-бүлөлүк, экономикалык жана топтолгон башка оор жагдайлардан улам кылмыш жасоо;
4) материалдык, кызматтык же башка көз карандылыктан улам кылмыш жасоо;
5) жашы жетелектердин кылмыш жасашы;
6) кош бойлуу абалдагы аялдын кылмыш жасашы.
2. Сот жазаны дайындоодо ушул берененин 1-бөлүгүндө көрсөтүлбөгөн башка жагдайларды да жеңилдетүүчү деп таанышы мүмкүн.

75-берене. Жазаны оордотуучу жагдайлар

1. Жазаны дайындоодо төмөнкүлөр жазаны оордотуучу жагдайлар деп таанылат:
1) адамдардын тобу же адамдардын тобу тарабынан сүйлөшүүлөр боюнча кылмыш жасоо;
2) кылмышты расалык, этностук, улуттук, диний же аймактар аралык касташуунун (аразашуу) айынан жасоо;
3) кылмыш аркылуу оор зыян келтирүү;
4) жаш бала, жашы жетелек экендигин, майып экендигин, карыган адам же алсыз абалдагы адам экендигин билип туруп, аларга карата кылмыш жасоо;
5) аялдын кош бойлуу экендигин билип туруп, күнөөлүү тарабынан ага карата кылмыш жасоо;
6) күнөөлүүдөн материалдык, кызматтык же башка көз карандылыкта болгон адамга карата кылмыш жасоо;
7) жин оорусунун, убактылуу психикасынын бузулушунун, акыл-эси кемдигинин же психикасынын оорулуу абалынын айынан өзүнүн аракетин (аракетсиздигин) биле албаган же жетектей албаган адамды кылмыш жасоого азгыруу (шыкактоо), ошого тете мындай адамды кылмыш жасоо үчүн пайдалануу;
8) жабырлануучуга өзгөчө мыкаачылык менен кылмыш жасоо;
9) өзгөчө кырдаал же согуштук абал шарттарында же коомдук кырсыктын шарттарында кылмыш жасоо;
10) жалпыга коркунуч келтирген ыкма менен кылмыш жасоо;
11) мас абалындагы адам тарабынан жасалган кылмыш. Сот кылмыштын мүнөзүнө жараша бул жагдайды жазаны оордотуучу жагдай катары тааныбай коюуга укуктуу.
2. Сот жазаны дайындоодо ушул Кодексте көрсөтүлбөгөн жагдайларды жазаны оордотуучу жагдайлар деп тааный албайт.

ТМ 1-4. (А)

(кылмышка даярдык көрүү үчүн жаза)

№1 КАЗУС

«КУБАНЫЧБЕКОВДУН ИШИ»

2019-жылдын 1-январында Кубанычбеков өзүнүн мурунку аялы Розанын бирге жашоочусун өлтүрүүгө аракет жасаган. Аялы балдары менен көрүшүүгө тыюу салган жана бардыгын өзү бирге жашаган Ахмедовго айтам деп убада кылып, үйгө келбөөсүн айткан. Ал аялынын жана балдарынын үйдөн кетүүсүн күтүп туруп, билдирбей жабырлануучу Ахмедов турган үйдүн короосуна кирип, анын баш жагына, мойнуна жана өтө маанилүү органдарына, аны жек көрөрүн айтып кыйкырып, сого баштаган. Ахмедов акыл-эсин жоготуп койгон. Кубанычбеков кошуналардын «өлтүрдү!» деген кыйкырыктарын угуп, курмандыкты таштай салып, аны өлдү деп ойлоп, качып кеткен.
Ахмедов ооруканага жеткирилип, ага жардам көрсөтүлгөн.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:
Сот Кубанычбековго кайсы чектердеги жазаны дайындай алат?

ЧЕЧИМ:
Кубанычбековдун аракетин адам өлтүрүүгө аракеттенүү катары квалификациялоо керек.

1. Кылмыш ниетин ишке ашыруу деңгээли: Кубанычбеков кылмыш ниетин толугу менен ишке ашырган.
2. Кылмыш аягына чейин жетпей калганынын себептери: айыбы ачылып калгандан корккон.
3. Жосундун мүнөзү: жашоо үчүн коркунучтуу.
4. КР ЖКнын 76-бер. 3-б. жоболору, ага ылайык кылмыш жасоого аракеттенгендиги үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү КР ЖКсынын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде каралгандай, жазанын бир кыйла катуу түрүнүн төрттөн үч максималдуу мөөнөтүнөн жана өлчөмүнөн өтпөшү керек. КР ЖКсынын 130-бер. 1-б. эркиндигинен ажыратуунун максималдуу мөөнөтү 12,6 жыл. Б.а. Кубанычбековго сот 9 жыл 4 айдан (12,6 жылдын 3/4 бөлүгү) ашык мөөнөткө эркиндигинен ажыратууну дайындай албайт.

ТМ 1-4. (Б)

№2 КАЗУС

«АБДЫЛДАЕВДИН ИШИ»

Абдылдаев, жашы жете элек үч баласынын алиментинен кутулуу үчүн, өзүнүн мурдагы аялы Аселди өлтүрүүнү чечкен. Бир ай бою мурдагы аялынын балдар менен бирге жүргөн мезгилдерин караштырып, аны таң эрте, көчөдө адам болбогон учурда өлтүрүүнү чечти, анткени Асел жумушка эрте кетет. Бурчта күтүп турган Абдылдаев ага кол салып, атайын даярдаган бычак менен моюнга сайып, качып кеткен. Бирок бычак жанып өтүп, Асел терисинен гана жаракат алып калган.

Сот Абдылдаевдин ишин карап, өмүр бою эркиндигинен ажыратуу жазасын дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:

Сот туура жасадыбы?

ЧЕЧИМ:

Сот туура эмес жасады. Кылмыш жасоого аракеттенүү үчүн өмүр бою эркиндигинен ажыратуу дайындалбайт.

№3 КАЗУС
«ПИСКАРДЫН ИШИ»

Пискарь, Юрченко жана Иванов валюта алмаштыруучу банктын кассасына каракчылык менен кол салууну чечишкен.

Мол балыкка үмүттөнүп, алар милдеттерди бөлүштүрүштү, Пискарь инкассациянын келер-кетер жолун текшерип, иштеп чыгып, камера менен байкоону белгилемек болду. Юрченко камуфляж формасын жана жүздү жашыруучу беткап сатып алат, ал эми Иванов болсо чолок мылтык жана бычак табат. Бирок Пискарь 10 күн өтпөй, өзүнүн сүйлөшкөн кызы менен жолугушууда алар кылмыш жасаганы жатканын мактанып коет. Ал өзүнүн тааныш кызына, тааныш кызы милицияда иштеген агасына айтат. Ошентип, Пискардын тобу кармалат.

Сот ишти карап, үчөөнө тең КР ЖКсынын 202-беренеси боюнча ар бирине 2200 э. к. айып пул менен 9 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындайт.

Сот коопсуздук чарасы катары мүлктөрүн конфискациялоону колдонгон.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:

Сот туура жасадыбы?

ЧЕЧИМ:

Жок, сот туура эмес жасады.

Кылмыш жасоого даярдык көрүү үчүн жазанын мөөнөтү жана өлчөмү аяктаган кылмыш үчүн ЖКнын Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелердин бөлүктөрүндө) каралган жазанын бир кыйла катуу түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн жана өлчөмүнүн жарымынан көп болбошу керек. Мындай учурда ушул эле жазанын минималдык мөөнөтү жана өлчөмү ушул Кодексте каралган жазанын ушул түрүнүн минимумунан аз болбошу керек.

Жазанын бир кыйла катуу түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн жарымынан көп эмес деген мөөнөт 5 жылга эркиндигинен ажыратууну түзүшү керек дегенди билдирет.

Башка таасир этүү чаралары, сот аны зарыл деп эсептегенде колдонулууга тийиш.

№1 КАЗУС
«ИСАЕВДИН ИШИ»

Исаев картөшкө жыйноодо тракторчу болуп иштөө менен, саат 12.00дө түшкү тамактанууга кетет, түштөн кийин бригадирден уруксатсыз багбандардын үй жанындагы участкаларынан картөшкө жыйнап, мас абалында тракторду сындырып салат.

Кооперативдин төрагасы Кубаев жана бригадир Колотвинов ага колхоздун талаасында ишти таштап тракторду сындырганы үчүн эскертүү беришет.

Исаев аларга жооп кылып, аларды уят сөздөр менен шылдыңдайт, андан кийин тракторду көчөгө таштап, үйүнө кетет. Бир нече убакыт өткөндөн кийин, ал мыйзамсыз сактаган тапанчасы менен куралданып, колхоздун башкармалыгына келип, Кубаевди атат, бирок жаза атып алат.

Исаев КР ЖКсынын 254-б. 1-бөлүгү боюнча 1 жыл эркиндигинен ажыратууга, КР ЖКсынын 130-бер. 2-б. 8-пункту жана 39-бер. 3-б. боюнча15 жылга эркиндигинен ажыратууга жана кылмыштардын жыйындысы боюнча 16 жылга эркиндигинен ажыратууга соттолгон.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:

Сот Исаевге жаза дайындоо жөнүндө мыйзам талаптарын аткардыбы?

ЧЕЧИМ:

1. Сот бардык талаптарды аткарган жок.

Исаевдин аракети КР ЖКсынын 253-бер. 1-б. боюнча туура квалификацияланды жана жаза статьянын санкциясынын алкагында дайындалды.

Исаевдин аракетин КР ЖКсынын 39-бер. 2-б. боюнча аякталган кол салуунун орду бар катары квалификациялоого болот.

Исаев кол салууну жасаган, анда КР ЖКсынын 76-бер. эрежесин колдонуу керек, башкача айтканда, 3-б.:

«Кылмышка аракеттенүү үчүн жазанын мөөнөтү же өлчөмү аякталган кылмыш үчүн ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде (беренелеринин бөлүктөрүндө) каралган жазанын катуураак түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн же өлчөмүнүн төрттөн үчүнөн ашык болбоого тийиш. Мында бул жазанын минималдуу мөөнөтү же өлчөмү ушул Кодексте каралган жазанын ушул түрүнүн минимумунан ашык болбоого тийиш».

Ошентип, Исаевге өлтүрүүгө аракеттенгендиги үчүн 11 жыл 2 айдан ашык эмес эркиндигинен ажыратуу дайындалышы керек.

Мөөнөттү толук бириктирүүнүн негизинде эркиндигинен ажыратуу 12 жыл 2 айдан ашпашы керек.

Сот Исаевге кошумча жаза катары айып пулду аныктаган жок.

№2 КАЗУС
«ИСАКОВДУН ИШИ»

Исаков өзүнүн таанышы Агеенкого уурдоо максаты менен барып, Агеенко бөлмөдөн чыгып кеткенинен пайдаланып, жашырын трюмодон 180 000 сом суммасындагы бриллиант сөйкө жана бриллианты менен шакекти уурдап, Агеенкого зыян келтирген. Уурдап алгандары менен Исаков кылмыш жасалган жерден изин жашырып кеткен.

Эки ай өткөндөн кийин таанышы Абдрахмановдордун үйүндө болуп, үй ээлери бөлмөдөн чыгып кеткенинен пайдаланып, жашырын жалпы 750 000 сом суммасындагы алтын чынжырчаны, кичинекей крестти жана үч иконаны уурдап, аны менен жабырлануучуга зыян келтирген. Уурдап алгандары менен Исаков кылмыш жасалган жерден качып кеткен, бирок бат эле милиция кызматкерлери тарабынан кармалып, КР ЖКсынын 200-бер. 3-б. жана 200-бер. 2-б. 1-п. боюнча жазык жоопкерчилигине тартылып, соттолгон.

Сот иштин жагдайларын эске алуу менен Исаковго КР ЖКсынын 200-бер. 2-б. 1-п. боюнча уурдаган мүлкүн конфискациялап, 10 000 сом айып пул менен 3 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

КР ЖКсынын 200-бер. 3-б. боюнча сот уурдаган мүлкүн конфискациялап, 140 000 сом айып пул менен 7 жыл 6 айга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

Кылмыштардын жыйындысы боюнча сот 180 000 сом айып пул менен 10 жыл 6 ай эркиндигинен ажыратуу түрүндө акыркы жазаны белгилеген.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:

Исаковго негизги жаза туура дайындалдыбы? (Биринчи топ чечет)

Исаковго кошумча жаза туура дайындалдыбы? (Экинчи топ чечет)

ЧЕЧИМ:

1. Эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза КР ЖКсынын 200-б. 2-б. 1-п. боюнча туура, башкача айтканда статьянын санкциясынын чегинде дайындалган. **Анча оор эмес кылмыш**

2. КР ЖКсынын 200-б. 3-б. боюнча сот статьянын санкциясынын чегинде эркиндигинен ажыратууну туура дайындаган. **Оор кылмыш**

3. Кылмыштардын жыйындысын аныктоодо 78-бер. 2-б. жетекчиликке алуу керек, ал мындайча:

2. Кылмыштардын жыйындысы болгондо, сот ушул главанын жоболоруна ылайык ар бир кылмышка өзүнчө жаза (негизги жана кошумча) дайындайт, андан кийин катуураак эмес жазаны катуураагына сиңирүү жолу менен же дайындалган жазаларды толук, же болбосо жарым-жартылай бириктирүү жолу менен акыркы жазаны аныктайт.

Сот эркиндигинен ажыратууну толук бириктирүүнү туура эмес колдонгон, анткени сот төмөнкүдөй кылышы керек болчу:

1. ЖКнын 200-б. 3-б. санкциясы 5 жылдан 7 жыл 6 айга чейин (3-категория) эркиндигинен ажыратуу жазасын караштыргандыктан, сиңирүүнү колдонуу. Башкача айтканда сот 3-б. боюнча максимум эркиндигинен ажыратууну дайындаган.

Эгерде 5 жылды дайындаса, анда бириктирүү 6 жыл максималдуу мөөнөт түрүндө бол-

мок, б.а. 7 жыл жана 6 айга чейин кошууга болот.

4. Айып пулдар кошумча катары туура эмес дайындалган.

4. Айып пул жазанын кошумча түрү катары сот тарабынан ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн тиешелүү беренелеринде каралган учурларда гана дайындалат жана тиешелүү категориянын акчалай айып пулунун өлчөмүнүн жарымынан көп эмес өлчөмдө колдонулат.

Ошентип, кошумча айып пул айып пулдун 2-категориясы үчүн 500дөн 700гө чейин э.к. чегинде дайындалышы керек, бул минимум 50 миң сомдон 70 миң сомго чейинкини түзөт. Сот КР ЖКсынын 200-б. 2-б. 1-п. боюнча 10 миң сом айып пулду туура эмес дайындаган.

5. ЖКнын 200-б. 3-б. боюнча 140 сом туура эмес дайындалган.

Айып пул кошумча жаза катары 700дөн 900гө чейин э.к. чегинде, башкача айтканда 70 миңден 90 миң сомго чейин дайындалууга тийиш.

6. Кошумча жазалардын жыйындысын 78-б. 5-п. кылмыштын жыйындысынан аныктоо керек. Кылмыштардын жыйындысында негизги жаза менен бирге кошумча жаза дайындалышы керек. Жазаларды толук жана жарым-жартылай бириктирүүдө дайындалган кошумча жазанын акыркы мөөнөтү жана өлчөмү ушул Кодекстин Жалпы бөлүгүнүн кошумча жазаларынын бул түрү үчүн каралган максималдуу мөөнөттөн жана өлчөмдөн жогорулабашы керек.

КР ЖКсынын 68-б. ылайык айып пулдун максималдуу өлчөмү 3000 эсептик көрсөткүчтү түзөт. Демек, кошумча жаза катары айып пулдарды бириктирүүдө 3000:2=1500 э.к.төн келип чыгуусу керек, б.а. максималдуу айып пул 150 миң сомдон ашпашы керек.

Айтып берүү:

1. Жыйынды деген эмне?

ЖКда каралган бир адам эки же андан көп кылмыштарды жасаса, ал кылмыштардын жыйындысын билдирет.

Кылмыштардын жыйындысында адам тиешелүү берене же бereненин бөлүгү боюнча ар бир жасалган кылмыш үчүн жазык жоопкерчилигин тартат.

Кылмыштардын жыйындысында ар бир жасалган кылмыш үчүн өз алдынча жаза дайындалат.

Жыйындынын олуттуу белгилери болуп, анын кылмыштарын түзгөндөрдүн ичинен бирөө сот териштирүүсүнүн предмети боло электиги жана алардын бардыгы боюнча адамга бир мезгилде айып тагуу саналат.

Бул өзүнүн юридикалык күчүн али жогото элек жана өзүндө соттук териштирүүнүн предмети болуунун юридикалык мүмкүндүгүн алып жүргөн кылмыштар гана жыйындыны түзө алат дегенди билдирет.

Эгерде кылмыш жалпы жана атайын ченемдер менен каралса, кылмыштардын жыйындысы жок болот жана жазык жоопкерчилиги атайын ченем боюнча болот.

№1 КАЗУС
«МАРЫГИНДИН ИШИ»

Марыгин КР ЖКсынын 130-бер. 1-б. каралган кылмышты жасаган – квартирадан таштандыны чыгаруудан улам чыккан талаштын натыйжасында аялын өлтүргөн.

Жасалган кылмыш жөнүндө Марыгин аны кармагандан кийинки күнү билдирди. Өзүнүн күнөөсүн түшүнүү менен, ал тергөөгө кылмыш жасаган куралын өткөрүп берип, болгон окуя жөнүндө айтып берген, жасаган жосунуна өкүнгөн.

Кылмыш ишин иликтөөнүн жүрүшүндө Адвокат Марыгинге күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзгөн. Анын баары укук процессинин алкагында жасалган. Сот кылмыш ишин карап Марыгинге 12 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроолор:

Соттун чечимин баалагыла.

ЧЕЧИМ:
КР ЖКсынын 80-б. ылайык «Күнөөсүн мойнуна алуу жөнүндө адам менен макулдашуу түзүлгөн учурда, сот ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүндөгү конкреттүү берененин (берененин бөлүгүнүн) санкцияларында каралган жазанын минималдуу өлчөмүнүн чегеринде эркиндигинен ажыратууга байланышпаган жазаны дайындайт».

КР ЖКсынын 130-б. 1-б. 5-категориядагы айып пул менен 5-категориядагы эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны караштырат.

Ошентип, сот 4-категориядагы эркиндигинен ажыратуу түрүндө, башкача айтканда 7,6 жылдан тартып 10 жылга чейин эркиндигинен ажыратуу жазасын белгилеши керек. Айып пул боюнча эч нерсе айтылбагандыктан, ал жалпы тартипте дайындалат.

Бирок КР ЖПКсынын 487-б. 1-б. ылайык «Күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашууну түзүү тууралуу өтүнмө билдирүүнүн тартиби» «Шектелүүчү, айыпталуучу анча оор эмес жана оор кылмыштар жөнүндө жазыктык иштер боюнча күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмө билдирүүгө укуктуу» катары белгиленет.

Марыгин өзгөчө оор кылмыш жасагандыктан, ал күнөөнү мойнуна алуу жөнүндө макулдашуу түзүү тууралуу өтүнмө жасай албайт.

№2 КАЗУС
«ЖУМАДЫЛОВАНЫН ИШИ»

Жаран Жумадылова 2017-жылы май айынан август айына чейин Сокулук району боюнча Мамлекеттик салык кызматынын башкармалыгынын бухгалтердик эсеп жана финансылык-чарбалык ишмердүүлүк бөлүмүнүн начальниги болуп саналуу менен, өзүнүн кызматтык абалынан пайдаланып, 75 миң сом суммасын көрсөтүлгөн уюмда факт жүзүндө иштебеген, өзүнүн бир тууганы, жаран Чоңмурунованын карточкалык эсебине иш сапар чыгымдары түрүндө бюджеттик акча каражаттарын которуу жолу менен карамагындагы башканын мүлкүн короткон.

Жаран Жумадылова сотко чейинки өндүрүштүн жазык иштери боюнча шектүү деп таанылган. Шектүү КР ЖПКсынын көрсөтүлгөн ченемдерин пайдалануу менен, өзүнүн күнөөсүн жана ага коюлган шектенүүлөрдү толугу менен моюнга алып, күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзүү жөнүндө өтүнүч менен кайрылган.

Сот жазык ишин карап, Жумадыловага 260 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:

Соттун чечимин баалагыла.

ЧЕЧИМ:
Сот 260 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жазаны туура эмес дайындаган.

Анткени «Адам менен күнөөнү моюнга алуу жөнүндө макулдашуу түзүүдө сот эркиндигинен ажыратууга байланышпаган, ушул Кодекстин Өзгөчө бөлүгүнүн конкреттүү беренелеринин (беренелеринин бөлүктөрүнүн) санкцияларында каралган жазанын минималдык өлчөмүнүн чегинде жаза дайындайт.

Айып пулдун минималдык өлчөмү 220 миң сомду түзөт.

Сот түзөтүү жумушу түрүндө жаза колдоно алат.

№1 КАЗУС
«АДИНОВДУН ИШИ»

Адинов КР ЖКсынын 171-бер. 3-п. 2-б. каралган кылмыш жасоого айыпталган (адамдарды сатуу). Кылмышты иликтөөгө жана ачууга тергөөгө көмөк көрсөтүү, кылмыштын башка кошо аткаруучуларынын жазык артынан түшүп, айыбын ачуу, кылмыштын натыйжасында табылган мүлктү табуу максатында төмөнкү аракеттерди жасоого милдеттенме алган: 1. Жасалган кылмыштын жашынып жаткан кошо аткаруучу адамдарын, алардын байланыш маалыматтарын (стационардык, уюлдук номерлери) жана даректери менен чөйрөсүн көрсөтүү; 2. Адамдарды уурдап кетүү пландаштырылган жерди көрсөтүү; 3. Жабырлануучунун кошуналарынын ичинен уурунун жандоочуларынын (кылмыш жасоого жардам берген адам) маалыматтарын көрсөтүү; 4. Уурдалган адамдарды салуу үчүн кылмышкерлер пайдаланган автомобилдин номерин жана маркасын көрсөтүү.

Көрсөтүлгөн милдеттенмелер кызматташуу жөнүндө сотко чейинки макулдашуунун негизине жатат. Корутундуда Адиновго 1-категориядагы түзөтүү иши түрүндө жаза дайындоо жөнүндө макулдашууга жетишилди.

Сот жазык ишин карап, Адиновго 60 миң сом төлөө менен 1-категориядагы айып пул түрүндө жаза дайындады.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:

Соттун чечимин баалагыла.

ЧЕЧИМ:
Сот КР ЖКсынын 80-б. негизинде кызматташуу жөнүндө макулдашууда каралган кайсы болбосун жазаны дайындоого укуктуу.

Ошондуктан, айып пул түрүндө жаза дайындоо менен, сот туура эмес жасаган.

№1 КАЗУС
«ЯКУБОВДУН ИШИ»

Якубов 26-июнда жашы жете элек Шамурзаевди баңгизаттарын пайдаланууга көндүрүү, ал эми 29-июнда өзүнүн таанышы Ашитованыкында өзүнүн венерикалык оорусу бар экендигин билип туруп, интим катышына барганы боюнча күнөөлүү деп табылган. Ашитовага венерикалык оору жуктурулуп, стационардык узак убакытка дарылануу туура келген.

Сот Якубовду КР ЖКсынын 272-бер. 2-п. 2-б. каралган кылмыш жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 68-бер. каралган жазык жоругун жасоого күнөөлүү деп таанып, жорук үчүн жазаны кылмыш үчүн жазага сиңирүү принцибин колдонуу менен 3 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:

Сот туура чечим чыгардыбы?

ЧЕЧИМ:

1. Сот туура эмес жасаган. Анткени: 1) жорук жүчүн жазаны өз алдынча жана кылмыш боюнча жазаны өз алдынча дайындаш керек болчу. 2) Сот КР ЖКсынын 81-б. 8-п. баяндалган эрежени колдонушу керек болчу. Эгерде адам жасаган кылмышы үчүн соттолбогон болсо же соттолсо, бирок жазаны толук өтөбөсө, андан кийин жорук жасаса, сот жорук жана кылмыш үчүн дайындалган жазаларды, эгерде алар бир түрдөгү болсо, жазанын ушундай категориялары үчүн каралган мөөнөттүн максималдуу чегинде, же болбосо жазанын мындай түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн чектеринде жазаларды кошуп бириктириши мүмкүн. Сот тарабынан кылмыш жана жорук үчүн жазалардын ар кандай түрлөрү дайындалган учурда алар өз алдынча аткарылат.

2. Сот 3 жылга эркиндигинен ажыратуу жана өз алдынча аткарылган жоруктар үчүн тиешелүү категориядагы айып пулду дайындашы керек болчу.

№2 КАЗУС
«КУТУЕВДИН ИШИ»

Кутуев өзүнүн аялы Азиза менен ажырашып, өзүнүн жашы жете элек балдарына (3 жана 8 жаш) жардамдашууну токтоткон. Натыйжада Азиза сотко кайрылып, Кутуевден алимент өндүрүүгө аргасыз болгон. Соттун чечимине карабастан Кутуев баш тартуусун уланта берген, натыйжада анын аялынын жазган арызынын негизинде Кутуевдин алимент төлөөдөн баш тарткандыгы боюнча сотко чейинки өндүрүштү алгачкы текшерүү органы баштаган.

Алиментти төлөбөгөндүгү жөнүндө иш боюнча алгачкы тергөө жүргүзүлүп баштаганда, Кутуевдин өзгөчө ири өлчөмдө карамагындагы мүлктү өздөштүрүп алган факты боюнча сотко чейинки өндүрүш башталган. Ал БШКда иштеп жүрүп, шайлоо өткөрүүгө Ысык-Көл облустук шайлоо комиссиясына берүү үчүн 150 сом өлчөмүндө акчаны мыйзамсыз алып өзүмдүк кылып алган.

Сот Кутуевди Жоруктар жөнүндө кодекстин 77-беренеси боюнча жорук жасоого күнөөлүү деп тааныган жана ага 30 миң сом айып пул түрүндө жаза дайындаган.

Андан ары сот Кутуевди КР ЖКсынын 205-бер. 2-б. 2-п. боюнча кылмыш жасоого күнөөлүү деп таанып, 60 миң сом айып пул менен 2 жылга эркиндигинен ажыратуу түрүндө жаза дайындаган.

ЖКнын 81-бер. негизинде 90 миң сом өлчөмүндө айып пул жана 2 жылдык мөөнөткө эркиндигинен ажыратуу түрүндө жазаны өтөө дайындалган.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн сунуш:

Сот жазаны туура дайындадыбы?

ЧЕЧИМ:
Сот жаза дайындоодо ЖКнын 81-б. жетекчиликке алышы керек, анда минтип айтылган:

Эгерде адам жасаган жоругу үчүн соттолбогон болсо же соттолсо, бирок жазаны толук өтөбөсө, андан кийин кылмыш жасаса, сот жорук жана кылмыш үчүн дайындалган жазаларды, эгерде алар бир түрдөгү болсо, жазанын ушундай категориялары үчүн каралган мөөнөттүн максималдуу чегинде, же болбосо жазанын мындай түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн чектеринде жазаларды кошуп бириктириши мүмкүн. Сот тарабынан кылмыш жана жорук үчүн жазалардын ар кандай түрлөрү дайындалган учурда алар өз алдынча аткарылат.

Сот эркиндигинен ажыратуу жана ЖКнын беренелеринин санкцияларынын чегинде кошумча жаза катары айып пул жана Жоруктар жөнүндө кодекстин санкцияларынын чегинде жорук үчүн айып пул түрүндөгү жазаны туура дайындаган.

Бирок кылмыштын жана жоруктун жыйындысында айып пул төмөнкүдөй дайындалышы керек болчу:

- жазанын ушул категориясы үчүн каралган максималдуу мөөнөттүн чегинде (айып пулдун максималдуу мөөнөтү ЖКда 700 э.к. санкцияда)

- жазанын бул түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн чегинде (68-беренеден)

№1 КАЗУС
«КУЛМУРЗАЕВДИН ИШИ»

Кулмурзаев Ысык-Көл облусунун Кара-Кол шаарынын музейинен уурдалган 2 сүрөттү белгисиз адамдан сатып алган.

Кулмурзаев өзүнүн коллекциясы үчүн бул сүрөттөрдү мурдатан эле сатып алууну каалап жүргөндүгү жана ал уурдалганын билгендиги жөнүндө көрсөтмө берди. Акырында ал аларды пайдалуу баага сатып жиберүүнү болжолдогон. Бирок кармалып калып, тинтүүдө сүрөттөр анын квартирасынан табылган.

Тинтүү мезгилинде жагы 105 миң 500 сом наркындагы баалуу металлдын кесими табылган. Кулмурзаев ал үңкүрлөргө кирүүнү сүйгөндүгүн жана бул баалуу металлдын кесимин ал Жер-Үй үңкүрүнөн тапканын жана аны азем белек катары өзүнө калтыруунун чечкенин түшүндүрдү.

Сот жазык жоругу жөнүндө ишти карап, Кулмурзаевди Жоруктар жөнүндө кодекстин 95-бер. боюнча күнөөлүү деп тааныды жана ага 60 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындады жана Жоруктар жөнүндө кодекстин 112-бер. боюнча 30 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө жаза дайындады жана 90 миң сом өлчөмүндө айып пул түрүндө акыркы жазаны белгиледи.

Талкуулоо жана чечим чыгаруу үчүн суроо:

Жаза туура дайындалдыбы?

ЧЕЧИМ:

1. Сот туура эмес жасаган. Жоруктар жөнүндө кодекстин 54-б. мындай берилет:

54-берене. Бир нече жорукту, ошондой эле кылмышты жана жорукту жасаганы үчүн жаза дайындоо

1. Бир адам эки же андан көп жорук жасаганда, ар бир жорук үчүн өзүнчө жаза дайындалат жана өз алдынча аткарылат. Мында жазанын кайсы болбосун түрүнүн максималдуу мөөнөтү жазанын ушул Кодексте каралган тиешелүү түрүнүн мөөнөтүнө же өлчөмүнө караганда көп болбоого тийиш.

2. Адам жорук жасаса, ал үчүн соттолбосо же соттолуп, бирок жазасын толук өтөбөсө, андан кийин кылмыш жасаса же болбосо адам кылмыш жасаса, ал үчүн соттолбосо же соттолуп, бирок жазасын толук өтөбөсө, андан кийин жорук жасаса, сот Кыргыз Республикасынын Жазык кодексинин 81-беренесинин 7-бөлүгүнүн жоболоруна ылайык, жазаларды аткаруу жөнүндө токтом чыгарат.

Сот ар бир жорукка өз алдынча жазаны туура дайындаган.

Бирок аны жыйындыга кошпош керек эле.

Бирок айып пулдун жалпы өлчөмү 60 миң сомдон ашпаш керек, анткени жорук үчүн айып пулдун максималдуу өлчөмү 600 эсептик көрсөткүчтү түзөт.

Айтып берүү:

81-берене. Камакта кармоо убактысын жана жазаларды бириктирүү эрежелери

1. Кылмыштардын жыйындысы боюнча жана өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазаларды толук же жарым-жартылай бириктирүүдө эркиндигинен ажыратуунун бир күнүнө төмөнкүлөр барабар болот:

1) түзөтүү жумуштарынын үч күнү;

2) коомдук иштердин сегиз сааты;

3) үй камагынын бир күнү.

2. Түзөтүү жумуштары түрүндө кылмыштардын жыйындысы жана өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазаны дайындоодо бул жазалардын мөөнөттөрү гана кошулууга жатат. Соттолгондун эмгек акысынан (акчалай үлүшүнөн) чегерүүлөрдүн өлчөмү бириктирүүгө жатпайт жана ар бир өкүм боюнча өз алдынча эсептеп чыгарылат.

3. Айып жана белгилүү бир кызмат ордун ээлөө, же болбосо белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу түрүндөгү негизги жазалар кылмыштардын жыйындысы боюнча жана өкүмдөрдүн жыйындысы боюнча жазаны дайындоодо жазанын башка түрлөрү менен бириктирүүгө жатпайт жана өз алдынча аткарылат.

4. Ар кандай түрдөгү кошумча жазалар бардык учурларда өз алдынча аткарылат.

5. Өкүм мыйзамдуу күчүнө киргенге чейин камакта кармоонун мөөнөтү камактагы бир күн эркиндигинен ажыратылган бир күнгө барабар деп эсептелинет.

6. Эгерде соттук териштирүүгө чейин камакта кармалган адамга негизги жаза катары айып, же болбосо белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу, коомдук же түзөтүү жумуштары дайындалса, анда сот камакта кармоонун мөөнөтүн эске алып, ага дайындалган жазаны жеңилдетет же аны өтөөдөн толугу менен бошотот.

7. Эгерде адам жасаган жоругу үчүн соттолбогон болсо же соттолсо, бирок жазаны толук өтөбөсө, андан кийин кылмыш жасаса, сот жорук жана кылмыш үчүн дайындалган жазаларды, эгерде алар бир түрдөгү болсо, жазанын ушундай категориялары үчүн каралган мөөнөттүн максималдуу чегинде, же болбосо жазанын мындай түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн чектеринде жазаларды кошуп бириктириши мүмкүн. Сот тарабынан кылмыш жана жорук үчүн жазалардын ар кандай түрлөрү дайындалган учурда алар өз алдынча аткарылат.

8. Эгерде адам жасаган кылмышы үчүн соттолбогон болсо же соттолсо, бирок жазаны толук өтөбөсө, андан кийин жорук жасаса, сот жорук жана кылмыш үчүн дайындалган жазаларды, эгерде алар бир түрдөгү болсо, жазанын ушундай категориялары үчүн каралган мөөнөттүн максималдуу чегинде, же болбосо жазанын мындай түрүнүн максималдуу мөөнөтүнүн чектеринде жазаларды кошуп бириктириши мүмкүн. Сот тарабынан кылмыш жана жорук үчүн жазалардын ар кандай түрлөрү дайындалган учурда алар өз алдынча аткарылат.

ТРЕНИНГ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАҢЫ ЖАЗЫК МЫЙЗАМДАРЫ БОЮНЧА ЖАЗАЛАРДЫ ДАЙЫНДОО ИНСТИТУТУ

ТРЕНИНГДИН МАКСАТЫ

Кыргыз Республикасынын
жаңы Жазык кодекстери боюнча
жазык кылмыштары үчүн
жаза дайындоонун жаңы тартиби тууралуу билим берүү

2

КАРОО ЖАНА ҮЙРӨНҮҮ ҮЧҮН МАСЕЛЕЛЕР

1. Жаңы КР Жазык кодекстери боюнча жагдайларды жеңилдетүүчү жана оорлотуучу жазаларды дайындоонун жалпы түшүнүгү
2. Жаза дайындоонун атайын эрежелери

3